# Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тармагындагы Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын ЖЫЙНАГЫ

Бишкек – 2019

**Мазмуну**

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 2010-жылдын 27-июну (көчүрмө бөлүк) ....... 3

2. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодекси, 2016-жылдын 16-майы № 59 (көчүрмө бөлүк) ....... 5

3. Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамы, 2011-жылдын 15-июлу № 101 ....... 11

4. Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Мыйзамы, 2000-жылдын 13-январы № 3 ....... 47

5. Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө» Мыйзамы, 2014-жылдын 17-июлу № 139 ....... 57

6. Кыргыз Республикасынын «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» Мыйзамы, 2002-жылдын 15-марты № 37 ....... 68

7. Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн тартиби жөнүндө» Мыйзамы, 2013-жылдын 9-июлу № 127 ....... 77

Басылмага тиркелген компакт-дисктеги (CD) ченемдик-укуктук актылардын текстеринин электрондук түрү ....... 86

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯСЫ

(КР 2010-жылдын 27-июнундагы Мыйзамы менен колдонууга киргизилди)
(көчүрмө бөлүк)

## БИРИНЧИ БӨЛҮМ
## КОНСТИТУЦИЯЛЫК ТҮЗҮЛҮШТҮН НЕГИЗДЕРИ

**1-берене.**

1. Кыргыз Республикасы (Кыргызстан) – эгемендүү, демократиялык, укуктук, мамлекеттик башкарууга дин аралашпаган, унитардык, социалдык мамлекет.

2. Кыргыз Республикасы өзүнүн аймагында толук мамлекеттик бийликке ээ, ички жана тышкы саясатты өз алдынча жүргүзөт.

**2-берене.**

1. Кыргызстандын эли эгемендиктин ээси жана Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийликтин бирден-бир булагы болуп саналат.

2. Кыргызстандын эли өз бийлигин ушул Конституциянын жана мыйзамдардын негизинде түздөн-түз шайлоолордо жана референдумдарда, ошондой эле мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын системасы аркылуу жүзөгө ашырат.

3. Мыйзамдар жана мамлекеттик маанидеги башка олуттуу маселелер референдумга (бүткүл элдик добуш берүүгө) коюлушу мүмкүн. Референдумду өткөрүүнүн тартиби, референдумга коюлуучу маселелердин тизмеги конституциялык мыйзам менен белгиленет.

4. Шайлоо эркин болуп саналат.

Жогорку Кеңештин депутаттарын, Президентти, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынын депутаттарын шайлоо жалпы, тең жана түз шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү менен өткөрүлөт.

Кыргыз Республикасынын 18 жашка толгон жарандары шайлоого укуктуу.

5. Мамлекет мыйзамда белгиленген ар кайсы социалдык топтордун мамлекеттик органдардагы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарындагы, анын ичинде чечим чыгаруу деңгээлинде өкүлчүлүгү үчүн шарттарды түзөт.

**3-берене.**

Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик:

1) бүткүл эл тарабынан шайланган Жогорку Кеңеш жана Президент өкүл болгон жана камсыз кылган элдик бийликтин үстөмдүгүнүн;

2) мамлекеттик бийликти бөлүштүрүүнүн;

3) мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын эл алдындагы жоопкерчилигинин жана ачыктыгынын, өз ыйгарым укуктарын элдин кызыкчылыгында жүзөгө ашыруусунун;

4) мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш милдеттери менен ыйгарым укуктарын так ажыратуунун принциптерине негизденет.

## СЕГИЗИНЧИ БӨЛҮМ
## ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ

**110-берене.**

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – жергиликтүү жамааттардын жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыктарында жана өз жоопкерчилиги менен өз алдынча чечүүсүнүн ушул Конституция менен кепилденген укугу жана чыныгы мүмкүнчүлүгү.

2. Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу тиешелүү административдик-аймактык бирдиктин аймагында жергиликтүү жамааттар тарабынан жүзөгө ашырылат.

3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жарандардын жергиликтүү жамааттары тарабынан түздөн-түз же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аркылуу жүзөгө ашырылат.

4. Жергиликтүү өз алдынча башкарууну каржылоо тийиштүү жергиликтүү бюджеттен, ошондой эле республикалык бюджеттен камсыз кылынат.

5. Жергиликтүү бюджетти түзүү жана аткаруу ачык-айкындыктын, коомчулуктун катышуусунун, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү жамааттын алдындагы отчёттуулугунун принцибин сактоо менен жүзөгө ашырылат.

**111-берене.**

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын системасын төмөнкүлөр түзөт:

1) жергиликтүү кеңештер – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары;

2) айыл өкмөтү, шаарлардын мэриялары – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары жана алардын кызмат адамдары өз иштеринде жергиликтүү кеңешке отчёт беришет.

**112-берене.**

1. Жергиликтүү кеңештердин депутаттары тийиштүү административдик-аймактык бирдикте жашаган жарандар тарабынан бирдей мүмкүнчүлүктөрдү сактоо менен мыйзамда белгиленген тартипте шайланат.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын башчылары мыйзамда белгиленген тартипте шайланат.

3. Жергиликтүү кеңештер мыйзамга ылайык:

1) жергиликтүү бюджеттерди бекитет, алардын аткарылышын контролдойт;

2) жергиликтүү жамааттын социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн жана калкты социалдык коргоонун программаларын бекитет;

3) жергиликтүү салыктарды жана жыйымдарды киргизет, ошондой эле алар боюнча жеңилдиктерди белгилейт;

4) жергиликтүү маанидеги башка маселелерди чечет.

**113-берене.**

1. Мамлекеттик органдар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мыйзамда каралган ыйгарым укуктарына кийлигишүүгө укуксуз.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктар, аларды жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон материалдык, финансылык жана башка каражаттарды өткөрүп берүү менен ыйгарылышы мүмкүн. Мамлекеттик ыйгарым укуктар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мыйзамдын же келишимдин негизинде берилиши мүмкүн. Өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктар боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мамлекеттик органдарга отчёт беришет.

3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мамлекет жана анын органдарынын алдында мыйзамдардын аткарылышы үчүн, жергиликтүү жамааттын алдында – өз ишинин натыйжасы үчүн жоопкерчиликтүү болушат.

4. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өздөрүнүн укуктарынын бузулушуна байланыштуу соттук коргоо үчүн кайрылууга укуктуу.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БЮДЖЕТТИК КОДЕКСИ**

*2016-жылдын 16-майы № 59*

(көчүрмө бөлүк)

**13-берене. Жергиликтүү бюджеттер**

1. Жергиликтүү бюджет – айылдык аймактын жана шаардын жергиликтүү жамаатынын бюджети, аны түзүүнү, бекитүүнү, аткарууну жана контролдоону жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жүзөгө ашырат.

2. Жергиликтүү бюджеттер жергиликтүү кеңештердин ченемдик-укуктук актылары менен бекитилет.

**48-берене. Жергиликтүү бюджеттердин кирешелери**

Жергиликтүү бюджеттерге төмөнкүлөр түшөт:

1) белгиленген ченемдер боюнча жалпы мамлекеттик кирешелерден чегерүүлөр;

2) жер салыгы;

3) мүлккө салык;

4) жергиликтүү бюджеттен берилген бюджеттик насыялар боюнча пайыздар;

5) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын акциялардагы үлүштөрүнө кошуп эсептелинген дивиденддер;

6) муниципалдык ишканалардын пайдаларынан чегерүүлөр;

7) муниципалдык менчикте турган мүлктү ижарага берүүдөн кирешелер;

8) жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияларды кармагандыгы үчүн төлөм;

9) калктуу конуштардын таштандыларын чыгаруу үчүн төлөм;

10) жайыттарды пайдалангандыгы үчүн төлөм;

11) муниципалдык акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшүүлөр;

12) муниципалдык лотереяларды өткөрүүдөн каражаттар жана лотереялык иштерди жүзөгө ашыруу үчүн төлөм;

13) автотранспортту парковкалоо жана токтотуу үчүн төлөм;

14) соттун чечими боюнча зыяндын ордун толтуруу суммасын кошуп алганда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, алардын ведомстволук караштуулугундагы мекемелер тарабынан материалдык, административдик жоопкерчилик чараларын колдонуунун натыйжасында алынуучу каражаттар;

15) юридикалык жана жеке жактар тарабынан акысыз жана ыктыярдуу негизде жергиликтүү бюджетке берилүүчү каражаттар;

16) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан алынган расмий трансферттер;

17) административдик, анын ичинде мамлекеттик органдар тарабынан салынган айыптар;

18) аңчылык жаныбарларын атайын пайдаланганы үчүн төлөө;

19) Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен аныкталуучу салыктык эмес башка төлөмдөр.

**51-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чыгаша милдеттенмелери**

1. Жергиликтүү бюджеттен төмөнкүдөй иш-чараларга чыгашалар жүзөгө ашырылат:

1) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жергиликтүү маанидеги маселелерди жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан чечүүсүнө;

2) билим берүүнүн, саламаттык сактоонун, эс алуу, маданият, социалдык коргоонун, турак жай жана коммуналдык чарбачылыктын, айлана-чөйрөнү коргоонун муниципалдык ишканаларын, мекемелерин күтүүгө;

3) бюджеттик ссудаларды берүү жана тындыруу, капиталдык салымдар түрүндө инвестициялар бюджетин ишке ашыруу жана дем берүүчү (үлүштүк) гранттар, муниципалдык баалуу кагаздарды чыгаруу менен байланышкан бардык операцияларды кошуп алганда, жергиликтүү бюджеттен каржылоого жаткан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ченемдик-укуктук актылары менен аныкталган иш-чараларга.

2. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууда келип чыгуучу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чыгаша милдеттенмелери республикалык бюджеттин максаттуу трансферттеринин эсебинен аткарылат.

**52-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башка формаларын жүзөгө ашырууга чыгашалар**

Курултайларды, чогулуштарды, жарандардын жыйындарын өткөрүүгө жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башка формаларын жүзөгө ашырууга кетүүчү чыгашалар жергиликтүү жааматтардын уставдарына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү кеңештин чечиминин негизинде жергиликтүү бюджеттин эсебинен жүргүзүлөт.

**78-берене. Жергиликтүү кеңештердин компетенциясы**

Жергиликтүү кеңештер бюджеттик мамилелерди жөнгө салуу жаатында:

1) аймактарды социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын кабыл алышат жана алардын аткарылышын контролдоону жүзөгө ашырышат;

2) жергиликтүү бюджеттин негизги багыттарын жана артыкчылыктарын аныкташат;

3) муниципалдык карыздын четки көлөмүн жана ага өзгөртүүлөрдү кошуп алганда жергиликтүү бюджетти бекитет;

4) жергиликтүү бюджеттин аткарылышынын жүрүшү жөнүндө маалыматты угат жана анын аткарылышы жөнүндө отчётту бекитишет;

5) ушул Кодекстин жоболоруна жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, муниципалдык баалуу кагаздарды чыгаруу, бюджеттик ссудаларды жана максаттуу трансферттерди берүү/тартуу жөнүндө чечимдерди кабыл алышат;

6) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары менен биргеликте жергиликтүү бюджеттердин долбоорлору боюнча коомдук угууларды уюштурушат жана өткөрүшөт;

7) ушул Кодекстин жоболорунда каралган башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырышат.

**79-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын компетенциясы**

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары бюджеттик мамилелерди жөнгө салуу жаатында:

1) аймактарды социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын ишке ашырууну иштеп чыгышат жана камсыз кылышат;

2) жергиликтүү бюджеттердин долбоорлорун түзүшөт жана жергиликтүү кеңештер бекиткенден кийин аларды аткарууну камсыз кылышат;

3) жергиликтүү бюджеттердин аткарылышы жөнүндө ар кварталдык жана жылдык отчётторду жергиликтүү кеңештердин кароосуна беришет;

4) жергиликтүү кеңештердин чечими боюнча муниципалдык баалуу кагаздарды чыгарууну жүзөгө ашырышат;

5) жергиликтүү кеңештердин чечими боюнча бюджеттик ссудаларды/насыяларды берүүнү/тартууну жүзөгө ашырышат;

6) ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын суроо-талабы боюнча бюджеттик табыштаманы жана бюджет аралык трансферттерди алуунун зарылдыгы жөнүндө негиздемени даярдашат, алардын пайдаланылышы боюнча отчёттуулукту, жергиликтүү бюджеттердин аткарылышы жөнүндө отчётту жана башка маалыматты беришет;

7) ал каражаттарды алуучулар боюнча бюджет аралык трансферттердин максаттуу пайдаланылышынын майнаптуулугун камсыз кылышат;

8) жергиликтүү кеңештер менен биргеликте жергиликтүү бюджеттердин долбоорлору боюнча коомдук угууларды уюштурушат жана өткөрүшөт;

9) ушул Кодекстин жоболорунда каралган башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырышат.

**88-берене. Шаарларды жана айыл аймактарын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн программалары**

1. Социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы – шаарларды жана айыл аймактарын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн максаттарын, милдеттерин жана иш-чараларын камтыган, алдыдагы мезгилге фискалдык саясаттын негизги багыттарын жана артыкчылыктарын аныктаган документ.

2. Социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларын аткаруу органдары тарабынан иштелип чыгат жана ушул Кодекстин талаптарына ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары тарабынан бекитилет, өткөн эки жылдын иш жүзүндөгү көрсөткүчтөрүн, учурдагы жылга күтүлүүчү бааны жана кийинки үч жылга болжолду камтыйт.

Өнүктүрүү программасынын үч жылдык мезгилинин биринчи жылы кезектеги бюджеттик жылга жергиликтүү бюджеттин долбоорун түзүү үчүн негиз болуп саналат. Экинчи жана үчүнчү жылдар кезектеги үч жылдык мезгилге социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолдонгон программасынын ориентири болуп саналат.

3. Социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларына төмөнкүлөр кирет:

1) Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн болжолун эске алуу менен өнүгүүнүн социалдык-экономикалык болжолун;

2) алдыдагы мезгилге орто мөөнөттүү бюджеттин долбоорун, ал төмөнкүлөр боюнча ирилештирилген көрсөткүчтөрдү камтыйт;

а) алардын түрлөрүнүн жана булактарынын чегинде бюджеттин ресурстары;

б) бюджеттин чыгашалары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бюджеттик программаларынын чеги;

в) бюджеттин теңдештирилгендиги;

г) муниципалдык карыз.

3) социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасына карата түшүндүрмө кат;

4) мүмкүн болуучу бюджеттик тобокелдиктерди жана милдеттенмелерди баалоо.

4. Аймактардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн болжолу өзгөргөн учурда өнүгүү программасы, жергиликтүү бюджеттердин долбоорлорун түзүүнүн, кароонун, бекитүүнүн жана аларга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнүн процессинде ресурстардын жана чыгашалардын болжолу такталууга жатат.

5. Социалдык-экономикалык өнүктүрүү программалары жана жергиликтүү бюджеттердин артыкчылыктары кезектеги бюджеттик жылдан мурунку жылдын 1-июнунан кечикти-

рилбестен жергиликтүү кеңештер тарабынан бекитилет. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларынын долбоорлорун талкуулоо боюнча коомдук угууларды өткөрөт.

**95-берене. Жергиликтүү бюджеттердин долбоорлорун түзүүнүн тартиби**

1. Кезектеги бюджеттик жылга жана болжолдонгон мезгилге жергиликтүү бюджеттердин долбоорлору Өкмөт тарабынан бекитилген республикалык бюджеттин долбоорун түзүүнүн календардык планын эске алуу, ушул Кодекстин талаптарын сактоо менен тиешелүү жергиликтүү кеңештер белгилеген тартипке жана мөөнөттөргө ылайык түзүлөт.

2. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган кезектеги бюджеттик жылдын алдындагы жылдын 15-июлунан кечиктирбестен, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына төмөнкүлөрдү жиберет:

1) бюджеттик процесстин календардык планын;

2) жергиликтүү бюджеттерди түзүү боюнча усулдук сунуштамаларды;

3) жалпы мамлекеттик кирешелердин суммасынын болжолун;

4) жалпы мамлекеттик кирешелерден жергиликтүү бюджеттерге чегерүүлөрдүн болжолдуу ченемдерин;

5) бюджеттер аралык трансферттердин көлөмүн.

3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары тарабынан түзүлгөн жана жергиликтүү кеңештер менен макулдашылган жергиликтүү бюджеттин долбоорлору ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга, кезектеги бюджеттик жылдын алдындагы жылдын 1-октябрынан кечиктирилбестен берилет.

4. Республикалык бюджетти бекиткенден кийин, ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган такталган көлөмдөрдүн жана жалпы мамлекеттик кирешелерден чегерүүлөрдүн ченемдеринин долбоорлорун, бюджеттер аралык трансферттердин өлчөмдөрүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына 10 күндүн ичинде жиберет.

5. Жергиликтүү бюджеттердин такталган долбоорлорун жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары жергиликтүү кеңештердин кароосуна жана бекитүүсүнө кезектеги бюджеттик жылдын алдындагы жылдын 1-ноябрынан кечиктирбестен киргизет.

6. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары кирешелерди башкаруунун жыйынды планын түзүү жана мамлекеттик бюджетти кассалык аткаруу үчүн кирешелердин жана чыгашалардын бекитилген сметасы менен жергиликтүү кеңештердин чечимдерин бюджеттик классификация форматында ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга берет.

**102-берене. Жергиликтүү бюджеттерди кароо жана бекитүү**

1. Жергиликтүү бюджеттердин долбоорлору алдын ала жергиликтүү кеңештердин бюджеттик комиссиялары тарабынан каралат.

Бюджеттик комиссия – бюджеттин долбоорун өз убагында жана сапаттуу түзүүнү, бюджетти тактоо жана аткаруу боюнча сунуштарды иштеп чыгууну камсыз кылуучу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын туруктуу комиссиясы.

Бюжеттик комиссиялар:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын түзүмдүк бөлүкчөлөрүнүн, муниципалдык ишканалардын жана мекемелердин жетекчилеринин маалыматтарын угат, жергиликтүү бюджеттин кирешелерин жана чыгашаларын өзгөртүүгө тийиштүү сунуштарды карайт;

- жергиликтүү бюджеттин долбоору боюнча корутундуларды жана сунуштамаларды, жергиликтүү кеңештердин кароосуна берет.

2. Бюджеттик комиссиялар тарабынан бюджеттин чыгашаларын көбөйтүү же анын кирешелерин азайтуу жөнүндө чечим кабыл алынганда милдеттүү тартипте кошумча чыгашаларды каржылоонун конкреттүү булактары белгиленет.

3. Жергиликтүү кеңештер кезектеги бюджеттик жылга жана болжолдонгон мезгилге жергиликтүү бюджеттердин долбоорлорун, бюджеттик комиссиялардын корутундуларын карайт жана жергиликтүү бюджеттерди төмөнкү параметрлерди: кирешелерди, чыгашаларды, республикалык бюджеттен бөлүнүп берилүүчү теңдештирүүчү гранттардын өлчөмүн республикалык бюджетти бекиткенден кийин, бир айдан кечиктирилбеген мөөнөттө бекитет.

4. Бекитилген жергиликтүү бюджеттер ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга кабыл алынгандан кийин, 14 календардык күндүн ичинде берилет.

**117-берене. Жергиликтүү бюджеттерди түзүү, кароо жана аткаруу жөнүндө отчётту бекитүү**

Жергиликтүү бюджеттерди аткаруу жөнүндө отчёттор жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы тарабынан түзүлөт жана тиешелүү жергиликтүү кеңештер тарабынан төмөнкү параметрлер: кирешелер, чыгашалар, республикалык бюджеттен бөлүнүп берилүүчү трансферттер боюнча бекитилет.

Жергиликтүү бюджеттердин аткарылышы жөнүндө бекитилген жылдык отчёттор ыйгарым укуктуу органга отчёттук жылдан кийинки жылдын 1-мартынан кечиктирилбеген мөөнөттө берилет.

**126-берене. Жарандык бюджет**

1. Жарандык бюджет ушул berененин экинчи бөлүгүнүн жобосу менен каралган маалыматтарды (бюджеттик параметрлер, белгилүү бир каржылык мезгилге карата артыкчылыктар жана чечимдер жөнүндө) түшүнүктүү жана жөнөкөйлөтүлгөн формада баяндоону билдирет. Жарандык бюджет атайын билими жокторду кошуп алганда, жарандарга мамлекеттик каржылар жөнүндө маалымат алууга мүмкүндүк берет.

2. Жарандык бюджет мамлекеттик жашыруун сырларды коргоо жаатындагы Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары менен белгиленген чектөөлөрдү эске алуу менен, Өкмөт тарабынан бекитилген усулга ылайык түзүлөт жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын сайтына жайгаштырылат.

**127-берене. Коомдук бюджеттик угуулар**

1. Коомдук бюджеттик угуулар – бул коомдук пикирди иликтөө, сунуштарды, сунуштамаларды алуу жана калктын кызыкчылыктарын эске алуу менен чечимдерди кабыл алуу үчүн аткаруу бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын демилгеси боюнча өткөрүлүүчү Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун бюджеттердин түзүүнүн жана аткаруунун маселелерин ачык талкуулоо формасындагы иш-чара.

2. Коомдук бюджеттик угууларга материалдар коомдук бюджеттик угууларды өткөргөнгө чейин 10 күн мурда тиешелүү мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын расмий веб-сайтында жарыяланууга тийиш.

3. Мамлекеттик орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы коомдук бюджеттик угуулардын катышуучуларын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүн (зарыл болгон учурда) каттоону, протокол жүргүзүүнү жана жыйынтыктоо документтерин жол-жоболоштурууну камсыз кылат.

4. Мамлекеттик орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы коомдук бюджеттик угуулардын жыйынтыктары боюнча коомдук бюджеттик угуулардын катышуучуларынан

түшкөн сунуштарды жалпылайт, аларды кароонун натыйжалары боюнча кабыл алынган чечимдер жөнүндө аларга жоопторду жиберет.

**129-берене. Бюджеттик айкындуулукка баа берүү көрсөткүчтөрү**

1. Бюджеттик айкындуулуктун деңгээлин жана коомчулуктун бюджеттик маалыматка жетүүсүн баалоо үчүн Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бюджеттик индекстерди пайдаланат.

2. Республикалык бюджеттин ачыктыгынын индекси көз карандысыз эл аралык уюм тарабынан бааланат. Көз карандысыз баалоонун натыйжалары боюнча республикалык бюджеттин айкындуулугунун өсүшүн камсыз кылуу үчүн Өкмөт тарабынан чаралар көрүлөт.

3. Бюджеттик айкындуулуктун муниципалдык индекси Өкмөт тарабынан кабыл алынган усулга ылайык коммерциялык эмес уюмдар (жарандардын демилгечи топтору) тарабынан бааланат. Коомдук баалоонун натыйжалары жергиликтүү бюджеттердин айкындуулугунун өсүшүн камсыз кылуу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан эске алынат.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН

## «ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ЖӨНҮНДӨ» МЫЙЗАМЫ

2011-жылдын 15-июлу № 101

### 1-глава
### Жалпы жоболор

**1-берене. Ушул Мыйзам менен жөнгө салынуучу мамилелер**

1. Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык бирдиктеринин деңгээлинде жергиликтүү бийликти уюштуруунун принциптерин белгилейт, көпчүлүктүн бийлигин жүзөгө ашыруудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ролун аныктайт, алардын ишинин уюштуруучулук жана укуктук негиздерин бекитет, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана мамлекеттик бийлик органдарынын өз ара мамилелеринин компетенциясын жана принциптерин, жергиликтүү жамааттардын өз алдынча башкаруу укугунун мамлекеттик кепилдиктерин белгилейт.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруунун өзгөчөлүктөрү, Бишкек жана Ош шаарларында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын түзүүнүн тартиби бул шаарлардын статусу жөнүндө Кыргыз Республикасынын өзүнчө мыйзамдарында белгиленет.

Чек арадагы, бийик тоолуу, алыскы аймактардагы өз алдынча башкарууну уюштуруунун өзгөчөлүктөрү, алардын иш-милдеттери жана ыйгарым укуктары, мамлекеттик бийлик органдары менен өз ара мамилелери бул аймактардын статусу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленет.

3. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жергиликтүү бийлик органдарынын башка ыйгарым укуктары белгилениши мүмкүн.

**2-берене. Негизги түшүнүктөр жана терминдер**

Ушул Мыйзамда төмөнкү түшүнүктөр жана терминдер пайдаланылат:

**жергиликтүү жамаат** – административдик-аймактык бирдиктин аймагында туруктуу жашаган, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү жана аткаруу органдары аркылуу жергиликтүү маанидеги маселелерди өзүнүн жоопкерчилигинде чечүү кызыкчылыктары менен бириккен Кыргыз Республикасынын жарандарынын тобу;

**жергиликтүү жамааттын мүчөсү** – административдик-аймактык бирдиктин аймагында туруктуу жашаган Кыргыз Республикасынын жараны;

**шаар, айылдык аймак** – жергиликтүү жамаат чек араларында жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашыруучу административдик-аймактык бирдик. Шаар, айылдык аймак бир же бир нече калктуу конуштардын турушу мүмкүн;

**муниципалдык менчик** – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ээлигинде, пайдалануусунда, тескөөсүндө турган, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кирешелерди алуу булагы катары кызмат кылуучу жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш-милдеттерин жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон жергиликтүү жамааттардын менчиги;

**муниципалдык кызмат** – жарандардын кесипкөй жана акы төлөнүүчү негизде жүзөгө ашырылуучу, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү жана аткаруу органдарындагы иштери;

**жергиликтүү маанидеги маселелер** – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары тарабынан жарандардын тикелей эрк-ниетин билдирүү жолу менен чечилүүчү, тиешелүү аймактагы калктын турмуш-тиричилигин камсыз кылуу маселелери;

**жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары** – жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнү камсыз кылуучу өкүлчүлүктүү, аткаруучу органдар;

**жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы** – тиешелүү административдик-аймактык бирдиктин калкы тарабынан тике шайлануучу жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү ыйгарым укуктары берилген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун шайлануучу коллегиялуу органы. Айылдык аймактарда жана шаарларда жергиликтүү кеңештер жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары болуп саналат;

**жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышы** – тиешелүү административдик-аймактык бирдиктин, райондун жергиликтүү кеңештеринин депутаттарынын чогулушу;

**жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы** – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын чечимдерин даярдоону жана аткарууну камсыз кылуу үчүн түзүлгөн орган. Шаарлардын мэриялары, айыл өкмөттөрү жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары болуп саналат;

**жергиликтүү өз алдынча башкаруунун шайлануучу кызмат адамы** – калк же жергиликтүү кеңеш тарабынан түздөн-түз шайланган жаран;

**айыл өкмөтүнүн башчысы** – шайлануучу кызмат адамы, айыл аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын жетекчиси;

**айыл башчысы** – айыл өкмөтүнүн чечими менен берилген иш-милдеттерди аткаруучу дайындалуучу кызмат адамы;

**мэр** – шаардын шайлануучу кызмат адамы, шаардын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын жетекчиси;

**мэрия** – шаардагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын иш-милдеттерин жүзөгө ашыруу боюнча мэрдин ишин камсыз кылуу үчүн түзүлгөн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы;

**жергиликтүү мамлекеттик администрация** – райондун аймагындагы аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы;

**жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысы** – райондун акими;

**жарандардын жыйыны** – калктын алар боюнча жергиликтүү жамааттын уставына ылайык сунуштамаларды же чечимдерди кабыл алуу менен, бир көчөнүн, бир кварталдын, кичи райондун же айылдын аймагында жашаган тургундардын чогулушунда аларды талкуулоо жолу менен жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө катышуусунун тикелей формасы;

**жергиликтүү жамааттын курултайы** – жалпы кызыкчылыктагы маселелерди талкуулоо максатында жергиликтүү жамааттардын өкүлдөрүнүн чогулушу;

**берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар** – ушул Мыйзамда белгиленген тартипте жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүп берилген айрым мамлекеттик ыйгарым укуктар;

**жергиликтүү жамааттын (шаардын, айыл аймагынын) уставы** – жергиликтүү кеңештин ченемдик-укуктук актысы менен бекитилүүчү жана тиешелүү аймакта калктын турмуш-тиричилигинин маселелери боюнча жергиликтүү жамааттын ортосундагы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара мамилелерин жөнгө салуучу акт;

**функция** – калкка кызматтарды көрсөтүүгө байланышкан, мамлекеттик бийлик органдарынын жана (же) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш чөйрөсү;

**компетенция** – мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын юридикалык жактан белгиленген укуктарынын жана милдеттеринин жыйындысы;

**ыйгарым укуктар** – мамлекеттик бийлик органдарынын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өздөрүнө жүктөлгөн иш-милдеттерди аткарууга багытталган белгилүү бир ишти жүзөгө ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган укугу;

**консультациялык-укуктук жардам** – Кыргыз Республикасынын укуктук тутуму, укук субъекттеринин укуктары жана милдеттери, соттук жана соттон тышкаркы тартипте укуктарды ишке ашыруу жана пайдалануу ыкмалары жөнүндө маалымдоо; укук маселелери боюнча консультациялоо; укуктук мүнөздөгү документтерди түзүүгө жардам берүү; квалификациялуу юридикалык жардамдын аныктамасына туш келбеген, мазмуну «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында аныкталган жардамдын башка түрлөрү.

*(КР 2012-жылдын 3-августундагы № 149, 2014-жылдын 21-ноябрындагы № 158, 2016-жылдын 12-декабрындагы № 196 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## 2-глава
## Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун принциптери, түзүмү жана уюштуруучулук негиздери

### 3-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун принциптери

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу төмөнкү принциптерде жүзөгө ашырылат:

1) мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш-милдеттеринин жана ыйгарым укуктарынын ажырымдоонун;

2) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү жамааттын алдында ачыктыгы жана жоопкерчиликтүүлүгү жана алардын өз иш-милдеттерин жергиликтүү жамааттын кызыкчылыктарында жүзөгө ашырышы;

3) мыйзамдуулук жана социалдык адилеттүүлүк;

4) өзүн-өзү камсыз кылуу, өзүн-өзү жөнгө салуу жана өзүн-өзү каржылоо;

5) жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тутуму аркылуу, ошондой эле жарандардын жыйындары, чогулуштары жана курултайлары аркылуу эрктерин билдириши;

6) жергиликтүү жамааттардын укуктарын жана мыйзамда корголгон кызыкчылыктарын коргоо;

7) коомдук ой-пикирдин ачыктыгы жана эсепке алынышы;

8) тиешелүү маселелерди чечүүдө коллегиялуулук, эркин талкуулоо;

9) өзүнүн компетенциясындагы маселелерди чечүүдө жергиликтүү кеңештердин көз карандысыздыгы.

10) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан кабыл алынуучу ченемдик-укуктук актылардын мониторингин жана аларга баа берүүнү туруктуу негизде жүргүзүү.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мамлекеттик жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө катышууда Кыргыз Республикасынын жарандарынын конституциялык укуктарын ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүү боюнча мамлекеттик бийлик органдары менен өз ара тыгыз байланышта иштейт.

*(КР 2014-жылдын 18-февралындагы № 35 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 4-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу

1. **Жергиликтүү өз алдынча башкаруу** – жергиликтүү жамааттын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталган өз кызыкчылыктарындагы жана өз жоопкерчилигиндеги өз алдынча иш-аракеттери.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жергиликтүү жамааттар тарабынан айылдык аймактын жана шаардын өкүлчүлүктүү жана аткаруу органдары аркылуу, ошондой эле жарандардын түздөн-түз катышуу жолу менен жүзөгө ашырылат.

*(КР 2012-жылдын 3-августундагы № 149 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**5-берене. Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашыруу укугу**

1. Жарандар жынысына, расасына, этностук тиешелүүлүгүнө, тилине, тегине, мүлктүк жана кызматтык абалына, динге мамилесине, ынанымдарына, коомдук бирикмелерге тиешелүүлүгүнө карабастан, түздөн-түз жана өз өкүлдөрү аркылуу дагы жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырууга бирдей укуктарга ээ.

2. Жарандар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоого жана шайланууга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана алардын кызмат адамдарына кайрылууга, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иши жөнүндө маалымат алууга укуктуу.

3. Чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоо жана шайлануу укуктарын кошпогондо, Кыргыз Республикасынын жарандарындай эле укуктарга жана милдеттерге ээ болушат.

**6-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тутуму**

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тутумун төмөнкүлөр түзөт:

1) жергиликтүү кеңештер (айылдык жана шаардык) – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары;

2) айыл өкмөтү, шаарлардын мэриялары – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары.

*(КР 2012-жылдын 3-августундагы № 149 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**7-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашыруунун формалары**

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жергиликтүү жамааттын жергиликтүү өз алдынча башкарууга өкүлчүлүктүү жана тикелей катышуу формаларында жүзөгө ашырылат.

2. Жергиликтүү жамааттын жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырууга өкүлчүлүктүү катышуусу жергиликтүү кеңештер аркылуу ишке ашырылат. Жергиликтүү жамааттын уставында каралган учурларда, шаардын же айыл аймагынын жергиликтүү жамаатынын өкүлчүлүктүү катышуусу, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын башчысы аркылуу жүзөгө ашырылат.

3. Жергиликтүү жамааттын жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырууга тикелей катышуусу төмөнкү формада жүзөгө ашырылат:

1) коомдук жана мамлекеттик турмуштун бардык маанилүү маселелерин жана жергиликтүү маанидеги маселелерди жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн чогулуштарында (жыйындарында) талкуулоо;

2) жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо;

3) ченем чыгаруу демилгесин көтөрүүгө жана/же жергиликтүү маанидеги өзгөчө маанилүү маселелер боюнча тикелей добуш берүүгө катышуу.

**8-берене. Муниципалдык кызмат**

1. Кыргыз Республикасынын жарандары жынысына, расасына, улутуна, тилине, тегине, мүлктүк жана кызматтык абалына, турган жерине, динге мамилесине, ынанымдарына карабастан муниципалдык кызматка жетүүдө бирдей укукка ээ.

2. Муниципалдык кызматты уюштуруунун жана өтөөнүн тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жөнгө салынат.

**9-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жагындагы мамлекеттик саясат**

1. Мамлекеттик бийлик органдары жергиликтүү өз алдынча башкаруунун калыптанышы жана өнүгүшү үчүн зарыл болгон укуктук, уюштуруучулук, материалдык-каржылык шарттарды түзөт жана калкка жергиликтүү өз алдынча башкаруу укугун жүзөгө ашырууга көмөк көрсөтөт.

2. Жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарына тикелей тиешелүү маселелер боюнча чечимдерди даярдоодо жана кабыл алууда мамлекеттик бийлик органдары, мыйзамда белгиленген тартипте жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын ассоциациялары жана жергиликтүү жамааттардын бирлештиктери менен консультацияларды жана талкууларды өткөрөт.

3. Жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарына тикелей тиешелүү маселелер боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мамлекеттик бийлик органдарына жиберилүүчү расмий кайрылуулары аларда коюлган маселелердин маңызы боюнча милдеттүү түрдө каралууга тийиш.

4. Мамлекеттик бийлик органдары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштеринин мыйзамдуулугуна ченемдик-укуктук актыларда белгиленген көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырат.

*(КР 2012-жылдын 19-июнундагы № 87 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**10-берене. Мамлекеттик бийлик органдарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу жагындагы ыйгарым укуктары**

Мамлекеттик бийлик органдарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу жагындагы ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

1) жергиликтүү өз алдынча башкаруу жагында мыйзамдарды кабыл алуу жана алардын бир түрдүү аткарылышын жана сакталышын көзөмөлдөө;

2) жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн мамлекеттик программаларын кабыл алуу;

3) жергиликтүү өз алдынча башкаруу жагындагы Кыргыз Республикасынын Конституциясында (мындан ары – Конституция) жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген мамлекеттин милдеттерин жүзөгө ашыруунун кепилдиктерин камсыз кылуу;

4) мамлекеттик менчик объекттерин муниципалдык менчикке өткөрүп берүүнүн тартибин мыйзамдарга ылайык жөнгө салуу;

5) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына тиешелүү мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү, ошондой эле аларга мыйзамга же келишимге ылайык айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды, көрсөтүлгөн мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон материалдык жана финансылык каражаттарды өткөрүп берүү, берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын жана каражаттардын ишке ашырышын көзөмөлдөө;

6) мамлекеттик минималдуу социалдык ченемдерди белгилөө жана камсыз кылуу;

7) мектепке чейинки билим берүүнү, мектептик жана кесиптик билим берүүнү мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык камсыз кылуу;

8) саламаттык сактоону мамлекеттик стандарттарга ылайык камсыз кылуу;

9) республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин ортосундагы мамилелерди жөнгө салуу, максималдуу бюджеттик камсыз кылуунун негизинде жергиликтүү бюджеттердин тең салмактуулугун камсыз кылуу;

10) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мамлекеттик бийлик органдары тарабынан кабыл алынган чечимдердин натыйжасында пайда болгон кошумча чыгымдарынын ордун толтуруу;

11) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун каржылык өз алдынчалыгынын мамлекеттик кепилдиктерин камсыз кылуу;

12) административдик-аймактык бирдиктерди түзүүнүн, бириктирүүнүн, кайра түзүүнүн жана жоюунун тартибин белгилөө жана өзгөртүү, мамлекеттин административдик-аймактык түзүлүшүн эске алуу менен алардын чек араларын, ошондой эле алардын аталыштарын белгилөө жана өзгөртүү;

13) мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосунда, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, анын ичинде ар кыл аймактык деңгээлдердин ортосундагы чектөөнүн жана алып баруу предметтерин жана ыйгарым укуктарды чектөөнүн тартибин белгилөө;

14) жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашыруу укугун камсыз кылуу жана коргоо;

15) жергиликтүү шайлоолорду өткөрүүнүн тартибин жана аларды өткөрүүдө жарандардын шайлоо укуктарынын мамлекеттик кепилдиктерин белгилөө;

16) соттук коргоонун тартибин белгилөө жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укуктарын соттук коргоо;

17) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын мыйзамдарды бузгандыгы үчүн жоопкерчиликтерин жөнгө салуу жана белгилөө;

18) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын ишинде мыйзамдуулуктун сакталышына прокурордук көзөмөлдү жүзөгө ашыруу;

19) мамлекеттин коопсуздугун камсыз кылуунун зарылдыгы менен шартталган өзгөчө статусу бар аймактарда жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруунун өзгөчөлүктөрүн мыйзамга ылайык жөнгө салуу;

20) тиешелүү тарыхый жана башка жергиликтүү салттар менен шартталган айрым аймактарда жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруунун өзгөчөлүктөрүн мыйзамдарга, ошондой эле ушул Мыйзамга ылайык жөнгө салуу;

21) жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырууга байланышкан маселелер боюнча административдик укук бузуулар жөнүндө мыйзамдарды кабыл алуу жана өзгөртүү;

22) жергиликтүү жамааттардын уставдарын каттоонун тартибин белгилөө;

23) мамлекеттик жана гуманитардык жардамдын материалдык, акчалай жана башка түрлөрүн бөлүштүрүүнү уюштуруу;

24) ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин, башка чарба жүргүзүүчү субъекттердин курчап турган чөйрөнү сактоо жөнүндө мыйзамдарды аткаруулары, жерди жана жаратылыш ресурстарын пайдалануулары, шаар куруу жана архитектура ченемдерин жана эрежелерин, санитардык ченемдерди сактоолору, экологиялык иш-чараларды жүргүзүүлөрү боюнча иштерин мыйзамдарда белгиленген тартипте көзөмөлдөө;

25) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу.

*(КР 2011-жылдын 30-ноябрындагы № 228 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**11-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын токтото туруу**

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Конституцияга, белгиленген тартипте кабыл алынган Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана башка ченемдик-укуктук актыларына ылайык келбеген актыларды чыгарууга, конституциялык түзүлүшкө жана улуттук коопсуздукка тикелей коркунуч келтирүүчү аракеттерди жасоого, ошондой эле мамлекеттин аймактык бүтүндүгүн бузууга, улуттар аралык жана диний араздашууну үгүттөөгө жана козутууга багытталган башка аракеттерди жасоого укуксуз.

2. Ушул берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн тартип бузуулар жасалган учурда, Кыргыз Республикасынын Президенти (мындан ары – Президент) Кыргыз Республикасынын Өкмөтү (мындан ары – Өкмөт) Конституцияда, өзгөчө абал жөнүндө конституциялык мыйзамда каралган чараларды көрүүгө, анын ичинде буга күнөөлүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин токтото турууга жана соттук чечим чыгарылганга чейин ушул аймакка тикелей мамлекеттик башкаруу киргизүүгө укуктуу. Тикелей мамлекеттик башкаруу киргизүүнүн тартиби жана мындай башкаруунун режими Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Өкмөт тарабынан аныкталат.

3. Тикелей мамлекеттик башкарууну киргизүү менен Өкмөт анын аткарылышын камсыз кылат жана зарыл болгондо тиешелүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укук ченемсиз актыларын жокко чыгаруу үчүн сот органдарына кайрылат.

4. Сот тартибинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан ушул берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн иш-аракеттердин жасалган фактысы аныкталган учурда, Президент жергиликтүү кеңешти таратууга жана кеңештин жаңы курамына шайлоо жарыялоого укуктуу.

5. Жергиликтүү кеңеш, ошондой эле Президент тарабынан ушул Мыйзамда каралган учурларда да таратылышы мүмкүн.

**12-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өздөрү кабыл алынган чечимдери үчүн жоопкерчилиги**

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кабыл алынган чечимдердин мыйзамдуулугу үчүн жоопкерчилик тартышат.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аракеттеринин же аракетсиздигинин натыйжасында келип чыккан юридикалык жана жеке жактардын бузулган укуктарын калыбына келтирүү боюнча талаш-тартыштар, ошондой эле келтирилген зыяндын ордун толтуруп берүү сот тартибинде чечилет.

**13-берене. Жергиликтүү жамааттардын коомдук бирикмелери, ассоциациялары жана бирлештиктери**

1. Жергиликтүү жамааттар өз ара жардамдашуу, социалдык, экономикалык жана маданият милдеттерди биргелешип чечүү, өз укуктарын жана кызыкчылыктарын кыйла натыйжалуу жүзөгө ашыруу максатында, өз иштерин координациялоо үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте жана формаларда коммерциялык эмес уюмдарды түзүүгө укуктуу.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тутумуна кирбеген уюмдарга жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарынын берилиши мүмкүн эмес.

3. Жергиликтүү жамааттар эл аралык бирлештиктерге жана жергиликтүү жамааттардын ассоциацияларына кирүүгө укуктуу, бирок мында мамлекеттин атынан чыгууга укуксуз.

**14-берене. Жергиликтүү ченем чыгаруу (элдик) демилгеси**

1. Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча ченем чыгаруу демилгесине укуктуу. Жергиликтүү ченем чыгаруу демилгесин ишке ашыруунун тартиби мыйзамга ылайык жергиликтүү жамааттын уставында аныкталат. Жергиликтүү (элдик) ченем чыгаруу демилгеси тартибинде жергиликтүү кеңешке киргизилген жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча ченемдик-укуктук актылардын долбоорлору демилгечилеринин жана тиешелүү жергиликтүү жамааттын өкүлдөрүнүн милдеттүү катышуусу менен каралууга тийиш.

2. Жергиликтүү ченем чыгаруу (элдик) демилге укугуна жергиликтүү жамааттын үчтөн биринен кем эмес мүчөсү ээ болот.

*(КР 2012-жылдын 3-августундагы № 149 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**15-берене. Жергиликтүү жамааттардын уставдары**

1. Жергиликтүү жамааттардын уставдары тиешелүү жергиликтүү жамааттын чогулуштарында (жыйындарында) же курултайларында талкуунун натыйжалары боюнча тиешелүү жергиликтүү кеңештер тарабынан кабыл алынат. Уставды бекитүү жөнүндө чечим тиешелүү жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынууга тийиш.

2. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, жергиликтүү жамааттын уставы жергиликтүү жамааттын ички турмуш-тиричилигинин негизги принциптерин жана эрежеле-

рин регламенттейт, жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн укуктарын жана милдеттерин карайт, жергиликтүү жамааттын бюджеттик процесстерге жана башка маселелерге катышуусун жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жөнгө салынбаган жергиликтүү өз алдынча башкаруу ишинин башка маселелерин кошуп алганда, жергиликтүү жамааттын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө өз ара мамилелеринин тартибин аныктайт.

3. Мурда кабыл алынган уставдарга өзгөртүүлөр жана толуктоолор чогулуштарда (жыйындарда) же жергиликтүү жамааттын тиешелүү курултайларында талкуулоонун жыйынтыктары боюнча жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экиден кем эмес добушу менен кабыл алынат.

Уставга өзгөртүүлөр жана толуктоолор жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн үчтөн биринен кем эмес сандагы жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү же жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн биринен кем эмес санындагы тиешелүү жергиликтүү кеңештин депутаттарынын тобу тарабынан демилгелениши мүмкүн.

4. Эгерде ушул Мыйзам менен уставдар менен жөнгө салуу чөйрөсүнө таандык кылынган маселелер устав менен жөнгө салынбаса, анда алар ушул Мыйзам менен жөнгө салынат.

5. Жергиликтүү жамааттын уставы жергиликтүү башкаруу органдарында жергиликтүү кеңештердин ченемдик-укуктук актыларын каттоо үчүн белгиленген тартипте милдеттүү түрдө катталууга жатат.

Жергиликтүү жамааттын уставын бекитүү жөнүндө ченемдик-укуктук актынын көчүрмөсү уставдын текстинин тиркемеси менен расмий жарыялангандан кийин ченемдик-укуктук актылардын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык бөлүмүнө жиберилет.

*(КР 2011-жылдын 30-ноябрындагы № 228, 2014-жылдын 21-ноябрындагы № 158 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## 3-глава
## Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү маанидеги маселелери жана мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү

### 16-берене. Жергиликтүү маанидеги маселелерди, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башка иш-милдеттерин жана ыйгарым укуктарын белгилөөнүн принциптери

Жергиликтүү маанидеги маселелерди, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башка иш-милдеттерин жана ыйгарым укуктарын белгилөө төмөнкү принциптердин негизинде жүргүзүлөт:

1) мындай кызматтарды натыйжалуу көрсөтүүгө жарамдуу болгон төмөн турган башкаруу деңгээли тарабынан кызматтарды көрсөтүүнүн;

2) көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын камсыз кылуу максатында иш-милдеттер менен ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууда натыйжалуулуктун жана максатка ылайыктуулуктун;

3) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш-милдеттери менен ыйгарым укуктарын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аймактык, экономикалык жана башка өзгөчөлүктөрүнө жараша дифференциялоонун;

4) иш-милдеттерди аткарууда жана ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууда жергиликтүү кызыкчылыктын болушунун;

5) жалпы мамлекеттик жана жергиликтүү кызыкчылыктарды эриш-аркак келтирүүнүн;

6) ачыктыктын жана коллегиялуулуктун;

7) ченемдик-укуктук актыларда мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш-милдеттери менен ыйгарым укуктарынын чегин ажыратуунун.

### 17-берене. Жергиликтүү маанидеги маселелерди белгилөөнүн жана чечүүнүн тартиби

1. Жергиликтүү маанидеги маселелер ушул Мыйзам жана жергиликтүү жамааттын уставы менен белгиленет, өзгөртүлөт жана токтотулат.

2. Мамлекет жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик менчиктен жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн зарыл болгон мүлктү муниципалдык менчикке өткөрүп берет.

3. Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара мамилелеринин тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамы, башка ченемдик-укуктук актылары, ошондой эле жергиликтүү жамааттын уставы менен белгиленет.

4. Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнүн натыйжалары боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тиешелүү аймактын жергиликтүү жамаатына отчёт берет.

**18-берене. Жергиликтүү маанидеги маселелер**

1. Аймактын жашоо-турмушунун тутумунун иштешин жана өнүгүшүн, социалдык-экономикалык пландаштырууну уюштуруу менен калкка социалдык жана маданий кызматтарды көрсөтүүнү уюштуруу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагына жергиликтүү өз алдынча башкаруунун төмөнкү маселелери таандык кылынат:

1) тиешелүү аймактын экономикалык өнүгүшүн камсыз кылуу, ошондой эле инвестицияларды жана гранттарды тартуу;

2) муниципалдык менчикти башкаруу;

3) жергиликтүү бюджетти түзүү, бекитүү жана аткаруу;

4) калкты ичүүчү суу менен жабдуу;

5) калктуу конуштарда канализация жана тазалоочу курулмалардын тутумунун ишин камсыз кылуу;

6) калктуу конуштардагы муниципалдык жолдордун иштешин камсыз кылуу;

7) жалпы пайдалануудагы жерлерге жарык берүүнү уюштуруу;

8) көрүстөндөрдүн иштешин жана ырасым кызматтарынын көрсөтүлүшүн камсыз кылуу;

9) жалпы пайдалануудагы жерлерди көрктөндүрүү жана жашылдандыруу;

10) парктардын, спорттук курулмалардын жана дем алуу жайларынын иштешин камсыз кылуу;

11) турмуш-тиричилик калдыктарын жыйноону, ташып кетүүнү жана керектен чыгарууну уюштуруу;

12) муниципалдык транспорттун иштешин камсыз кылуу жана калктуу конуштардын чегинде коомдук транспорттун иштешин жөнгө салуу;

13) жергиликтүү маанидеги тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жагындагы контролдоо;

14) жергиликтүү маанидеги китепканалардын ишин уюштуруу жана камсыз кылуу;

15) жер пайдалануу эрежелерин белгилөө жана шаар куруу менен архитектуранын ченемдерин жана эрежелерин сактоону камсыз кылуу;

16) тиешелүү калктуу конуштун аймагында жарнакты Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген тартипте жайгаштыруу;

17) коомдук тартипти сактоого көмөктөшүү;

18) элдик көркөм чыгармачылыкты өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү;

19) бош убакытты өткөрүүнү уюштуруу үчүн шарттарды түзүү;

20) балдар жана жаштар менен иштөө боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырууну уюштуруу;

21) дене тарбиясын жана массалык спортту өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыз кылуу;

22) өзгөчө кырдаалдардын алдын алууга жана кесепеттерин жоюуга көмөктөшүү;

23) Кыргыз Республикасынын жер казынасын пайдалануу жөнүндө мыйзамдарында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагына таандык кылынган кен байлыктарын пайдалануу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу;

24) калкка консультациялык-укуктук жардам көрсөтүү;

25) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча чаралардын комплексин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүзөгө ашыруу.

2. Ушул березенин 1-бөлүгүндө саналып өткөн ыйгарым укуктар ушуну менен бүттү деп эсептелбейт жана жергиликтүү жамааттар менен алардын органдарына Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууну чектебейт.

*(КР 2012-жылдын 19-июнундагы № 87, 2014-жылдын 13-январындагы № 10, 2014-жылдын 15-майындагы № 67, 2016-жылдын 12-декабрындагы № 196, 2017-жылдын 27-апрелиндеги № 64 Мыйзамдарынын редакциясына ылайык)*

**19-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жергиликтүү маанидеги маселелерди өткөрүп берүүнүн тартиби**

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы жергиликтүү маанидеги айрым маселелерди аткарууну берилип жаткан жергиликтүү маанидеги маселелердин аткарылышынын каражаттарын же каржылоо булактарын бир убакта аныктоо жана өткөрүп берүү менен юридикалык жана жеке жактарга өткөрүп берүүгө укуктуу.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан жергиликтүү маанидеги айрым маселелердин аткарылышын өткөрүп берүү бюджеттик каражаттарды кыйла натыйжалуу пайдалануу үчүн максатка ылайык учурларда жүргүзүлөт.

3. Жергиликтүү маанидеги айрым маселелердин аткарылышын өткөрүп берүү жөнүндө чечим жергиликтүү кеңештин макулдугу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы тарабынан кабыл алынат.

**20-берене. Берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар**

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик укуктар таандык кылынышы мүмкүн.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү берилип жаткан ыйгарым укуктарды ишке ашыруунун шарттарын зарыл болгон материалдык жана каржылык каражаттар менен бир эле убакта мамлекеттик камсыз кылуунун тартибин белгилеп, мыйзамдын же келишимдин негизинде жүзөгө ашырылат.

Мамлекеттик бийлик органдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ортосундагы келишимдин негизинде мамлекеттик ыйгарым укуктар берилген учурда келишимдин шарттары тиешелүү жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилүүгө тийиш.

3. Мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүгө мамлекет бир эле убакта мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү менен жергиликтүү бюджетке республикалык бюджеттен максаттуу трансферттерди караган же берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон башка каржылоо булактарын аныктаган учурларда гана жол берилет.

4. Берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мамлекеттик бийликтин ыйгарым укуктуу органдарына отчёт берет.

5. Мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө мыйзамдар жана келишимдер төмөнкүлөрдү камтуу тийиш:

1) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берилүүчү мамлекеттик ыйгарым укукту;

2) берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жүзөгө ашырылышында мамлекеттик бийлик органдарынын усулдук, уюштуруучулук, консультациялык жана көмөк көрсөтүүнүн башка формаларын;

3) отчёттуулукка карата талаптарды;

4) берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууга мамлекет тарабынан контролдонушунун механизмин.

6. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берилиши мүмкүн болгон негизги мамлекеттик ыйгарым укуктарга төмөнкүлөр кирет:

1) калктын жумуштуулугунун жана миграциясынын программаларын иштеп чыгуу жана аткаруу;

2) жарандардын эсебин алуу каттоосу, паспорт режиминин эрежелерин аткарылышына көзөмөлдү жүзөгө ашыруу, жарандарды белгиленген тартипте эсепке коюуну жана эсептен чыгарууну жүргүзүү, шайлоочулардын тизмелерин түзүү;

3) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жарандык абалдын актыларын каттоо;

4) мектептик, мектепке чейинки жана кесиптик билим берүү жана саламаттык сактоо чөйрөсүндө кызматтарды көрсөтүү үчүн имараттар жана башка объекттер менен камсыз кылуу;

5) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык нотариаттык аракеттерди жасоо;

6) жарандарга инсандык, үй-бүлөлүк, мүлктүк абалын ырастоочу документтерди жана мыйзамдар менен каралган башка документтерди берүү;

7) аскерге милдеттүүлөрдүн жана аскерге чакырылуучулардын алгачкы эсепке алынышын жүргүзүү, аларды аскердик эсепке кабыл алуу жана эсептен чыгаруу, аскердик кызматка чакырууну уюштурууга көмөктөшүү;

8) Айыл чарбасына жарактуу жерлердин Мамлекеттик фондунун жерлерин бөлүштүрүү жана пайдалануу;

9) айыл чарба өндүрүшүн келечектүү өнүктүрүү боюнча материалдарды жалпылоо, айыл чарба продукциясын өндүрүү боюнча экономикалык божомолдорду түзүү;

10) ветеринардык-санитардык, эпизоотияга каршы иш-чараларды жана мал чарбачылыкта селекциялык-асыл тукум жумуштарын өз убагында жүргүзүүнү уюштурууга көмөктөшүү;

11) айыл чарба өсүмдүктөрүнүн өсүндүлөрүн тепсетүүгө каршы күрөшүү, токой коргоо тилкелерин жана токой массивин сактоо боюнча тиешелүү чараларды камсыз кылуу;

12) алымдарды жана камсыздандыруу төгүмдөрүн жыйноо, ошондой эле Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарына ылайык салыктык укук мамилелер чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктар;

13) курчап турган чөйрөнү коргоо боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу;

14) керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоону камсыз кылуу;

15) тиешелүү аймакта жылуулук менен жабдууну уюштуруу;

16) даректүү социалдык коргоону уюштуруу максатында аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү иликтеп билүү;

*17) (КР 2017-жылдын 28-июлундагы № 163 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

17-1) этностор аралык мамилелерди чыңдоо боюнча, ошондой эле этностор аралык кагылышуулардын алдын алуу жана болтурбоо боюнча иш-чараларды жүзөгө ашыруу;

18) мыйзам менен белгиленген башка ыйгарым укуктар.

*(КР 2011-жылдын 30-ноябрындагы № 228, 2012-жылдын 3-августундагы № 149, 2015-жылдын 17-апрелиндеги № 85, 2016-жылдын 21-апрелиндеги № 48, 2017-жылдын 28-июлундагы № 163 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## 4-глава
## Жергиликтүү кеңештердин ишинин уюштуруучулук-укуктук негиздери

### 21-берене. Жергиликтүү кеңештер

1. **Жергиликтүү кеңештер** – ушул Мыйзам, шайлоо жөнүндө жана жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө мыйзамдар менен белгиленген тартипте 4 жылдык мөөнөткө түзүлүүчү жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары.

2. Кыргыз Республикасында төмөндөгүдөй жергиликтүү кеңештер белгиленет:

1) айылдык кеңеш – айыл аймагындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы;

2) шаардык кеңеш – шаардагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы;

*3) (КР 2012-жылдын 3-августундагы № 149 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

3. Жергиликтүү кеңештер жалпыга бирдей, тең жана тике шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү менен шайлануучу депутаттардан турат. Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону өткөрүүнүн тартиби мыйзам менен аныкталат.

4. Жергиликтүү кеңештер юридикалык жактар болуп саналат жана мыйзамдар менен өздөрүнүн компетенциясына таандык кылынган ар кандай маселелерди өз алдынча чечүүгө укуктуу. Тиешелүү административдик-аймактык бирдиктин – райондун жергиликтүү кеңештери жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналыштарын өткөрүүгө жана ушул Мыйзамга ылайык, токтом түрүндө биргелешкен чечим кабыл алууга укуктуу. Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана мыйзамдарына каршы келген учурда жергиликтүү кеңештердин чечимдерин жокко чыгаруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

5. Шаардык кеңештердин шайланган депутаттары партияга таандыктуулугуна ылайык депутаттык фракцияларга (мындан ары – фракциялар) биригишет. Депутаттык мандаттардын жарымынан көбүнө ээ болгон шаардык кеңештеги фракциялардын коалициясын түзүү жөнүндө расмий жарыялаган фракция же фракциялардын коалициясы шаардык кеңеште көпчүлүк деп саналат. Көпчүлүк фракцияларынын коалициясына кирбеген фракция же фракциялар шаардык кеңеште азчылык деп саналат.

Шаардык кеңештин депутаттары көпчүлүк фракцияларынын коалициясына бириккен учурда бюджет жана финансы боюнча туруктуу комиссия азчылык фракцияларына же фракциялардын коалициясына берилет.

*(КР 2012-жылдын 3-августундагы № 149, 2013-жылдын 16-октябрындагы № 192, 2014-жылдын 21-ноябрындагы № 158 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**21-1-берене. Жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышы**

1. Жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышынын компетенциясына төмөнкүлөр кирет:

1) жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысынын – акимдин кызмат ордуна дайындоо үчүн талапкерлик боюнча мыйзамда белгиленген тартипте сунуш киргизүү;

2) жылына бир жолудан кем эмес тиешелүү аймактагы иштердин абалы жөнүндө жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысынын отчётун угуу;

3) өз милдеттерин аткарбаганы же талаптагыдай эмес аткарганы үчүн жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысына жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышынын депутаттарынын жалпы санынын добуштарынын үчтөн экиси менен ишеним көрсөтпөөнү билдирүү;

4) «Кыргыз Республикасында шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген санда аймактык шайлоо комиссиясынын курамына киргизүү үчүн талапкерликтерди Борбордук шайлоо комиссиясына көрсөтүү, ошондой эле аймактык шайлоо комиссиясынын резервинин курамына талапкерликтерди көрсөтүү.

2. Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысына ишеним көрсөтпөө жөнүндө маселени демилгелөө катары жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышынын депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн бири кол койгон жазуу жүзүндөгү сунуштамасы эсептелет. Сунуштамага кол койгон депутат өзүнүн кол тамгасын чакыртып алууга укугу жок.

3. Жыйналыш жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышынын ишинин уюштуруучулук-укуктук негизги формасы болуп эсептелет. Жыйналыштарды өткөрүүнүн тартиби жана мезгилдүүлүгү жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышынын регламентинде аныкталат.

4. Жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышынын жыйналышы жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышынын депутаттарынын жалпы санынын жарымынан кем эмеси катышканда укук ченемдүү болот. Эгерде мыйзамда башкача каралбаса, жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышы жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышынын депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен чечим кабыл алат.

5. Жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышынын биринчи жыйналышын тиешелүү административдик-аймактык бирдиктин – райондун жергиликтүү кеңештеринин төрагаларынын ичинен жашы боюнча улуусу ачат.

6. Жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышынын жыйналыштары коомчулук үчүн ачык. Ар бир жаран жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышында бекитилген регламентке ылайык жыйналыштарга катышууга укуктуу.

Эгерде каралып жаткан маселе мыйзамдарга ылайык мамлекеттик жашыруун сырга кирген учурларда, жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышы жабык жыйналыш өткөрүү жөнүндө чечим кабыл ала алат.

7. Жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышынын президиуму үч адамдан турган курамда жергиликтүү кеңештердин төрагаларынын ичинен шайланат. Жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышы жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышынын депутаттарынын ичинен катчылыкты жана эсептөө комиссиясын ар бири үч адамдан турган курамда шайлайт.

8. Жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышы президиумдун курамынан жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышынын төрагасын шайлайт.

9. Жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышынын төрагасы, президиуму, катчылыгы жана эсептөө комиссиясы 1 жылга шайланат. Жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышынын президиумунун, катчылыгынын, эсептөө комиссиясынын кийинки курамы жана төрагасы ушул беренеде белгиленген тартипте шайланат.

10. Премьер-министр ушул Мыйзамдын 1-бөлүгүндө белгиленген маселелер боюнча жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышын чакырууга укуктуу, Премьер-министр тиешелүү жергиликтүү кеңештерге жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышын чакыруу жөнүндө кат жөнөтөт.

11. Жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышы токтом түрүндө чечим кабыл алат.

Жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналыштарынын токтомуна жана протоколдоруна жергиликтүү кеңештердин бардык төрагалары кол коёт жана бардык жергиликтүү кеңештердин мөөрү менен күбөлөндүрүлөт.

*(КР 2012-жылдын 3-августундагы № 149 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**22-берене. Жергиликтүү кеңештин депутатынын статусунун айрым кызмат орундары жана иштин түрлөрү менен коошпогондугу**

1. Жергиликтүү кеңештин депутаты төмөнкү учурларда мамлекеттик кызматта же муниципалдык кызматта боло албайт:

1) эгерде ал жетекчилик кызмат ордун ээлеген мамлекеттик орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы ал депутаты болуп саналган жергиликтүү башкаруунун өкүлчүлүктүү органы да (айылдык аймактын же шаардын жергиликтүү кеңеши) ошол эле айылдык аймактын же шаардын аймагынын чектеринде жайгашкан болсо;

2) эгерде ал мамлекеттик же муниципалдык кызматта турган мамлекеттик орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы ал депутаты болуп саналган жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органына (айылдык аймактын же шаардын жергиликтүү кеңешине) отчёттуу болсо;

3) эгерде ал мамлекеттик же муниципалдык кызматта турган мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчисин шайлоого, дайындоого, бошотууга сунуштоо ал депутаты болуп саналган ошол жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын (айылдык аймактын же шаардын жергиликтүү кеңешинин) ыйгарым укуктарына тийиштүү болсо.

2. Депутаттык ыйгарым укуктарды, ошондой эле республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын эсебинен тиешелүү айылдык аймактын же шаардын калкына кызматтарды көрсөткөн мамлекеттик же муниципалдык ишкананын, мамлекеттик же муниципалдык билим берүү жана саламаттыкты сактоо мекемесинин жетекчисинин кызмат орду менен айкалыштырууга болбойт.

3. Жергиликтүү кеңештин депутаты өзүнүн депутаттык мандатын депутаттык ишке байланышпаган максаттарда пайдаланууга укуксуз.

4. Бир эле адам бир гана айылдык же шаардык кеңештин депутаты боло алат.

*(КР 2013-жылдын 25-апрелиндеги № 59 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**23-берене. Жергиликтүү кеңештердин сандык курамы**

Жергиликтүү кеңештердин сандык курамы, Бишкек жана Ош шаарларынын кеңештерин кошпогондо, тиешелүү административдик-аймактык бирдиктин калкынын санын эске алуу менен төмөнкүдөй белгиленет:

1) Бишкек, Ош шаарларынын кеңештериники – 45 депутат;

*2) (КР 2012-жылдын 3-августундагы № 149 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

3) шаардык жана айылдык кеңештери (шайлоо өткөрүлгөн жылдын 1-январына карата абал боюнча административдик-аймактык бирдиктин калкынын статистикалык маалыматтарына ылайык саны боюнча):

6000ге чейин – 11 депутат;

6001ден 20000ге чейин – 21 депутат;

20001ден жогору – 31 депутат.

*(КР 2012-жылдын 3-августундагы № 149 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**24-берене. Депутаттык мандат**

1. Депутаттык мандат төш белги жана аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы кол койгон күбөлүк менен ырасталат.

2. Депутаттык мандатты колдонуу төмөндөгүдөй учурларда токтотулушу мүмкүн:

1) туруктуу жашоосунда депутаттык функцияларын натыйжалуу жүзөгө ашырууга мүмкүнчүлүк бербеген башка жерге туруктуу жашоого көчүп кеткенде;

2) депутаттык ыйгарым укуктарын ыктыярдуу тапшырганда;

2-1) өзүнүн депутаттык ыйгарым укуктарын алып салуу же фракциядан чыгуу жөнүндө жазуу жүзүндө арыз бергенде;

3) ушул Мыйзамда каралган кызматтарды айкалыштырууга мүмкүнчүлүк болбогон кырдаалдар пайда болгондо;

4) депутаттык мандатты адам тарабынан белгиленген тартипти бузуу менен алынгандыгы билингенде (шайлоонун натыйжалары анык эмес деп табылганда же шайлоонун натыйжалары четке кагылганда);

5) депутат соттун чечими боюнча аракетке жөндөмсүз же жөндөмү чектелүү деп табылганда;

6) депутат өлгөндө же ал дайынсыз жок же өлдү деп жарыялоо жөнүндө соттун чечими мыйзамдуу күчүнө киргенде;

7) катары менен төрт жолудан ашык жүйөлүү себептерсиз жергиликтүү кеңештин сессияларына катышпаганда;

8) депутатка карата соттун айыптоочу өкүмү мыйзамдуу күчүнө киргенде;

9) кеңеш таркатылганда;

*10) (КР 2015-жылдын 17-февралындагы № 34 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

*Караңыз:*

*КР Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 4-июнундагы Чечими*

*(КР 2013-жылдын 14-февралындагы № 16, 2013-жылдын 16-октябрындагы № 192, 2015-жылдын 17-февралындагы № 34 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**25-берене. Кызыкчылыктардын кагылышуусу**

Жергиликтүү кеңештин депутаты кеңештин сессияларында же туруктуу комиссиялардын же жергиликтүү кеңеш тарабынан түзүлгөн башка органдардын жыйналыштарында жеке кызыкчылыгын, башкача айтканда өзү, анын жубайы, ата-энеси, балдары, бир туугандары жана эже, карындаш-сиңдилери үчүн материалдык пайданы көздөгөн маселени (жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысын шайлоого тиешелүү маселелерден тышкары) кароого катышууга жана добуш берүүгө тийиш эмес.

*(КР 2011-жылдын 30-ноябрындагы № 228 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**26-берене. Жергиликтүү кеңештин ыйгарым укуктарынын мөөнөтү**

Жергиликтүү кеңеш өз иш-милдеттерин аткарууну ушул Мыйзамда белгиленген мөөнөттө өткөрүлүүчү өзүнүн биринчи сессиясынын күнүнөн тартып аткара баштайт жана өз ишин кийинки чакырылыштагы жергиликтүү кеңештин биринчи сессиясы өткөрүлгөн күнү токтотот.

**27-берене. Жергиликтүү кеңештердин мамлекеттик бийлик органдары менен өз ара мамилелери**

1. Жергиликтүү кеңештердин жергиликтүү мамлекеттик администрация менен өз ара мамилелери иш-милдеттеринин чегин ажыратуу, кеңешке жана жергиликтүү мамлекеттик администрацияга өздөрүнө таандык жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген ыйгарым укуктарды берүү принцибинин негизинде түзүлөт.

2. Мамлекеттик бийлик органдары жергиликтүү кеңештердин компетенциясына кирген маселелерди чечүүгө кийлигишүүгө укуксуз.

3. Жергиликтүү кеңештер жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын компетенциясына кирген маселелерди чечүүгө кийлигишүүгө укуксуз.

4. Аймактардын кызыкчылыктарына тиешелүү маселелер боюнча жергиликтүү кеңеш сессиянын ишине, туруктуу комиссиялардын жыйналыштарына катышуу үчүн тиешелүү министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, административдик ведомстволордун жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын өкүлдөрүн чакыра алат.

5. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар аймакты өнүктүрүүнүн турмуштук маанилүү маселелери боюнча өз чечимдерин жергиликтүү кеңештер менен консультациялашат жана жазуу жүзүндө макулдашат.

**28-берене. Жергиликтүү кеңештин сессиясы**

1. Жергиликтүү кеңештердин сессиялары алардын ишинин негизги уюштуруучулук-укуктук формасы болуп эсептелет. Сессияларды өткөрүүнүн тартиби жана мезгилдүүлүгү жергиликтүү кеңештин регламенти менен аныкталат.

2. Жергиликтүү кеңештин сессиясы депутаттардын жалпы санынын кеминде жарымы катышса, укук ченемдүү болот. Жергиликтүү кеңеш, эгерде мыйзамда башкача каралбаса, жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен чечим кабыл алат.

3. Жаңы шайланган жергиликтүү кеңештин биринчи сессиясы мурдагы чакырылган кеңештин төрагасы тарабынан тиешелүү кеңешке шайлоонун натыйжалары расмий жарыяланган күндөн тартып, эки жумалык мөөнөттөн кечиктирилбестен чакырылат. Жергиликтүү кеңештин биринчи сессиясын тиешелүү жергиликтүү кеңештин курагы боюнча улуу депутаты ачат.

4. Жергиликтүү кеңештердин сессиялары ачык, кварталына, кеминде бир жолу жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн биринин талабы боюнча өткөрүлөт.

5. Жергиликтүү кеңештин биринчи сессиясынын күн тартибине кеңештин төрагасын жана анын орун басарын шайлоо маселелери, кеңештин ишин уюштуруунун башка маанилүү маселелери киргизилет.

*(КР 2013-жылдын 16-октябрындагы № 192 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**29-берене. Жаңыдан түзүлгөн администрациялык-аймактык бирдиктеги жергиликтүү кеңештин биринчи сессиясы**

1. Жаңыдан түзүлгөн айылдык аймактардагы, шаардагы жергиликтүү кеңештердин биринчи сессиясы Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясы (мындан ары – Борбордук шайлоо комиссиясы) тарабынан тиешелүү кеңешке шайлоонун натыйжалары расмий жарыяланган күндөн тартып, эки жумалык мөөнөттөн кечиктирбестен чакыртылат.

2. Жергиликтүү кеңештин биринчи сессиясынын күн тартибине кеңештин төрагасын жана анын орун басарын шайлоо, кеңешти уюштуруунун дагы башка эң маанилүү маселелери киргизилет.

*(КР 2012-жылдын 3-августундагы № 149, 2013-жылдын 16-октябрындагы № 192 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**30-берене. Жергиликтүү кеңештин ишинин ачыктыгы**

1. Жергиликтүү кеңештин сессиялары коомчулук үчүн ачык. Ар бир жаран жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилген регламентке ылайык сессияларга катышууга укугу бар.

2. Жергиликтүү кеңеш, эгерде каралуучу маселе мыйзамдарга ылайык мамлекеттик сырга таандык болсо, жабык сессияны өткөрүү жөнүндө чечим кабыл ала алат.

3. Жергиликтүү кеңеш сессиялардын датасы жана күн тартиби жөнүндө жарандарды алдын ала кабардар кылуу боюнча бардык чараларды көрүүгө, алардын сессияга кириши үчүн бардык шарттарды түзүүгө, ошондой эле көрүлгөн чаралар тууралуу жергиликтүү жамаатка маалымдоого милдеттүү.

**31-берене. Шаардык жана айылдык кеңештердин компентенциясы**

1. Шаардык жана айылдык кеңештер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган ыйгарым укуктарынын чегинде алар боюнча маселелерди кароого жана чечим кабыл алууга укуктуу.

2. Шаардык, айылдык, райондук кеңештин сессиясында төмөнкүдөй маселелер чечилет:

1) жергиликтүү маанидеги маселелерди башкаруунун тартибин белгилөө;

2) жергиликтүү бюджетти жана анын аткарылышы жөнүндө отчётту бекитүү, ошондой эле бюджеттин аткарылышынын жүрүшү жана бюджеттен тышкаркы фонддордун пайдаланылышы жөнүндө маалыматты угуу;

3) аймакты социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүнүн жана калкты социалдык жактан коргоонун программаларын бекитүү жана алардын аткарылышын контролдоо;

4) жергиликтүү салыктарды, жыйымдарды жана жеңилдиктерди киргизүү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда алар боюнча ставкаларды аныктоо;

5) жергиликтүү жамааттын муниципалдык менчигин пайдалануунун жана ага ээлик кылуунун тартибин аныктоо, анын ичинде муниципалдык менчиктин объектилерин менчиктештирүү программаларын бекитүү жолу менен аныктоо, муниципалдык менчиктин пайдаланышына контролду ишке ашыруу;

6) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун тиешелүү аткаруу органынын иши жөнүндө отчётту угуу;

7) фракциядан чыккан учурду кошпогондо, мыйзамдарда белгиленген учурларда депутаттардын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу;

8) жергиликтүү жамааттын уставын бекитүү;

9) тиешелүү мамлекеттик бийлик органдарына киргизүү максатында администрациялык-аймактык түзүлүш боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

10) кеңештин төрагасын, анын орун басарын шайлоо, аларды кызмат орундарынан бошотуу, кеңештин төрагасынын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келүүчү чечимдерин жокко чыгаруу;

11) кеңештин регламентин кабыл алуу;

12) өз чечимдери аткарылышына контролдук кылуу;

13) Өкмөт тарабынан аныкталуучу типтүү ченемдердин негизинде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын штаттык сан-эсебин жана түзүмүн бекитүү;

14) муздак сууну, канализацияны, жылуулук менен камсыз кылууну пайдалангандык, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык катуу тиричилик таштандыларын жыйнагандык, ташып чыгаргандык жана жок кылгандык үчүн тарифтерди бекитүү;

15) алкоголдук ичимдиктерди жана тамеки буюмдарын сатуунун, ырым-жырымдарды өткөрүүгө тыюу салганга чейинки чектөөлөрүн аныктоо;

16) ирригациялык тармактарды, үйдөгү жана үй жанындагы участкаларды күтүүнүн тартибин аныктоо;

17) жергиликтүү жамааттын уставына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка маселелерди чечүү.

3. Шаарлардын кеңештеринин сессияларында төмөндөгүдөй маселелер кошумча чечилет:

1) шаардын мэрин шайлоо;

2) ушул Мыйзамда белгиленген тартипте шаардын мэрине ишенбестик билдирүү;

3) мыйзамдарда бекитилген шаар жерлерине салыктын базалык ставкалардын чегинде шаар жерлерине салыктын жиктелген ставкаларды белгилөө;

4) мэриянын аппаратын кошпогондо, шаардын вице-мэрлерин, шаардын турмуш-тиричилигин камсыз кылуучу бөлүмдөрдүн жана кызматтардын жетекчилерин дайындоого макулдук берүү;

5) шаардын турмуш-тиричилигин камсыз кылуучу бөлүмдөрдүн жана кызматтардын жетекчилерине ишенбестик көрсөтүү жөнүндө депутаттардын жалпы санынын үчтөн экиси менен чечимдерди кабыл алуу, бул аларды ээлеген кызмат орундарынан четтетүүгө алып келет.

4. Айылдык кеңештердин сессияларында кошумча иретинде төмөндөгүдөй маселелер чечилет:

1) айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоо;

2) ушул Мыйзамда белгиленген тартипте айыл өкмөтүнүн башчысына ишенбестик билдирүү;

3) тиешелүү район үчүн мыйзамдарда базалык ставканын базасында эсептелген айыл аймагы үчүн белгиленген жер салыгынын жалпы суммасынын чегинде топурактын бонитетинин баллдарын эсепке алуу менен айыл чарбасына жарактуу жерлерди пайдалангандык үчүн салыктын жиктелген ставкаларын аныктоо;

4) Айыл чарбасына жарактуу жерлердин Мамлекеттик фондунун ижарага берүүнүн тартибин аныктоо;

5) талап кылынбаган жана пайдаланылбаган жайыттарды пайдалануу, жайыттар боюнча башка маселелерди Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чечүү.

*5. (КР 2012-жылдын 3-августундагы № 149 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

*(КР 2012-жылдын 3-августундагы № 149, 2013-жылдын 16-октябрындагы № 192, 2015-жылдын 17-февралындагы № 34, 2016-жылдын 7-майындагы № 56 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**32-берене. Жергиликтүү кеңештин туруктуу жана убактылуу комиссиялары**

1. Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары кеңештин карамагына таандык маселелерди алдын ала кароо жана даярдоо, ошондой эле кеңештин чечимдерин ишке ашырууга катышуу, ушул чечимдердин ведомстволук аймакта жайгашкан мекемелер жана уюмдар тарабынан аткарылышына контролдук кылуу үчүн түзүлөт. Кеңеш тарабынан, ошондой эле туруктуу комиссиялар да түзүлсө болот.

2. Комиссиялардын тизмеги, алардын сандык курамы жана шайлоонун тартиби тиешелүү кеңештин депутаттык фракцияларынын жана топторунун сунушу боюнча жергиликтүү кеңеш тарабынан аныкталат. Кеңеш ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнүн ичинде зарылчылыкка жараша, жаңы туруктуу комиссияларды түзө, мурда түзүлгөндөрүн таратат жана кайра уюштурат, алардын курамына өзгөртүүлөрдү киргизе алат.

3. Туруктуу комиссиялар депутаттык фракциялардын жана топтордун чечими боюнча тиешелүү жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ичинен түзүлөт. Жергиликтүү кеңештердин туруктуу комиссияларынын курамына кеңештин төрагасы жана анын орун басары шайланышы мүмкүн эмес.

4. Туруктуу комиссиянын төрагасын шайлоо жөнүндө чечим тиешелүү жергиликтүү кеңештин токтому менен жол-жоболоштурулат.

Комиссиялар өзүнүн ишинин негизги багыттары боюнча кичи комиссияларды түзө алышат.

5. Туруктуу комиссиянын жана кеңештин төрагасынын сунушу боюнча тиешелүү кеңеш туруктуу комиссиялардын курамына өзгөртүүлөрдү киргизет.

6. Комиссия мүчөсүнүн ыйгарым укуктары кеңеш тарабынан анын өтүнүчү боюнча, аны тиешелүү комиссияга көрсөткөн депутаттык фракциянын же топтун сунушу боюнча, ошондой эле ал өзүнүн милдеттерин аткарууга мүмкүндүк болбогон жагдайларга байланыштуу мөөнөтүнөн мурда токтотулушу мүмкүн.

7. Жергиликтүү кеңештердин туруктуу комиссияларынын укуктары, милдеттери, аларды уюштуруунун тартиби жана туруктуу комиссиялардын иши ушул Мыйзам, жергиликтүү кеңештин регламенти жана Кыргыз Республикасынын дагы башка мыйзамдык актылары менен белгиленет.

8. Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары өзүнүн ишине окумуштууларды, адистерди, практик кызматчыларды, дагы башка адамдарды тартууга укуктуу.

9. Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары өзүнүн компетенциясына таандык маселелер боюнча тиешелүү чечимдерди кабыл алат.

10. Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары ведомстволук аймакта жайгашкан уюмдар менен мекемелердин оперативдүү чарбачыл ишине кийлигишүүгө укуксуз.

*(КР 2013-жылдын 16-октябрындагы № 192, 2014-жылдын 17-июлундагы № 138 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**33-берене. Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссияларынын ыйгарым укуктары**

1. Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары:

1) кеңештин кароосуна киргизилүүчү экономикалык, социалдык жана тиешелүү улуттук маданий өнүгүүгө байланышкан маселелерди даярдоого катышат;

2) тиешелүү аймактын социалдык-маданий жана өндүрүштүк инфраструктурасын өнүктүрүү, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун экономикалык негизин чыңдоо боюнча кеңешке сунуштарды киргизет.

3) өзүнүн аймагын экономикалык жактан өнүктүрүүнүн жана бюджеттин пландарынын долбоорлорун, пландардын аткарылышы жана бюджеттин толтурулушу жөнүндө отчётторду алдын ала карайт, алар боюнча өздөрүнүн сын-пикирлерин даярдайт, зарылчылык туулса, аларды кеңешке киргизет.

4) жергиликтүү кеңеш тарабынан кабыл алынган чечимдердин аткарылышына жана уставдын талаптарынын аткарылышы сакталышына контролду ишке ашырат;

5) Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана тиешелүү кеңештин регламенти аркылуу сунушталган башка ыйгарым укуктарды ишке ашырат.

2. Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары өзүнүн карамагына кирген маселелер боюнча жергиликтүү мамлекеттик администрация органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана тиешелүү аймакта жайгашкан ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын жетекчилерин жана адистерин угууга укуктуу.

**34-берене. Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссияларынын жыйналыштары**

1. Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссияларынын жыйналыштары комиссиялардын иш планына ылайык чакырылат.

2. Туруктуу комиссиялардын жыйналыштарына кеңеш берүүчү добуш укугу менен ушул комиссияларга мүчө болуп эсептелбеген депутаттар катыша алат.

3. Бир нече туруктуу комиссиянын карамагына кирген маселелер комиссиялардын демилгеси боюнча, ошондой эле жергиликтүү кеңештин тапшырмасы боюнча комиссиялар тарабынан даярдалат жана бирге каралат.

4. Туруктуу комиссиялардын бардык мүчөлөрү бирдей укуктардан пайдаланышат.

**35-берене. Жергиликтүү кеңештердин ишин уюштуруучулук жактан камсыз кылуу**

1. Жергиликтүү кеңештердин ишин уюштуруучулук жактан камсыз кылуу, туруктуу комиссияларга жана депутаттарга жардам көрсөтүүгө зарыл материалдарды даярдоо үчүн шаарлардын кеңештери Өкмөт тарабынан аныкталуучу типтүү ченемдердин негизинде өзүнүн аппараттарын түзүүгө укуктуу.

2. Айыл кеңештеринин ишин уюштуруучулук жактан камсыз кылуу айыл өкмөттөрүнүн аппараттарына жүктөлөт.

3. Жергиликтүү кеңештердин аппараттарынын иштерин материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына, ал эми жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналыштарынын иштерин материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу жергиликтүү мамлекеттик администрацияга жүктөлөт.

*(КР 2012-жылдын 3-августундагы № 149 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**36-берене. Жергиликтүү кеңештин ченемдик-укуктук актылары**

1. Жергиликтүү кеңештин карамагына таандык маселелер боюнча чечимдери, мыйзамдарда башка тартип каралган учурларды кошпогондо, шайланган депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Жергиликтүү кеңештин чечимдери токтом түрүндө чыгарылат да, кеңештин төрагасы тарабынан кол коюлат.

2. Өз ыйгарым укуктарынын чегинде кабыл алынган жергиликтүү кеңештин чечимдери тиешелүү аймакта турган бардык жарандар, мамлекеттик бийликтин аймактык органдары, ошондой эле мыйзамдарда белгиленген ыйгарым укуктарынын чегинде менчигинин түрүнө карабастан бардык ишканалар, уюмдар жана мекемелер тарабынан аткарылууга милдеттүү.

3. Жергиликтүү кеңештердин ченемдик-укуктук актылары Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген тартипте күчүнө кирет.

4. Жергиликтүү кеңештердин чечимдери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте четке кагылышы же күчүн жоготту деп табылышы мүмкүн.

**37-берене. Жергиликтүү кеңештин төрагасы**

1. Шаардык кеңештин төрагасы тиешелүү кеңештин сессиясында шаардык кеңештин депутаттарынын ичинен жашыруун добуш менен шаардык кеңештин ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнө шайланат.

2. Шаардык кеңештин төрагасынын кызмат ордуна талапкерликти көрсөтүүгө фракция же фракциялардын коалициясы укуктуу. Фракция же фракциялардын коалициясы бир талапкерди көрсөтүүгө укуктуу.

3. Эгерде шаардык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүгү катышса, шаардык кеңештин төрагасын шайлоо болуп өттү деп эсептелет.

Шаардык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүгү добуш берген талапкер, шаардык кеңештин төрагасынын кызмат ордуна шайланды деп эсептелет.

4. Айылдык кеңештин төрагасы тиешелүү кеңештин сессиясында айылдык кеңештин депутаттарынын ичинен жашыруун добуш менен айылдык кеңештин ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнө шайланат.

5. Айылдык кеңештин төрагасынын кызмат ордуна талапкерликти айылдык кеңештин депутаты же депутаттарынын тобу көрсөтүүгө укуктуу. Депутат же болбосо депутаттардын тобу бир талапкерди көрсөтүүгө укуктуу.

6. Эгерде айылдык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүгү катышса, айылдык кеңештин төрагасын шайлоо болуп өттү деп эсептелет.

Айылдык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүгү добуш берген талапкер айылдык кеңештин төрагасынын кызмат ордуна шайланды деп эсептелет.

7. Тиешелүү жергиликтүү кеңештин төрагасынын кызмат ордуна талапкерлерди көрсөтүүнүн жана шайлоонун тартиби жана башка шайлоонун жол-жоболук маселелери тиешелүү жергиликтүү кеңештин регламентинде аныкталат.

8. Жергиликтүү кеңештин төрагасы өзүнүн милдеттерин аткарбаган же талаптагыдай аткарбаган учурда, жергиликтүү кеңештин депутаттарынын үчтөн биринин же фракциясынын демилгеси боюнча депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экиден кем эмесинин добуштары менен ээлеген кызмат ордунан мөөнөтүнөн мурда бошотулушу мүмкүн.

9. Шаардык кеңештин төрагасы илимий, педагогикалык жана башка чыгармачылык иштерден тышкары акы төлөнүүчү башка иш менен алектенүүгө укуксуз.

10. Айылдык кеңештин төрагасы өзүнүн милдеттерин коомдук башталышта аткарат, бирок айылдык кеңештин сессиясы иштеген мезгилде бир жолку компенсация алат.

*Караңыз:*

*КР Өкмөтүнө караштуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин 2016-жылдын 12-октябрындагы № 01-24/166 «Коомдук башталышта иштеген айылдык кеңештердин төрагаларынын бир жолку компенсациялоо жөнүндө жобосун бекитүү жөнүндө» буйругу*

11. Жергиликтүү кеңештин төрагасы:

1) жергиликтүү кеңештин сессиясын чакырат;

2) сессияларга төрагалык кылат;

3) жергиликтүү кеңештин чечимдерине кол коет;

4) жергиликтүү кеңеш тарабынан жүктөлгөн башка милдеттерди аткарат.

12. Жергиликтүү кеңештердин төрагалары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары менен сыйлоо, ардактуу наамдарын ыйгаруу жөнүндө өтүнүч берет.

*(КР 2014-жылдын 21-ноябрындагы № 158, 2018-жылдын 15-февралындагы № 21 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**38-берене. Жергиликтүү кеңештин төрагасынын орун басарлары**

1. Шаардык кеңештин төрагасынын 2 орун басары болот.

Айылдык кеңештин төрагасынын 1 орун басары болот.

Жергиликтүү кеңештин төрагасынын орун басары депутаттардын ичинен сессияда айылдык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен шайланат.

Шаардык кеңештин төрагасынын орун басарлары сессияда депутаттардын ичинен көпчүлүк жана азчылык коалициядан бирден, депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен ачык добуш берүү менен шайланат.

2. Жергиликтүү кеңештин төрагасынын орун басары кеңештин төрагасынын тапшырмасын аткарат, ал жок болгон же өз милдеттерин аткарууга мүмкүнчүлүгү болбогон учурда анын ордуна иштейт.

3. Жергиликтүү кеңештин төрагасынын орун басары өзүнүн ээлеген кызмат ордунан жергиликтүү кеңештин депутаттарынын үчтөн биринин демилгеси боюнча шайланган депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен бошотулушу мүмкүн.

4. Жергиликтүү кеңештин төрагасынын орун басары өзүнүн ишин, республикалык маанидеги шаарлардын жергиликтүү кеңешинин төрагасынын орун басарын кошпогондо, коомдук башталыштарда жүзөгө ашырат.

*(КР 2013-жылдын 16-октябрындагы № 192 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**39-берене. Жергиликтүү кеңештердин ыйгарым укуктарынын токтотулушу**

1. Жергиликтүү кеңештердин ыйгарым укуктары жергиликтүү кеңештин жаңы курамы түзүлүшүнө, кеңеш мөөнөтүнөн мурда таркатылышына байланыштуу токтотулат.

2. Жергиликтүү кеңештер мөөнөтүнөн мурда төмөндөгүдөй учурларда таркатылышы мүмкүн:

1) тиешелүү жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын добуштарынын үчтөн экисинен кем эмеси менен кабыл алынган чечим боюнча;

2) ушул Мыйзамда жана «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган учурларда, Премьер-министрдин же Борбордук шайлоо комиссиясынын сунушу боюнча Президент тарабынан;

3) тиешелүү шаардын же айылдын чек араларынын өзгөрүлүшүнө алып келген кайра уюштуруу учурларында;

4) ушул Мыйзамдын 11-беренесинин 4-бөлүгүндө каралган учурда.

3. Өзүн-өзү таркатуу жөнүндө жергиликтүү кеңештин чечими кеңештин төрагасы тарабынан Жарлык чыгаруу үчүн Кыргыз Республикасынын Президентине жиберилет.

4. Чек араларын өзгөртпөстөн административдик-аймактык бирдиктин атын өзгөртүү кайра уюштуруу болуп саналбайт жана жергиликтүү кеңешти таратууга алып келбейт да. Кыргыз Республикасынын Президентинин кайра уюштурууга байланыштуу жергиликтүү кеңешти таратуу жөнүндө Жарлыгы, эгерде Мыйзамдын өзүндө башкача мөөнөт каралбаса, тиешелүү административдик-аймактык бирдик жөнүндө мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып 10 күндөн кечиктирилбестен чыгарылышы керек.

5. Жергиликтүү кеңеш мөөнөтүнөн мурда таркатуунун жогоруда көрсөтүлгөн учурларынын кайсынысында болсо да Президенттин мөөнөтүнөн мурда таркатуу жөнүндө Жарлыгы расмий жарыяланган күндөн тартып таркатылды деп эсептелет.

6. Жергиликтүү кеңеш мөөнөтүнөн мурда таркатылган учурларда мүлкүнүн жана документтеринин сакталышына жоопкерчиликти жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын тиешелүү башчылары тартышат, жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналыштарынын мүлкүнүн жана документтеринин сакталышына жоопкерчиликти райондун мамлекеттик администрацияларынын тиешелүү башчылары тартышат.

*(КР 2012-жылдын 17-мартындагы № 20, 2012-жылдын 3-августундагы № 149, 2014-жылдын 21-ноябрындагы № 158 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## 5-глава
## Мэр, шаардын мэриясы

### 40-берене. Мэр, шаардын мэриясы

1. Шаарда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы мэр башында турган мэрия болуп эсептелет.

2. Мэриянын курамына түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөр кире алат.

### 41-берене. Шаардын мэриясынын компетенциясы

1. Шаардын мэриясы:

1) шаардын тиричилик жактан камсыз кылуу системасынын иштешин жана өнүгүшүн, шаардыктарга социалдык жана маданий тейлөө кызматтарын көрсөтүүнү уюштурат;

2) шаардын бюджетинин долбоорун иштеп чыгат жана аны шаардык кеңеш бекиткенден кийин аткарат;

3) шаарды социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүнүн, калкты социалдык жактан коргоонун программаларынын долбоорлорун иштеп чыгат жана шаардык кеңеш бекиткенден кийин алардын аткарылышын камсыз кылат;

3-1) шаардык кеңеш тарабынан кабыл алынган шаарды социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык коргоо программаларынын натыйжалуулугунун жана үзүрдүүлүгүнүн мониторингин жана баа берүүнү туруктуу негизде жүзөгө ашырат жана алардын аткарылышы жөнүндө отчётторду жалпыга маалымдоо каражаттарында жана расмий сайтта жарыялайт;

4) шаарды өнүктүрүү үчүн инвестицияларды жана гранттарды тартат;

5) тарыхтын, архитектуранын жана маданияттын эстеликтерин коргоо боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырат;

6) шаардын жерлерин жана муниципалдык менчиктин объекттерин акыл-эстүү пайдалануу боюнча иш-чараларды иштеп чыгат жана аларды шаардык кеңеш бекиткенден кийин жүзөгө ашырат;

7) ишканаларды менчиктештирүүгө жана тиешелүү социалдык-маданий, тиричилик жана чарбалык маанидеги объекттердин тиешелүү органдары менен макулдашуу боюнча ошондой эле алардын иштешине зарыл жабдуу-шайманды баланска кабыл алууга катышат;

8) турак жай фондун, турак жай-коммуналдык чарбаны өнүктүрүү жана шаарды абат кылуу боюнча иш-чараларды иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат;

9) шаарда курулуш куруунун башкы планын иштеп чыгып, жүзөгө ашырат, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык архитектура жана шаар куруу ченемдери менен эрежелеринин сакталышына контролду ишке ашырат;

10) жаратылыш кырсыктарынын, өзгөчө кырдаалдардын, алардын кесепеттерин жоюу боюнча мобилизациялык жана уюштуруучулук-практикалык иш-чараларды жүзөгө ашырат;

10-1) мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн долбоорлорун издөөнү, демилгелөөнү жүзөгө ашырат жана мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө макулдашууларды "Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык түзөт;

10-2) калкка консультациялык-укуктук жардам көрсөтүү тутумун иштеп чыгат жана ишке ашырат;

11) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жана башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

2. Областтык маанидеги шаарлардын мэриялары айыл чарба жерлерин жана токой, суу фонддорунун жер участокторун жана өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарын, өнөр жай, транспорт, байланыш жана башка багыттагы жерлерди чечим түрүндө жерлердин башка категорияларына которууга макулдук берет жана аны белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө киргизет.

*(КР 2013-жылдын 15-ноябрындагы № 201, 2014-жылдын 18-февралындагы № 35, 2016-жылдын 12-декабрындагы № 196, 2017-жылдын 1-июнундагы № 95 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**42-берене. Шаардын мэрине коюлуучу талаптар**

Жогорку билими жана мамлекеттик же болбосо муниципалдык кызматта 3 жылдан кем эмес иш стажы, же болбосо билим берүүнүн, саламаттык сактоонун мамлекеттик мекемелеринде же уюмдардын, мекемелердин жана жеке менчик чарбачыл субъекттердин жетекчилик кызматтарында 5 жылдан кем эмес иш стажы бар, аракетке жөндөмдүү Кыргыз Республикасынын жараны шаардын мэри боло алат.

Шаарга кылмыш жасагандыгы үчүн мыйзамдарда белгиленген тартипте алып салынбаган же жоюлбаган соттуулугу бар Кыргыз Республикасынын жараны мэр боло албайт.

*Караңыз:*

*КР Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2013-жылдын 31-октябрындагы № 7-р чечими*

*(КР 2011-жылдын 30-ноябрындагы № 228, 2012-жылдын 10-августундагы № 164, 2014-жылдын 17-июлундагы № 138 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**43-берене. Шаардын мэрин кызмат ордуна шайлоонун, ага киришүүнүн жана андан бошотуунун тартиби**

1. Шаарлардын мэрлери шаардык кеңеш тарабынан анын чакырылган мөөнөтүнө шайланат. Бишкек жана Ош шаарларынын мэрлерин шайлоо өзүнчө мыйзам менен аныкталат.

Шаардык кеңештин чакырылышынын мөөнөтү аяктаган же болбосо мөөнөтүнөн мурда таркатылган күндөн тартып шаардын мэри жаңыдан шайланган шаардын мэри кызмат ордуна киришкен күнгө чейин мэрдин милдеттерин аткаруучу деп эсептелинет.

2. Мэрдин кызмат ордуна талапкерликти көрсөтүүгө шаардык кеңештин фракциясынын, фракциялардын коалициясынын жана Премьер-министрдин укугу бар.

3. Шаардын мэрин шайлоо жаңы шайланган шаардык кеңештин биринчи сессиясынын күнүнөн тартып, 10 календардык күндөн кечиктирилбестен Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан дайындалат.

Шаардын мэри ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотулган учурда Борбордук шайлоо комиссиясы бош орун түзүлгөн күндөн тартып, 10 календардык күндөн кечиктирбестен шаардын мэрин шайлоону дайындайт.

Шаардын мэри шаардык кеңештин чакыруу мөөнөтү аяктаганга чейин 90 календардык күн калганда ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотулган учурда Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан жаңы шайланган шаардык кеңештин биринчи жыйналышы өткөнгө чейин шаардын мэрин шайлоо дайындалбайт.

Шаардын мэрин шайлоо аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан шайлоо дайындалган күндөн тартып, 20 календардык күндөн кечиктирилбестен өткөрүлөт.

4. Шаардын мэрин шайлоо жергиликтүү кеңештин депутаттары тарабынан жашыруун добуш берүү жолу менен жүзөгө ашырылат. Эгерде ага шаардык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүгү катышса, шаардын мэрин шайлоо өткөрүлдү деп эсептелет.

Тиешелүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушун алган талапкер шайланды деп эсептелет.

Эгерде:

- катталган бир талапкер, депутаттардын добуштарынын эарыл болгон санын албай калса, кайра шайлоо өткөрүлөт;

- эки талапкер катталса жана алардын бири да добуштардын зарыл болгон санын албай калса, добуштардын көбүрөөк санын алган бир талапкер боюнча добуш берүүнүн экинчи туру өткөрүлөт. Эгерде биринчи турда эки талапкер депутаттардын добуштарынын тең санын алып калса, кайра шайлоо өткөрүлөт;

экиден ашык талапкер катталса жана алардын бири да депутаттардын добуштарынын зарыл болгон санын албай калса, добуштардын көбүрөөк санын алган эки талапкер боюнча добуш берүүнүн экинчи туру өткөрүлөт. Эгерде биринчи турда талапкерлердин бири добуштардын көбүрөөк санын алса, ал эми кийинки эки талапкер добуштардын тең санын алса, добуштардын көбүрөөк санын алган бир талапкер боюнча добуш берүүнүн экинчи туру өткөрүлөт. Эгерде биринчи турда эки талапкер добуштардын көбүрөөк тең санын алса, ал эми башка талапкерлер азыраак добуш алса, добуштардын көбүрөөк тең санын алган эки талапкер боюнча добуш берүүнүн экинчи туру өткөрүлөт. Эгерде биринчи турда бардык талапкерлер добуштардын тең санын алса, кайра шайлоо өткөрүлөт.

Добуш берүүнүн ушул беренеде каралбаган натыйжаларын аныктоодо башка кырдаалдар келип чыккан учурда, кайра шайлоо өткөрүлөт.

Эгерде талапкерлер үчүн дегенге караганда депутаттардын добуштарынын көпчүлүгү «бардык талапкерлерге каршы» позициясына берилсе, кайра шайлоо өткөрүлөт.

Эгерде добуш берүү күнүнө карата бир да талапкер катталбаса же болбосо катталган талапкерлер шайлоого катышуудан баш тартса, кайра шайлоо өткөрүлөт.

Борбордук шайлоо комиссиясы шаардын мэри шайланбай калган күндөн тартып, 3 календардык күндүн ичинде кайра шайлоо дайындайт.

Жаңы талапкерликтерди көрсөтүү менен кайра шайлоо аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан кайра шайлоо дайындалган күндөн тартып 15 календардык күндөн кечиктирбестен өткөрүлөт.

*(Он экинчи абзац КР 2014-жылдын 21-ноябрындагы № 158 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

Шаардын мэрин шайлоонун ушул беренеде жөнгө салынбаган тартиби жергиликтүү кеңештин регламенти менен аныкталат.

Аймактык шайлоо комиссиясы шайлоонун натыйжаларын жарыялайт жана тиешелүү протокол түзөт.

Шаардын шайланган мэрине аймактык шайлоо комиссиясынын тиешелүү күбөлүгү берилет.

5. Тиешелүү кеңештин депутаттары тарабынан шаардын мэри белгиленген мөөнөттө шайланбаган учурда, Борбордук шайлоо комиссиясынын сунушу боюнча Президент жергиликтүү кеңешти таратууну жүзөгө ашырат жана тиешелүү жергиликтүү кеңешке мөөнөтүнөн мурда шайлоо дайындайт.

*(Экинчи абзац КР 2014-жылдын 21-ноябрындагы № 158 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

6. Шаардын мэри төмөндөгүдөй учурларда ээлеген кызмат ордунан мөөнөтүнөн мурда бошотулушу мүмкүн:

1) жеке арызынын негизинде;

2) прокуратура органдары тарабынан белгиленген, же мамлекеттик ыйгарым укуктары берилген мыйзамдарды, Президенттин жана Өкмөттүн ченемдик-укуктук актыларын аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн шаардык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүгүнүн макулдугу менен, а прокуратура органдары тарабынан белгиленген мыйзамдарды, Президенттин жана Өкмөттүн ченемдик-укуктук актыларын кайра бузуу фактылары ачылганда, шаардык кеңештин депутаттарын кабардар кылуу менен;

3) соттун күчүнө кирген айыптоочу өкүмүнүн негизинде;

4) сот тарабынан жоопкерчиликке жарамсыз деп таанылган учурда;

5) аны өлдү, дайынсыз жок болгон, ошондой эле өлгөн деп жарыялоо жөнүндө соттун чечими мыйзамдуу күчүнө кирген учурда;

6) Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жактарга туруктуу жашоо үчүн чыгып кеткен учурда;

7) Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыккан, Кыргыз Республикасынын жарандыгын жоготкон же чет мамлекеттин жарандыгын алган учурда;

8) жылыш болбогон эмгекке жарамсыздыгынын кесепетинен өзүнүн кызмат милдеттерин аткарууга мүмкүндүгү жок болгон учурда;

9) шаардык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экисинин добуштары менен ишенбестик билдирилген учурда;

10) тараптардын эркине көз каранды болбогон жагдайлар боюнча (тиешелүү мыйзам кабыл алынган, мыйзамдарда каралган дагы башка жагдайларда).

7. Шаардын мэрине шаардык кеңеш тарабынан ишенбестик көрсөтүлгөн учурда Премьер-министр 3 күндүн ичинде аны кызмат ордунан мөөнөтүнөн мурда бошотуу же болбосо баш тартуу жөнүндө жүйөлөштүрүлгөн чечимин расмий жиберүү менен шаардык кеңештин чечимине макулдук бербөө жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу.

8. Шаардык кеңештин депутаттары тарабынан шаардын мэрине кайра ишенбестик билдирилген учурда Премьер-министр аны кызмат ордунан бошотуу жөнүндө чечим кабыл алууга укугу бар.

9. Шаардын мэри кызмат ордунан мөөнөтүнөн мурда бошотулган учурда, мэрдин милдеттери шаардын мэри шайланганга чейин биринчи вице-мэрге жүктөлөт. Биринчи вице-мэрдин кызмат орду жок болгон учурда, мэрдин милдеттери вице-мэрге жүктөлөт.

*(КР 2011-жылдын 30-ноябрындагы № 228, 2012-жылдын 3-августундагы № 149, 2013-жылдын 16-октябрындагы № 192, 2014-жылдын 21-ноябрындагы № 158, 2018-жылдын 15-февралындагы № 21 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**44-берене. Шаардын мэринин ыйгарым укуктары**

1. Шаардын мэри:

1) Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана мыйзамдарынын, Президенттин жана Өкмөттүн актыларынын, ошондой эле шаардык кеңештин ыйгарым укуктарынын чегинде кабыл алынган шаардын жергиликтүү жамаатынын уставынын, шаардык кеңештин чечимдеринин сакталышын жана аткарылышын уюштурат;

2) шаардын турмуш-тиричилигин камсыз кылуу боюнча мэриянын, муниципалдык уюмдардын жана мекемелердин ишине жетекчилик кылат, ушул иштин натыйжаларына жооп берет;

2-1) мамлекеттик бийлик органдарынын аймактык бөлүмдөрүнүн ишин координациялайт, соттордон, прокурорлордон, мамлекеттик улуттук коопсуздук органынын жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик статистика органдарынын жетекчилеринен тышкары, алар өз милдеттерин талаптагыдай аткарбаган учурда аймактык бөлүмдөрдүн жетекчилерин кызматтан четтетүү боюнча маселе коюуга укуктуу;

3) шаардык кеңеш менен макулдашуу боюнча шаардын вице-мэрлерин, түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилерин дайындайт жана кызмат ордунан бошотот, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, мэриянын аппаратынын кызматкерлерин дайындайт жана кызмат ордунан бошотот;

4) жергиликтүү маанидеги маселелерди, ошондой эле жергиликтүү кеңештин ыйгарым укуктарына таандык кылынгандарын кошпогондо, берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды башкарууну ишке ашырат;

5) берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын талаптагыдай эмес уюштурулгандыгы үчүн жеке жоопкерчилик тартат;

6) мамлекеттик бийлик органдарында, мамлекеттик эмес, коомдук жана Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү башка уюмдарында шаардын атынан чыгат;

7) кызмат ордуна кирген учурдан тартып 3 айдан кечиктирбестен шаарды социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүнүн программасынын долбоорун иштеп чыгууну камсыз кылат, шаардык кеңешке бекитүү үчүн сунуштайт;

8) шаардык кеңештин бекитүүсүнө шаардык бюджетинин долбоорун сунуштайт, жарым жылда бир жолудан кем эмес шаардагы иштердин жалпы абалы, бюджеттин аткарылышы, муниципалдык менчиктин жана бюджеттен тышкаркы фонддун каражаттарынын пайдаланылышы, шаарды социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү, консультациялык-укуктук жардамдын көрсөтүлүшү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларынын аткарылышы жөнүндө шаардык кеңеш алдында отчёт берет;

9) мыйзамдарга ылайык жергиликтүү салыктарды жана жыйымдарды киргизүү боюнча шаардык кеңешке сунуштарды киргизет;

10) шаардык кеңештин сессиясын чакыруу жөнүндө сунуштарды киргизет, анын ишине катышат;

11) белгиленген тартипте Президент алдында мамлекеттик сыйлыктарды ыйгаруу жөнүндө өтүнүч жасайт;

12) Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларына ылайык башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

2. Республикалык маанидеги шаарларда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишин уюштуруунун өзгөчөлүктөрү алардын статусу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталат.

*(КР 2011-жылдын 30-ноябрындагы № 228, 2013-жылдын 16-октябрындагы № 192, 2014-жылдын 21-ноябрындагы № 158, 2016-жылдын 12-декабрындагы № 196 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**45-берене. Шаардын вице мэрлери**

1. Шаардын вице-мэри (биринчи) ал жок учурда мэрдин ордуна иштейт жана шаардын мэрине жүктөлгөн милдеттерди аткарат.

2. Шаардын вице-мэрлери шаардын мэринин алдында ал аткаруучу иш-милдеттер үчүн жоопкерчиликтүү болот.

## 6-глава
## Айыл өкмөтү

**46-берене. Айыл өкмөтү**

1. Айыл аймагында аткаруу бийлигин жүзөгө ашыруу үчүн айыл өкмөтү иштейт.

2. Айыл өкмөтү айыл кеңешинин депутаттарына өзүнүн ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууда шайлоочулар алдында отчётторду даярдоого жана өткөрүүгө көмөк көрсөтөт.

3. Айыл өкмөтү өзүнүн ишинде – айыл кеңешине, а берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча тиешелүү мамлекеттик органдарга отчёт берип турат.

4. Компетенциясына таандык маселелер боюнча айыл өкмөтү кабыл алуучу чечимдерге айыл өкмөтүнүн башчысы тарабынан кол коюлат.

5. Ыйгарым укуктарынын чегинде чыгарылган айыл өкмөтүнүн актылары тиешелүү аймакта аткаруу үчүн милдеттүү болот.

6. Айыл өкмөтүнүн түзүмүнө участкалык врач, ветеринардык врач, ички иштер органдарынын кызматкери (участкалык инспектор) кирсе болот.

Участкалык врач, ветеринардык врач, ички иштер органдарынын кызматкери (участкалык инспектор) Өкмөт белгилеген тартипте контракт негизинде айыл өкмөтүнүн штатына алынат.

**47-берене. Айыл өкмөтүнүн компетенциясы**

Айыл өкмөтү:

1) аймакты социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү программаларынын долбоорун иштеп чыгат жана алар айыл кеңеши тарабынан бекитилгенден кийин аткарылышын камсыз кылат;

1-1) аймакты социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү программасынын аткарылышы жөнүндө отчётту жыл сайын көпчүлүккө берип турат;

2) жергиликтүү бюджеттин долбоорун иштеп чыгат, ал айыл кеңеши тарабынан бекитилгенден кийин аны аткарат;

3) тарыхтын, архитектуранын жана маданияттын эстеликтерин коргоо боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырат;

4) жаңы жумуш орундарын ачуу боюнча иш-чараларды иштеп чыгат, жүзөгө ашырат;

5) ишканаларды менчиктештирүүгө жана айыл өкмөтүнүн балансына социалдык маданий-тиричилик жана чарбалык маанидеги объекттерди жана алардын иштешине зарыл жабдуу-шайманды өткөрүп берүүгө катышат;

6) турак жай фондун, турак жай-коммуналдык чарбаны өнүктүрүү жана аймакты абат кылуу боюнча иш-чараларды иштеп чыгып, жүзөгө ашырат;

7) муниципалдык менчикте турган жерлерди, ошондой эле Айыл чарбасына жарактуу жерлердин мамлекеттик фондунун жерлерин акыл-эстүү пайдалануу боюнча иш-чараларды иштеп чыгат, жүзөгө ашырат;

8) аймакка курулуш куруунун башкы планын иштеп чыгып, жүзөгө ашырат, архитектуранын жана шаар куруунун нормалары менен эрежелеринин сакталышына контролду ишке ашырат;

9) жаратылыш кырсыктарынын, өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана чектетүү, алардын кесепеттерин жоюу боюнча мобилизациялык жана уюштуруучулук-практикалык иш-чараларды жүзөгө ашырат;

9-1) мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн долбоорлорун издөөнү, демилгелөөнү жүзөгө ашырат жана мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө макулдашууларды «Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык түзөт;

9-2) калкка консультациялык-укуктук жардам көрсөтүү тутумун иштеп чыгат жана ишке ашырат;

10) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык дагы башка иш-чараларды жүзөгө ашырат.

*(КР 2012-жылдын 3-августундагы № 149, 2013-жылдын 15-ноябрындагы № 201, 2014-жылдын 18-февралындагы № 35, 2016-жылдын 12-декабрындагы № 196 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**48-берене. Айыл өкмөтүнүн башчысына коюлуучу талаптар**

Жогорку билими жана мамлекеттик же болбосо муниципалдык кызматта 2 жылдан кем эмес иш стажы, же болбосо билим берүүнүн, саламаттык сактоонун мамлекеттик мекемелеринде же уюмдардын, мекемелердин жана жеке менчик чарбакер субъекттердин жетекчилик

кызматтарында 3 жылдан кем эмес иш стажы бар аракетке жөндөмдүү Кыргыз Республикасынын жараны айыл өкмөтүнүн башчысы боло алат.

Кылмыш жасагандыгы үчүн мыйзамдарда белгиленген тартипте алып салынбаган же жоюлбаган соттуулугу бар Кыргыз Республикасынын жараны айыл өкмөтүнө башчы болушу мүмкүн эмес.

*(КР 2011-жылдын 30-ноябрындагы № 228, 2012-жылдын 10-августундагы № 164, 2014-жылдын 17-июлундагы № 138 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

*Караңыз:*

*КР Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2013-жылдын 31-октябрындагы № 7-р чечими*

**49-берене. Айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоонун, кызмат ордуна киришүүсүнүн жана кызмат ордунан бошотуунун тартиби**

1. Айыл өкмөтүнүн башчысы айыл кеңешинин депутаттары (депутаты) тарабынан көрсөтүлүүчү, ошондой эле райондук мамлекеттик администрациянын башчысы (мындан ары – аким) тарабынан сунушталуучу талапкерлердин ичинен жашыруун добуш берүү жолу менен айыл кеңешинин чакырылыш мөөнөтүнө айыл кеңешинин депутаттары тарабынан шайланат.

Айылдык кеңештин чакырылышынын мөөнөтү аяктаган же болбосо мөөнөтүнөн мурда таркатылган күндөн тартып айыл өкмөтүнүн башчысы айыл өкмөтүнүн жаңы шайланган башчысы кызмат ордуна кирген күнгө чейин айыл өкмөтүнүн башчысынын милдеттерин аткаруучу деп эсептелет.

2. Айыл өкмөтүнүн башчыларын шайлоо Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан жаңы шайланган айылдык кеңештин биринчи сессиясынын күнүнөн тартып, 10 календардык күндөн кечиктирбестен дайындалат.

Айыл өкмөтүнүн башчысы ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотулган учурда Борбордук шайлоо комиссиясы бош орун түзүлгөн күндөн тартып, 10 календардык күндөн кечиктирбестен айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоону дайындайт.

Айыл өкмөтүнүн башчысы айылдык кеңештин чакыруу мөөнөтү аяктаганга чейин 90 календардык күн калганда ээлеген кызмат ордунан мөөнөтүнүн мурда бошотулган учурда Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан жаңы шайланган айыл кеңешинин биринчи сессиясы өткөнгө чейин айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоо дайындалбайт.

Айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоо аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан шайлоо дайындалган күндөн тартып, 20 календардык күндүн ичинде өткөрүлөт.

3. Айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоо жергиликтүү кеңештин депутаттары тарабынан жашыруун добуш берүү жолу менен жүзөгө ашырылат. Эгерде ага айылдык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүгү катышса, айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоо өткөрүлдү деп эсептелет.

Тиешелүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушун алган талапкер шайланды деп эсептелет.

Эгерде:

- катталган бир талапкер, депутаттардын добуштарынын зарыл болгон санын албай калса, кайра шайлоо өткөрүлөт;
- эки талапкер катталса жана алардын бири да добуштардын зарыл болгон санын албай калса, добуштардын көбүрөөк санын алган бир талапкер боюнча добуш берүүнүн экинчи туру өткөрүлөт. Эгерде биринчи турда эки талапкер депутаттардын добуштарынын тең санын алып калса, кайра шайлоо өткөрүлөт;
- экиден ашык талапкер катталса жана алардын бири да депутаттардын добуштарынын зарыл болгон санын албай калса, добуштардын көбүрөөк санын алган эки талапкер боюнча добуш берүүнүн экинчи туру өткөрүлөт. Эгерде биринчи турда талапкерлердин бири добуштардын көбүрөөк санын алса, ал эми кийинки эки талапкер добуштардын тең санын алса,

добуштардын көбүрөөк санын алган бир талапкер боюнча добуш берүүнүн экинчи туру өткөрүлөт. Эгерде биринчи турда эки талапкер добуштардын көбүрөөк тең санын алса, ал эми башка талапкерлер азыраак добуш алса, добуштардын көбүрөөк тең санын алган эки талапкер боюнча добуш берүүнүн экинчи туру өткөрүлөт. Эгерде биринчи турда бардык талапкерлер добуштардын тең санын алса, кайра шайлоо өткөрүлөт.

Добуш берүүнүн ушул беренеде каралбаган натыйжаларын аныктоодо башка кырдаалдар келип чыккан учурда, кайра шайлоо өткөрүлөт.

Эгерде талапкерлер үчүн дегенге караганда депутаттардын добуштарынын көпчүлүгү "бардык талапкерлерге каршы" позициясы үчүн берилсе, кайра шайлоо өткөрүлөт.

Эгерде добуш берүү күнүнө карата бир да талапкер катталбаса же болбосо катталган талапкерлер шайлоого катышуудан баш тартышса, кайра шайлоо өткөрүлөт.

4. Борбордук шайлоо комиссиясы айыл өкмөтүнүн башчысы шайланбай калган күндөн тартып, 3 календардык күндүн ичинде кайра шайлоо дайындайт.

Жаңы талапкерликтерди көрсөтүү менен кайра шайлоо аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан кайра шайлоо дайындалган күндөн тартып, 15 календардык күндөн кечиктирбестен өткөрүлөт.

5. Эгерде кворумдун жоктугунан шайлоо болбой калса, Борбордук шайлоо комиссиясы 3 календардык күндүн ичинде кайра шайлоо дайындайт. Мындай учурда кайра шайлоо мурда каттоодон өткөн талапкерлер боюнча өткөрүлөт.

*(Экинчи абзац КР 2014-жылдын 21-ноябрындагы № 158 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

Аймактык шайлоо комиссиясы шайлоонун натыйжаларын жарыялайт жана тиешелүү протокол түзөт.

Шайланган айыл өкмөтүнүн башчысына аймактык шайлоо комиссиясынын тиешелүү күбөлүгү берилет.

6. Эгерде тиешелүү кеңештин депутаттары тарабынан айыл өкмөтүнүн башчысы белгиленген мөөнөттө шайланбай калса, Борбордук шайлоо комиссиясынын сунушу боюнча Президент жергиликтүү кеңешти таратууну жүзөгө ашырат жана тиешелүү жергиликтүү кеңешке мөөнөтүнөн мурда шайлоо дайындайт.

*(Экинчи абзац КР 2014-жылдын 21-ноябрындагы № 158 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

7. Айыл өкмөтүнүн башчысы ээлеген кызмат ордунан аким тарабынан төмөндөгүдөй учурларда мөөнөтүнөн мурда бошотулушу мүмкүн:

1) жеке арызынын негизинде;

2) мыйзамдарды, прокуратура органдары тарабынан белгиленген же мамлекеттик ыйгарым укуктар берилген Президенттин жана Өкмөттүн ченемдик-укуктук актыларын аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн – айыл кеңешинин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүгүнүн макулдугу менен, а мыйзамдар, Президенттин жана Өкмөттүн прокуратура органдары тарабынан белгиленген ченемдик-укуктук актыларын бузуу фактылары кайталанган учурда, – айыл кеңешинин депутаттарын кабардар кылуу менен;

3) соттун айыптоочу өкүмү күчүнө киришинин негизинде;

4) ал сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп табылган учуруда;

5) соттун өлдү, дайынсыз жок болду, ошондой эле өлгөн деп жарыялоо жөнүндө чечими мыйзамдуу күчүнө кирген учурда;

6) Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жактарга туруктуу жашоо үчүн чыгып кеткен учурда;

7) Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыккан, Кыргыз Республикасынын жарандыгын жоготкон же чет мамлекеттин жарандыгын алган учурда;

8) жылыш болбогон эмгекке жараксыздыгынын кесепетинен өзүнүн кызматтык милдеттерин аткарууга мүмкүнчүлүгү жок болгон учурда;

9) айыл кеңешинин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн эки добушу менен ишенбестик билдирилген учурда;

10) тараптардын (тиешелүү мыйзамдын алынышы, мыйзамдарда каралган дагы башка жагдайлар) эрк-ниетине көз карандысыз болгон жагдайлар боюнча.

8. Айыл өкмөтүнүн башчысына айыл кеңеши тарабынан ишенбестик көрсөтүлгөн учурда аким 3 күндүн ичинде аны кызмат ордунан мөөнөтүнөн мурда бошотуу же болбосо баш тартуу жөнүндө жүйөлөштүрүлгөн чечимин расмий жиберүү менен айыл кеңешинин чечимине макулдук бербөө жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу.

9. Айыл өкмөтүнүн башчысына айыл кеңешинин депутаттары тарабынан кайра ишенбестик билдирилген учурда аким аны ээлеген кызматынан бошотот.

10. Айыл өкмөтүнүн башчысы кызмат ордунан мөөнөтүнөн мурда бошотулган учурда, айыл өкмөтүнүн башчысынын милдеттери айыл өкмөтүнүн башчысы шайланганга чейин айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басарына жүктөлөт. Айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басарынын кызмат орду жок болгон учурда, айыл өкмөтүнүн башчысынын милдеттери айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысына жүктөлөт.

*(КР 2011-жылдын 30-ноябрындагы № 228, 2012-жылдын 3-августундагы № 149, 2013-жылдын 16-октябрындагы № 192, 2014-жылдын 21-ноябрындагы № 158, 2018-жылдын 15-февралындагы № 21 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**50-берене. Айыл өкмөтүнүн башчысынын ыйгарым укуктары**

Айыл өкмөтүнүн башчысы:

1) айыл өкмөтүнүн ишине жетекчилик кылат жана анын натыйжаларына жооптуу болот;

2) айыл кеңешине жергиликтүү бюджеттин долбоорун сунуштайт, жарым жылда бирден кем эмес кеңештин алдында айылдагы иштин жалпы абалы, жергиликтүү бюджеттин аткарылышы жана муниципалдык менчиктин пайдаланылышы, аймактын социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн программаларынын, консультациялык-укуктук жардам көрсөтүүнүн аткарылышы жана калктын социалдык жактан корголушу жөнүндө отчёт берет;

3) берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын талаптагыдай аткарылышын уюштуруу үчүн жеке жооптуу болот;

4) айыл кеңешине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү салыктарды жана жыйымдарды киргизүү боюнча сунуш киргизет;

5) өздөрүнүн милдеттерин талаптагыдай аткарбаган учурда мамлекеттик мекемелер менен уюмдардын тиешелүү аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилерин кызмат ордунан четтетүү жөнүндө маселе коюуга укуктуу;

6) тиешелүү аймактык мамлекеттик мекемелердин жетекчилерин дайындоого макулдук берет;

7) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басарын, айыл өкмөтүнүн аппаратынын кызматкерлерин кызматка дайындайт жана андан бошотот.

8) жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча ыйгарым укуктарды, ошондой эле айыл кеңешинин карамагына таандык кылынган маселелерди кошпогондо, берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашырат;

9) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык дагы башка маселелерди чечет.

*(КР 2016-жылдын 12-декабрындагы №196 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**51-берене. Айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары**

1. Айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары ал жок болгон учурда анын ордуна иштейт жана айыл өкмөтүнүн башчысы тарабынан жүктөлгөн милдеттерди аткарат.

Айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басарынын кызмат орду жок болгон учурда башчынын милдеттерин убактылуу аткаруу айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысына жүктөлөт.

2. Айыл өкмөтүнүн башчысына коюлуучу талаптар жөнүндө жоболор бирдей өлчөмдө анын орун басарына да колдонулат.

3. Айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары конкурстун натыйжалары боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы тарабынан дайындалган муниципалдык кызматчы болуп саналат.

4. Айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басарын кызмат ордунан бошотуу администрациялык кызмат орундарын ээлеген муниципалдык кызматчылар үчүн каралган негиздер боюнча жана тартипте айыл өкмөтүнүн башчысы тарабынан жүзөгө ашырылат.

5. Айылдык кеңеш ушул Мыйзамдын 49-беренесинин 7-бөлүгүнүн 1- жана 2-пункттарында көрсөтүлгөн негиздер боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы тарабынан милдеттүү түрдө аткарууга жаткан айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басарын депутаттардын жалпы санынын үчтөн экисинин добушу менен бошотуу жөнүндө сунуш киргизүүгө укуктуу.

Жергиликтүү кеңештин сунушу боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басарын бошотпогон учурда сунуш киргизилген күндөн тартып 10 жумушчу күндүн ичинде айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары ээлеген кызматынан бошотулду деп эсептелет.

6. Айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары айыл өкмөтүнүн башчысынын алдында аткаруучу иш-милдети үчүн жоопту болот.

*(КР 2011-жылдын 30-ноябрындагы № 228, 2016-жылдын 14-майындагы № 58 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**52-берене. Айыл башчысы**

1. Жергиликтүү кеңештин чечими боюнча өзүнчө жайгашкан калктуу конуштардын жергиликтүү маанидеги маселелерин ыкчам чечүүнү уюштуруу максатында айыл башчысы кызмат орду киргизилсе болот.

2. Айыл башчысы калыптанган каада-салттар боюнча калк конуштун аймактык өзгөчөлүктөрүнөн чыгып, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын чечими менен берилген иш-милдеттерди аткарат.

3. Айыл башчысы тиешелүү аймактагы тургундардын жыйындарынын макулдугу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын башчысы тарабынан дайындалат жана муниципалдык кызматчы болуп саналат.

4. Эгерде тиешелүү калктуу конуштан жергиликтүү кеңешке депутат шайланбаган учурда, айыл башчысы кеңеш берүүчү добуш укугу менен тиешелүү жергиликтүү кеңештин жыйналыштарына, ал эми шаардык кеңештин жыйналыштарына – тиешелүү айылга тиешеси бар маселелерди кароодо катышууга укуктуу.

*(КР 2014-жылдын 21-ноябрындагы № 158, 2016-жылдын 14-майындагы № 58 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## 7-глава
## Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысынын кызмат ордуна талапкерди каттоонун тартиби

**53-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысынын кызмат ордуна талапкерлерди каттоо**

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысынын кызмат ордуна талапкерди көрсөткөн субъект тарабынан каттоо үчүн шайлоо күнүнө чейин 5 жумуш күнүнөн кечиктирилбестен тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына төмөндөгүдөй документтер сунушталат:

1) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысынын кызмат ордуна талапкерди көрсөтүү жөнүндө чечим;

2) ат салышууга макулдугу жөнүндө талапкердин арызы;

3) фамилиясын, атын, атасынын атын, туулган датасын, иштеген жерин, ээлеген кызмат ордун (кызматынын түрүн) жана турган жерин көрсөтүү менен талапкердин өмүр баянынын маалыматтары;

4) ушул Мыйзамдын 42- жана 48-беренелеринин талаптарын тастыктоочу тиешелүү документтер.

2. Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы документтерди кабыл алган күндөн тартып 3 календардык күндүн ичинде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысынын кызмат ордуна талапкерди көрсөтүүнүн тартиби ушул Мыйзамдын талаптарына

шайкеш келе тургандыгын текшерет жана талапкерди каттоо жөнүндө – чечим, же болбосо каттоодон баш тартуу жөнүндө жүйөлөштүрүлгөн чечим чыгарат. Мында эгерде шайлоо комиссиясы ушул талапкерди каттоого тоскоол болуучу талапкердин документтериндеги шайкеш келбестикти тапса, документтерди алгандан кийин 24 сааттын ичинде шайлоо комиссиясы ошол шайкеш келбестиктер жөнүндө талапкерди көрсөткөн субъектиге кабар билдирүүгө милдеттүү. Талапкерди көрсөткөн субъект кабар алынган учурдан тартып 48 сааттын ичинде зарыл өзгөртүүлөрдү киргизип, тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына оңдолгон документтерди тапшырууга укуктуу.

3. Талапкерди каттоодон баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынган учурда тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы аны кабыл алган учурдан тартып бир сутканын ичинде талапкерди көрсөткөн субъектиге баш тартуунун негиздерин баяндоо менен шайлоо комиссиясынын чечиминин көчүрмөсүн берүүгө милдеттүү.

4. Талапкерди каттоодон баш тартууга төмөндөгүлөр негиз боло алат:

1) ушул Мыйзамда каралган көрсөтүүнүн тартиби сакталбашы;

2) талапкерде пассивдүү шайлоо укугунун жоктугу;

3) талапкердин башка мамлекеттин жарандыгына таандык экендиги;

4) талапкерди көрсөткөн субъекттин ушул берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн бардык зарыл документтерди бербегендиги.

5. Талапкерди каттоодон баш тартуу жөнүндө чечим Борбордук шайлоо комиссиясына же сотко даттанылышы мүмкүн.

6. Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы бардык талапкерлерди каттагандан кийин эки календардык күндүн ичинде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысын шайлоону уюштурат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын аппараттары жай берүү, добуш берүү үчүн кабиналарды, добуш берүү үчүн үкөктөрдү орнотуу жана шайлоону өткөрүүгө байланыштуу башка маселелерди чечүү жолу менен аймактык шайлоо комиссияларына шайлоону өткөрүүгө көмөк көрсөтүүгө милдеттүү.

*(КР 2011-жылдын 30-ноябрындагы № 228 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**54-берене. Шайлоого катышуудан баш тартуу, талапкерди чакыртып алуу**

1. Талапкер кайсы учурда болсо да, бирок добуш берүүгө чейин эки күн калгандан кечиктирбестен бул тууралуу тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына жазуу жүзүндө арыз берип, шайлоого мындан ары катышуудан баш тартууга укуктуу. Мындай учурда талапкерди каттаган тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы талапкерди каттоону жокко чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алууга милдеттүү.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысынын кызмат ордуна талапкерди көрсөтүүгө укугу бар субъект кайсы учурда болсо да добуш берүүгө чейин эки календардык күндөн кечиктирбестен тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына жазуу жүзүндө тиешелүү арыз берип, талапкерди чакыртып алууга да укуктуу. Мындай учурда субъект тарабынан көрсөтүлгөн талапкерди каттаган тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы талапкерди каттоону жокко чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алууга милдеттүү.

## 8-глава
## Аймактык коомдук өз алдынча башкаруу

**55-берене. Аймактык коомдук өз алдынча башкаруу**

1. Аймактык коомдук өз алдынча башкаруу деп, жашаган жери боюнча жарандардын айыл аймагынын, шаардын бөлүгүндө жергиликтүү маселелерде өз демилгелерин өз алдынча чечүү жана өзүнүн жоопкерчилиги менен ишке ашыруу боюнча өзүн-өзү уюштурушу түшүнүлөт.

2. Аймактык коомдук өз алдынча башкаруу микрорайондордун, турак жай комплекстеринин, үй, көчө, кварталдык комитеттеринин, жамааттардын (общиналар) жана башка Конституцияга, ушул Мыйзамга, Кыргыз Республикасынын жана башка мыйзамдарына карамакаршы келбеген формаларында кеңештер жана комитеттер түрүндө ишке ашырылат.

3. Коомдук өз алдынча башкаруу аймагынын чек арасы тургундардын сунуштарын эске алуу менен тиешелүү жергиликтүү кеңештер тарабынан белгиленет.

4. Аймактык коомдук өз алдынча башкаруунун ар кандай формалары жергиликтүү кеңеште аларды эсепке алып каттоо жүргүзүлгөн учурдан тартып өзүнүн статусун алат. Аймактык коомдук өз алдынча башкаруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте юридикалык жактын статусун алууга да укуктуу.

5. Аймактык коомдук өз алдынча башкаруунун бардык формалары өз ишинде өздөрүн шайлаган жарандардын чогулушуна жана аларды каттаган жергиликтүү кеңешке отчёт берип турат.

6. Ушул Мыйзамда каралган калктын өз алдынча башкарууну ишке ашырууга катышуусунун ар кандай формалары менен катар эле жарандар Конституцияга, ушул Мыйзамга, Кыргыз Республикасынын жана башка мыйзамдарына карама каршы келбеген дагы башка формаларда жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышууга укугу бар.

**56-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аймактык коомдук өз алдынча башкаруу менен өз ара мамилелери**

Аймактык коомдук өз алдынча башкарууга келишимдик негизде жергиликтүү маанидеги айрым маселелер ушул Мыйзамда каралган тартипте өткөрүлүп берилиши мүмкүн.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аларга менчикке чарбалык объекттерди, турак жай жана турак жай эмес фонддорду, ошондой эле өзүнүн материалдык, башка ресурстарын өткөрүп берүүгө укуктуу.

**57-берене. Аймактык коомдук өз алдынча башкаруунун укуктары**

1. Аймактык коомдук өз алдынча башкаруу өзүнүн ыйгарым укуктуу органдары же өкүлдөрү аркылуу төмөндөгүлөргө укуктуу:

1) ушул аймактын маселелерин талкуулоо учурунда жергиликтүү кеңештердин ишине катышууга;

2) аймакты көрктөндүрүү, ремонттоо, санитардык тазалоо боюнча ишке катышууга;

3) жергиликтүү кеңештердин, алардын аткаруу органдарынын чечимдерин аткарууга көмөк көрсөтүүгө;

4) жарандардын курултайларынын жана жыйындарынын чечимдеринин аткарылышын уюштурууга.

2. Аймактык коомдук өз алдынча башкаруу юридикалык жак катары төмөндөгүлөргө укуктуу:

1) банк мекемелеринде эсептерди ачууга;

2) тиешелүү жергиликтүү кеңештер жана аткаруу органдары, ошондой эле ишканалар, мекемелер, уюмдар, кооперативдер жана башка чарбакер субъекттер менен келишимдик негизде өз ара аракеттенүүгө;

3) өз аймагын көрктөндүрүү, ушул максатка жергиликтүү бюджеттен жана өздүк финансылык ресурстардан каралган каражаттарды пайдалануу менен турак жай фондун жана социалдык-маданий, тиричилик жана чарбалык багыттагы объекттерди куруу жана ремонттоо боюнча жумуштарга буйрутмачы катары чыгууга;

4) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген башка ыйгарым укуктарды ишке ашырууга.

## 9-глава
## Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн эрк-ниетин тике билдирүү формалары

**58-берене. Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн эрк-ниетин тике билдирүү формалары**

Жамааттын мүчөлөрү менен талкуулоону талап кылуучу жергиликтүү маанидеги маанилүү маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу үчүн жергиликтүү жамааттар курултайларды, чогулуштарды (жыйындарды) жана башка эрк-ниетти тике билдирүүнүн формаларын өткөрө алышат.

**59-берене. Жергиликтүү жамааттын курултайлары**

1. Коомдук пикирдин кеңири спектрин эсепке алуу жана уюмдун иштеринин эң маанилүү маселелерин чечүүгө калкты катыштыруу максатында жергиликтүү жамааттардын курултайлары өткөрүлсө болот.

2. Курултайга аймакты социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүнүн, жергиликтүү бюджетти түзүүнүн, муниципалдык менчикти пайдалануунун жана өнүктүрүүнүн маселелери алып чыгылса болот. Курултайдын чечимдери тиешелүү жергиликтүү кеңеш үчүн сунуш мүнөзүндө болот жана жергиликтүү кеңеш, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысы тарабынан каралат.

3. Курултайдын делегаттарынын өкүлчүлүгүнүн нормалары, аны өткөрүүнүн жана курултайдын чечимдерин ишке ашыруунун тартиби Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларына ылайык жергиликтүү жамааттын уставы менен аныкталат.

**60-берене. Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн чогулуштары (жыйындары)**

1. Олуттуу мааниге ээ маселелер, жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жана анын аткаруу органдарынын маалыматын угуу жана талкуулоо боюнча жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн пикирлерин эске алуу максатында бир көчөнүн, бир кварталдын, микрорайондун же айылдын аймагында жашаган жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн катышуусу менен чогулуштар (жыйындар), коомдук угуулар өткөрүлөт, алар боюнча сунуштар кабыл алынат.

2. Чогулуштардын (жыйындардын) сунуштары тиешелүү чогулуштардан (жыйындардан) өкүлдөрдү (делегаттарды) катыштыруу менен каралат.

## 10-глава
## Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансылык-экономикалык негиздери

**61-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансылык-экономикалык негиздери**

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансылык негизин Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жергиликтүү бюджеттерге бекитилген кирешелердин салыктык жана салыктык эмес булактары, муниципалдык менчикти пайдалануудан түшкөн кирешелер, ссудалар жана башка финансылык ресурстар түзөт.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун экономикалык негизин кыймылсыз жана кыймылдуу муниципалдык мүлк, баалуу кагаздар, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жергиликтүү өз алдынча башкаруунун карамагына өткөрүп берилген жана жергиликтүү жамааттын кызыкчылыктарын жана муктаждыктарын канааттандыруу үчүн алардын аймагынын чек араларында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан пайдаланылуучу жерлер, жарандык укуктун башка объектилери, ошондой эле тиешелүү аймакта ишти жүзөгө ашыруучу ишканалар, уюмдар жана мекемелер түзөт.

3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башка органдары, юридикалык жана жеке жактар менен финансылык жана экономикалык мамилелери, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү бюджетти жана бюджеттен тышкаркы фонддорду түзүү жана аткаруу тартиби менен принциптери Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жөнгө салынат.

*(КР 2018-жылдын 27-январындагы № 16 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**62-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын муниципалдык ишканаларды жана коммерциялык эмес уюмдарды түзүүгө, ошондой эле акционердик коомдорго катышууга укуктары**

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү маанидеги маселелерди натыйжалуу жана ыкчам чечүүнү камсыз кылуу, ошондой эле өз аймагынын чектеринде экономикалык өнүгүүнү стимулдаштыруу максатында муниципалдык ишканаларды жана коммерциялык эмес уюмдарды түзүүгө, ошондой эле акционердик коомдорго катышууга укуктуу.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мамлекеттик органдардын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын гана компетенциясына кирген ыйгарым укуктардан тышкары, белгилүү бир ыйгарым укуктарын муниципалдык ишканаларга, коммерциялык эмес уюмдарга, ошондой эле акцияларынын жарымынан көбү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына таандык болгон акционердик коомдорго өкүлдөп берүүгө укуктуу.

3. Муниципалдык ишканалар жана коммерциялык эмес уюмдар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдети болуп саналган кызмат көрсөтүүлөр үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан түзүлөт.

*(КР 2018-жылдын 27-январындагы № 16 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**62-1-берене. Муниципалдык заказ**

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталган жумуштарды же кызмат көрсөтүүлөрдү аткарууга, муниципалдык заказды жүзөгө ашырууга жана ушул Мыйзамдын 18-беренесинде каралган башка ыйгарым укуктарды аткарууга укуктуу.

2. Муниципалдык заказ жеке жана юридикалык жактар тарабынан аткарылышы мүмкүн. Муниципалдык заказды аткарууну өткөрүп берүү келишим боюнча жүргүзүлөт. Муниципалдык заказ жөнүндө келишим боюнча муниципалдык мүлктү өткөрүп берүү жергиликтүү кеңештин макулдугу менен жүргүзүлөт.

3. Муниципалдык заказды каржылоо келишимдин негизинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү бюджетинин же бюджеттен тышкары фонддорунун каражаттарынан жүзөгө ашырылат.

4. Тарифтерге көзөмөлдү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында сактап калган шартта, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары калкка монополиялык кызмат көрсөтүүлөр катары берилүүчү кызмат көрсөтүүлөргө (суу менен камсыз кылуу, канализация, жылуулук берүү жана башка кызмат көрсөтүүлөр) болгон белгилүү бир ыйгарым укуктарды муниципалдык ишканаларга, коммерциялык эмес мекемелерге, ошондой эле башка жеке жана юридикалык жактарга өткөрүп берүүгө укуктуу.

5. Муниципалдык заказдын субъектиси жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө же болбосо мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө мыйзамдарда белгиленген тартипте аныкталат.

*(КР 2018-жылдын 27-январындагы № 16 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**62-2-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башка органдары жана аймактык өз алдынча башкаруунун башка органдары менен кызматташуусу**

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү жамаатка кыйла натыйжалуу жана ыкчам кызмат көрсөтүүлөрдү камсыз кылуу үчүн мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башка органдары менен кызматташа алат жана аларга белгилүү бир ыйгарым укуктарды, бюджеттик каражаттарды жана башка муниципалдык мүлктү өткөрүп берүүгө укуктуу.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башка органдары менен кызматташуусу төмөнкүлөргө ээ болушу мүмкүн:

1) бир жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын же мамлекеттик органдын башка жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө келишиминин формасына;

2) биргелешкен финансылык макулдашуулардын формасына;

3) биргелешкен ишканалардын жана башка уюмдардын формасына;

4) мыйзамдарда тыюу салынбаган башка формаларга.

3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ушул Мыйзамда белгиленген тартипте аймактык өз алдынча башкаруу органдары менен кызматташууга укуктуу.

4. Жогоруда көрсөтүлгөн кызматташуунун бардык формалары, ошондой эле ыйгарым укуктарды, бюджеттик каражаттарды жана муниципалдык мүлктү өткөрүп берүү тийиштүү жергиликтүү кеңеш тарабынан жактырылган шартта жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

*(КР 2018-жылдын 27-январындагы № 16 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## 11-глава
## Жергиликтүү өз алдынча башкаруу ишинин укуктук кепилдиктери

### 63-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын актыларынын милдеттүүлүгү

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өзүнүн ишин ушул аймактагы калктын атынан жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде жүзөгө ашырат.

2. Жергиликтүү кеңештердин, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын, жарандардын курултайларынын, жыйындарынын, аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбөөгө тийиш.

3. Өзүнүн компетенциясынын чегинде кабыл алынган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдери менчигинин түрлөрүнө карабастан тиешелүү аймакта жайгашкан бардык ишканалар, уюмдар, мекемелер, ошондой эле кызмат адамдары, коомдук бирикмелер жана жарандар үчүн милдеттүү болуп саналат.

4. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ушул Мыйзамда жана Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарында жергиликтүү мамлекеттик администрациянын карамагына таандык кылынган маселелерди кароого кабыл алууга укуксуз.

5. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдерин аткарбагандыгы үчүн кызмат адамдары жана жарандар мыйзамда белгиленген тартипте жоопкерчилик тартышат.

### 64-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкарууга келтирилген зыян үчүн жоопкерчилик

1. Ишканалар (бирикмелер), уюмдар жана мекемелер, жарандар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын алдында жоопкерчиликтүү, анын ичинде өздөрүнүн аракети же аракетсиздиги менен калктын кызыкчылыктарына, жергиликтүү чарбага, айлана чөйрөгө келтирилген чыгашанын, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдерин аткарбоонун кесепетинен келтирилген зыяндын ордун толук көлөмдө жаап берүү менен мүлктүк жоопкерчилик тартышат.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык сот тарабынан камсыз кылынат.

### 65-берене. Ушул Мыйзамдын күчүнө кирүү тартиби

1. Ушул Мыйзам жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

*"Эркин Тоо" газетасынын 2011-жылдын 22-июлундагы № 59 жарыяланды*

2. Төмөндөгүлөр белгиленсин:

- ушул Мыйзам күчүнө киргенге чейин шайланган шаарлардын мэрлери, райондук маанидеги шаарлардын шаардык башкаруусунун жана поселкалардын башчылары, айыл өкмөттөрүнүн башчылары өздөрү шайланган мөөнөт аяктаганга чейин өз ыйгарым укуктарын аткарууну улантышат;

- шаарлардын мэрлеринин, райондук маанидеги шаарлардын шаардык башкаруусунун жана поселкалардын башчыларынын, айыл өкмөттөрүнүн башчыларынын милдетин аткаруучулар ушул Мыйзамда белгиленген эрежелерге ылайык шаардын жаңы мэри жана айыл өкмөтүнүн башчылары шайлаганга чейин өз ыйгарым укуктарын аткарууну уланта беришет;

- ушул Мыйзам күчүнө киргенге чейин шайланган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ыйгарым укуктары алардын ыйгарым укуктары аяктаганга чейин сакталат.

2-1. Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан шаарлардын мэрлерин шайлоо 2011-жылдын 27-августуна дайындалып, бирок мэрлерди шайлоо болбой калган же болбосо мэрлер шайланбай калган облустук жана райондук маанидеги шаарларда Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоо болбой калган же болбосо шаарлардын мэрлери шайланбай калган күндөн тартып 4 айдан кечиктирбестен кайра шайлоо дайындайт.

Шаарлардын мэрлерин кайра шайлоо ушул Мыйзамда белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

3. Төмөндөгүлөр күчүн жоготту деп табылсын:

- 2008-жылдын 29-майындагы № 99 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2008-ж., № 5, 474-ст.)

- 2009-жылдын 26-январындагы № 27 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2009-ж., № 1, 27-ст.);

- 2009-жылдын 15-июнундагы № 183 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2009-ж., № 6, 557-ст.);

- 2009-жылдын 20-июлундагы № 237 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2009-ж., № 7, 747-ст.);

- 2009-жылдын 25-декабрындагы № 317 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоо жана өзгөртүү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2009-ж., № 11, 1031-ст.);

- 2010-жылдын 13-январындагы № 1 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы («Эркин Тоо» газетасы, 2010-жылдын 15-январы, № 15 );

- 2010-жылдын 4-мартындагы № 46 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы («Эркин Тоо» газетасы, 2010-жылдын 12-марты, № 17–18);

4. Кыргыз Республикасынын Президентине эки айлык мөөнөттө өзүнүн чечимдерин ушул Мыйзамга ылайык келтирүү сунушталсын.

5. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына:

1) ушул Мыйзамды жүзөгө ашыруу боюнча тиешелүү чараларды көрсүн;

2) өзүнүн чечимдерин ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

*(КР 2011-жылдын 30-ноябрындагы № 228 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **Р. Отунбаева**

**2011-жылдын 16-июнунда Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**

**«ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТАРЫНЫН СТАТУСУ ЖӨНҮНДӨ» МЫЙЗАМЫ**

2000-жылдын 13-январы № 3

**1-Бөлүм**
**Жалпы жоболор**

**1-статья. Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө мыйзамдар**

Жергиликтүү кеңештин депутатынын статусу Кыргыз Республикасынын Конституциясы, жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруу чөйрөсүн жөнгө салуучу мыйзам жана ушул Мыйзам менен аныкталат.

*(КР 2004-жылдын 15-октябрындагы № 182, 2014-жылдын 18-июлундагы № 144 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**2-статья. Жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктары жана алардын мөөнөтү**

Жергиликтүү кеңештин депутаты өзүнүн ыйгарым укуктарына жалпы, тең жана тике шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү аркылуу төрт жылдык мөөнөткө жергиликтүү кеңешке шайлануусунун натыйжасында ээ болот.

Депутаттын ыйгарым укуктары тийиштүү кеңештин биринчи сессиясы ачылган күндөн тартып башталат жана кийинки шайланган кеңештин биринчи сессиясы ачылган күнү бүтөт.

Чыгып калган депутаттын ордуна шайланган депутаттын ыйгарым укуктары кеңештин депутат шайлангандан кийинки кезектеги сессиясынын күнүнөн тартып башталат.

Кеңешке шайлоолордун натыйжалары жөнүндөгү маселе кеңештин кароосуна тийиштүү аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан маалымат берүү иретинде киргизилет жана кеңеш тарабынан эске алынат. Депутаттардын ыйгарым укуктарына тийиштүү талаш маселелер сот тартибинде чечилет.

Депутаттын ыйгарым укуктары ага берилген депутаттын күбөлүгү жана төш белгиси менен ырасталат. Депутаттын күбөлүгүнүн жана төш белгисинин үлгүлөрү, ошондой эле алар жөнүндөгү Жобо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы тарабынан бекитилет.

Депутаттын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда токтотулат.

*(КР 2004-жылдын 15-октябрындагы № 182, 2016-жылдын 20-июлундагы № 124, 2018-жылдын 26-июлундагы № 71 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**3-статья. Жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнөн мурда токтотулушу**

Жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктары төмөнкү учурларда мөөнөтүнөн мурда токтотулат:

- депутат Кыргыз Республикасынын жарандыгын жоготкондо;
- депутаттын мыйзам боюнча депутаттык ыйгарым укуктарды аткарууга ылайык келбеген кызмат ордуна шайланганда же дайындалганда;
- ал башка кеңештин депутаттыгына шайланганда, буга ушул Мыйзамда жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруу чөйрөсүн жөнгө салуучу мыйзамда каралган учурлар кирбейт;

- депутат сот тарабынан аракетке жөндөмсүз же дайыны жок деп табылганда, ошондой эле өлгөндө;

- депутатка карата соттун айыптоочу өкүмү күчүнө киргенде;

*(жетинчи абзац КР 2015-жылдын 17-февралындагы № 34 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

*Караңыз:*

*КР Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 4-июнундагы Чечими*

- Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары туруктуу жашоочу жерге кеткенде;

- жергиликтүү кеңеш таркатылганда.

Жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда ошондой эле тийиштүү кеңештин чечими боюнча төмөнкүлөргө байланыштуу токтотулат:

- депутаттын тийиштүү административдик-аймактык бирдиктин жергиликтүү жамаатына мүчөлүгүнүн токтотулушу менен;

- өзүнүн депутаттык ыйгарым укуктарын алып салуу же фракциядан чыгуу жөнүндө жазуу жүзүндө арыз берүүсү менен.

*Караңыз:*

*КР Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2015-жылдын 10-июнундагы № 8-р чечими*

Депутатты чакыртып алуу тартиби Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары менен жөнгө салынат.

*(КР 2004-жылдын 15-октябрындагы № 182, 2006-жылдын 6-февралындагы № 34, 2013-жылдын 14-февралындагы № 16, 2013-жылдын 16-октябрындагы № 192, 2014-жылдын 17-июлундагы № 138, 2014-жылдын 18-июлундагы № 144, 2015-жылдын 17-февралындагы № 34, 2016-жылдын 20-июлундагы № 124 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**4-статья. Депутаттык ишти өндүрүштүк же кызматтык милдеттерди аткаруу менен айкалыштыруу**

Жергиликтүү кеңештин депутаты өзүнүн ыйгарым укуктарын өндүрүштүк же кызматтык ишинен кол үзбөй туруп жүзөгө ашырат.

**5-статья. Жергиликтүү кеңештин депутатынын статусунун кээ бир кызматтар жана иш түрлөрү менен шайкешсиздиги**

Жергиликтүү кеңештин депутаты төмөнкү учурларда мамлекеттик кызматта же муниципалдык кызматта боло албайт:

1) эгерде ал жетекчилик кызмат ордун ээлеген мамлекеттик орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы ал депутаты болуп саналган жергиликтүү башкаруунун өкүлчүлүктүү органы да (айылдык аймактын же шаардын жергиликтүү кеңеши) ошол эле айылдык аймактын же шаардын аймагынын чектеринде жайгашкан болсо;

2) эгерде ал мамлекеттик же муниципалдык кызматта турган мамлекеттик орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы ал депутаты болуп саналган жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органына (айылдык аймактын же шаардын жергиликтүү кеңешине) отчёттуу болсо;

3) эгерде ал мамлекеттик же муниципалдык кызматта турган мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчисин шайлоого, дайындоого, бошотууга сунуштоо ал депутаты болуп саналган ошол жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын (айылдык аймактын же шаардын жергиликтүү кеңешинин) ыйгарым укуктарына тийиштүү болсо.

Депутаттык ыйгарым укуктарды, ошондой эле республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын эсебинен тиешелүү айылдык аймактын же шаардын калкына кызматтарды көрсөткөн мамлекеттик же муниципалдык ишкананын, мамлекеттик же муниципалдык билим берүү жана саламаттыкты сактоо мекемесинин жетекчисинин кызмат орду менен айкалыштырууга болбойт.

Жергиликтүү кеңештин депутаты өзүнүн депутаттык мандатын депутаттык ишке байланышпаган максаттарда пайдалана албайт.

Бир эле адам бир гана айылдык же шаардык кеңештин депутаты боло алат.

*(КР 2004-жылдын 15-октябрындагы № 182, 2006-жылдын 6-февралындагы № 34, 2007-жылдын 27-февралындагы № 27, 2008-жылдын 5-августундагы № 195, 2013-жылдын 25-апрелиндеги № 59 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

*Көңүл буруңуздар!*

*КР 2014-жылдын 18-июлундагы № 144 Мыйзамы менен 5-статьянын расмий тилиндеги редакциясына өзгөртүүлөр киргизилди*

**6-статья. Депутаттын шайлоочулар менен өз ара мамилеси**

Жергиликтүү кеңештин депутаты шайлоочулар, өзүн депутаттыкка талапкерликке көрсөткөн жамааттар жана жарандардын бирикмелери, ошондой эле өзүнүн шайлоо округунун аймагында жайгашкан башка ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жамааттары, мамлекеттик органдар, өз алдынча башкаруу органдары жана жарандардын бирикмелеринин органдары менен байланышта болуп турат.

Шайлоочулар өздөрүнүн депутаттарына сунуш-талап бере алышат. Депутат өзүнүн шайлоо округунун шайлоочуларынын алдында жоопкер жана аларга отчёт берип турат.

**7-статья. Депутаттын өзү шайланган жергиликтүү кеңеш жана анын органдары менен өз ара мамилеси**

Жергиликтүү кеңештин депутаты жергиликтүү кеңештин, өзү курамына кирген анын туруктуу комиссияларынын жана башка органдарынын ишине катышууга, алардын чечимдерин ишке ашырууга ар тараптуу көмөк көрсөтүүгө, кеңештин жана анын органдарынын тапшырмаларын аткарууга милдеттүү.

Жергиликтүү кеңеш жана анын органдары тийиштүү шарттарды түзүү, депутаттарды документтер, маалымат-кабардык жана депутаттык ыйгарым укуктарды натыйжалуу жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон башка материалдар менен камсыз кылуу жолу менен депутаттардын ишине көмөк көрсөтөт, депутаттардын колдонуудагы мыйзамдарды, жергиликтүү кеңештердин иш тажрыйбасын окуп-үйрөнүүсүн уюштурушат.

Депутат шайланган жергиликтүү кеңеш жергиликтүү кеңештин чечимдерин жана тапшырмаларын аткаруусу жөнүндө анын отчётторун угууга укуктуу.

Депутат жергиликтүү кеңеште жана анын органдарында өзүнүн милдеттерин аткарбаган, алардын ишинин белгиленген тартибин дайыма бузган учурда, жергиликтүү кеңеш мандаттык комиссиянын, депутаттык иш жана этика маселелери боюнча комиссиянын алдын ала корутундусу боюнча аны белгилүү бир мезгилге депутат катары төлөнүүчү төлөөлөрдөн жарым - жартылай же толук ажыратуу, депутаттын өзүнүн милдеттерине карата мамилеси тууралу шайлоочуларга кабарлоо жөнүндө чечим кабыл алышы мүмкүн.

**8-статья. Административдик-аймактык бөлүнүштөгү өзгөрүүлөргө байланыштуу депутаттын статусунун өзгөрүшү же ыйгарым укуктарынын токтотулушу**

Тийиштүү аймактын административдик-аймактык бөлүнүшүндөгү өзгөрүүлөргө байланыштуу депутаттын статусу ал шайланган жергиликтүү кеңешинин статусунун өзгөрүшүнө ылайык өзгөрөт.

Калктуу конуштар республикалык же областтык баш ийүүдөгү шаарлар категориясына киргизилгенде, алардын аймагында бул калктуу конуш баш ийген жергиликтүү кеңештин депутаттарынын ыйгарым укуктары токтотулат.

Жаңы түзүлгөн жергиликтүү кеңештерге мурдагы иштеп келген жергиликтүү кеңештердин базасында шайлоолор өткөрүүдө, бул жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ыйгарым укуктары токтотулат.

**8-1-статья. Депутаттык этика**

Депутат өз ишинде моралдын жалпыга таанылган ченемдерин карманууга, өз беделин сактоого, башка депутаттардын, башка кызмат адамдарынын жана жарандардын ар-намысын жана беделин сыйлоого, тиешелүү жергиликтүү кеңешти, шайлоочуларды жана бүтүндөй мамлекетти жаманатты кылган аракеттерден, билдирүүлөрдөн жана жосундардан сактанууга тийиш.

Депутаттык мандатты жеке максаттарда пайдаланууга жол берилбейт.

Депутат өз ишинде Депутаттык этика кодексинин талаптарын карманат.

*(КР 2013-жылдын 16-октябрындагы № 192 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## 2-Бөлүм
## Депутаттын жергиликтүү кеңештин жана анын органдарындагы иши

**9-статья. Депутаттын жергиликтүү кеңештин сессияларына катышуусу**

Жергиликтүү кеңештин сессияларында жергиликтүү кеңештин депутаттары жамааттык жана эркин талкуулоонун негизинде, ошол жергиликтүү кеңештин тескөөсүнө таандык маселелерди карашат жана чечишет.

Депутат жергиликтүү кеңештин регламентин, жергиликтүү кеңештин, анын органдарынын ишинин тартибин аныктоочу башка ченемдик-укуктук актыларды сактоого, жергиликтүү кеңештин сессияларына, өзү курамына кирген туруктуу комиссиянын жана башка органдардын заседаниелерине катышууга милдеттүү. Заседаниеде болууга мүмкүнчүлүк болбогон учурда, депутат бул жөнүндө тийиштүү органдын жетекчисине маалымдайт.

*(КР 2016-жылдын 20-июлундагы № 124 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**10-статья. Депутаттын жергиликтүү кеңештеги жана анын органдарындагы укуктары**

Жергиликтүү кеңештин депутаты жергиликтүү кеңештин жана өзү курамына кирген анын органдарынын заседаниелеринде каралуучу бардык маселелер боюнча чечүүчү добуш укугунан пайдаланат. Ар бир депутат жергиликтүү кеңеште жана өзү курамына кирген анын органдарында бир добушка ээ болот. Жергиликтүү кеңештин кайсы бир органынын курамына кирбеген депутат анын ишине кеңеш берүүчү добуш укугу менен катыша алат.

Жергиликтүү кеңештин депутаты:

1) тийиштүү жергиликтүү кеңештин органына шайлоого жана шайланууга;

2) жергиликтүү кеңештин жана анын органдарынын кароосу үчүн маселелерди сунуш кылууга;

3) жергиликтүү кеңештин жана анын органдарынын заседаниесинин күн тартиби, талкууланууучу маселелерди кароонун тартиби жана алардын маани -маңызы боюнча сунуштар жана сын-пикирлер киргизүүгө;

4) чечимдердин долбоорлорун, жергиликтүү кеңеш же анын органы кабыл алуучу башка документтерди, аларга карата түзөтүүлөрдү кароо үчүн киргизүүгө;

5) жергиликтүү кеңеш түзүүчү органдардын жекече курамы жана жергиликтүү кеңеш тарабынан шайлануучу, дайындалуучу же бекитилүүчү кызмат адамдарынын талапкерлери боюнча ой-пикирин айтууга;

6) жергиликтүү кеңеш түзгөн органдарга, алардын курамына кирген адамдарга, ошондой эле жергиликтүү кеңеш шайлаган, дайындаган же бекиткен адамдарга ишенич көрсөтпөө жөнүндө маселе коюуга;

7) талаш-тартыштарга катышууга, суроо-талаптар менен кайрылууга, баяндамачыларга, кошумча баяндамачыларга, заседаниеге төрагалык кылуучуга суроолор берүүгө;

8) жергиликтүү кеңештин сессиясында жергиликтүү кеңешке отчёттуу, болбосо анын контролдугу астындагы ар кандай органдын же кызмат адамынын, ошондой эле тийиштүү жергиликтүү кеңештин кызмат өтөшүнө кирген маселелер боюнча анын аймагында иштеген башка органдардын жана кызмат адамдарынын отчётун же маалыматын угуу жөнүндө сунуштар киргизүүгө;

9) өзүнүн сунуштарын негиздөө менен жана добуш берүүнүн жүйө-себептери боюнча чыгып сүйлөөгө, маалыматтар берүүгө;

10) жергиликтүү кеңештин жана органдарынын заседаниелеринде, эгерде алар коомдук мааниге ээ болсо, жарандардын же алардын бирикмелеринин кайрылууларынын, арыздарынын, резолюцияларынын, петицияларынын тексттерин жергиликтүү кеңеш белгилеген тартипте жарыялоого укуктуу.

Депутат жергиликтүү кеңештин сессиясында талкууланган маселе боюнча өзүнүн жарыя айтылбаган сөзүнүн, сунуштарынын жана сын - пикирлеринин текстин, жергиликтүү кеңештин же өзү катышкан анын органынын заседаниесинин протоколуна киргизүү үчүн төрагалык кылуучуга бере алат.

Депутаттын жергиликтүү кеңештин сессиясында айткан жана заседаниесинде төрагалык кылуучуга кат түрүндө берилген сунуштары менен сын-пикирлери жергиликтүү кеңеш тарабынан, болбосо анын тапшыруусу боюнча жергиликтүү кеңештин комиссиялары тарабынан каралат же сотторду жана судьяларды кошпогондо, тийиштүү органдардын жана кызмат адамдарынын кароосуна жөнөтүлөт, алар бул сунуштарды жана сын-пикирлерди, эгерде жергиликтүү кеңеш тарабынан башка мөөнөт белгиленбесе, бир айлык мөөнөттөн кечиктирбей кароого жана кароонун натыйжалары тууралу сунуштар киргизген жана сын-пикирлерин айткан депутаттардын тикелей өздөрүнө, ошондой эле жергиликтүү кеңештин төрагасына билдирүүгө милдеттүү.

Пленардык заседаниелеринде, туруктуу жана убактылуу комиссиялардын заседаниелеринде депутаттарга жергиликтүү кеңеш кабыл алган чечимдердин аткарылышынын, депутаттар киргизген сунуштардын жана сын-пикирлердин, шайлоочулардын сунуш-талаптарынын ишке ашырылышынын жүрүшү жөнүндө, ошондой эле жергиликтүү кеңештин жана анын органдарынын ишинин маанилүү маселелери боюнча мезгил-мезгили менен маалымат берилип турат.

Депутаттар жергиликтүү кеңеште жергиликтүү кеңештин регламентине ылайык түзүлгөн жана иш жүргүзгөн депутаттык фракцияларга жана топторго бириге алышат.

Депутаттардын белгиленген укуктарын ишке ашыруунун тартиби жергиликтүү кеңештин жана алардын органдарынын ишин жөнгө салуучу ушул Мыйзам, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик-укуктук актылары, ошондой эле тийиштүү кеңештин регламенти менен аныкталат.

*(КР 2004-жылдын 15-октябрындагы № 182, 2013-жылдын 16-октябрындагы № 192, 2016-жылдын 20-июлундагы № 124, 2016-жылдын 27-июлундагы № 151 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**11-статья. Депутаттык суроо-талап жана депутаттык суроо**

Депутаттык суроо-талап – бул депутаттын алдын ала же жергиликтүү кеңештин сессиясында жергиликтүү кеңештин төрагасына, төраганын орун басарына, жергиликтүү кеңештин комиссияларына, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын башчысына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилерине, менчигинин түрүнө карабастан, жергиликтүү кеңештин аймагында жайгашкан ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын жетекчилерине, ошондой эле тийиштүү жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысына, анын орун басарына, жергиликтүү мамлекеттик администрациянын бөлүмдөрүнүн, башкармаларынын жана башка кызматтарынын жетекчилерине билдирген маселени чечүү, коомдук мааниге ээ болгон жана жергиликтүү кеңештин тескөөсүнө кирген маселелер боюнча расмий түшүндүрмө берүү же көз карашын баяндоо талабы.

Суроо-талап депутат же депутаттар тобу тарабынан жазуу жүзүндө же оозеки түрдө киргизилиши мүмкүн, суроо-талап жергиликтүү кеңештин сессиясынын күн тартибине киргизилүүгө тийиш, ал боюнча талкуулоо жүргүзүлүшү жана чечим кабыл алынышы мүмкүн.

Жергиликтүү кеңештин төрагасы суроо-талаптын текстин, ал коюлган тийиштүү органга же кызмат адамына жеткирет.

Суроо-талап коюлган орган же кызмат адамы жергиликтүү кеңеш белгилеген мөөнөттө ага оозеки же жазуу жүзүндө жооп берүүгө тийиш. Суроо-талапка жооп жергиликтүү кеңештин сессиясында каралат.

Депутаттык суроо – бул, кайсы бир же башка маселе боюнча депутаттын маалымат алуу жолу. Суроого жооп жергиликтүү кеңештин сессиясында жарыяланышы же депутаттын өзүнө берилиши мүмкүн. Суроо сессиялардын күн тартибине киргизилбейт, талкууланбайт жана ал боюнча чечим кабыл алынбайт.

*(КР 2016-жылдын 20-июлундагы № 124 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**12-статья. Депутаттын ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын иштерин текшерүү жөнүндө маселе коюу укугу**

Жергиликтүү кеңештин депутаты жергиликтүү кеңешке жана анын органдарына анын аймагында жайгашкан ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын ишин менчигинин түрүнө карабастан, ошондой эле финансы-чарбалык иштен тышкары сотторду жана судьяларды кошпогондо, мамлекеттик органдарды жана граждандардын бирикмелеринин органдарынын ишин текшерүү зарылдыгы жөнүндө маселе коюуга укуктуу.

Жергиликтүү кеңеш ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга депутат баяндаган фактылар боюнча текшерүү жүргүзүүнү сунуштоого укуктуу. Мында текшерүү колдонулуп жаткан мыйзамдарга ылайык жүргүзүлүүгө тийиш.

Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган текшерүүнүн натыйжасы жана ал боюнча сунуштарды жергиликтүү кеңешке же текшерүү жүргүзүүнү сунуштаган анын органына билдирет.

Текшерүүнүн натыйжасы боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жана иши текшерилген органдардын жетекчилерине (менчик ээлерине), ошондой эле жогору турган органдарга кетирилген кемчиликтерди жана бузууларды жоюу боюнча сунуш киргизет, жоопко тартуу тууралу маселе коет.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдары бузулгандыгы аныкталган учурда, депутат ал боюнча тийиштүү мамлекеттик органдарга кайрыла алат.

*(КР 2003-жылдын 5-августундагы № 189, 2016-жылдын 27-июлундагы № 151 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## 3-бөлүм
## Жергиликтүү кеңештин депутатынын шайлоо округундагы иши

**13-статья. Депутаттын шайлоо округунун калкы менен байланышы**

Жергиликтүү кеңештин депутаты өзүнүн шайлоочулары менен дайыма байланышта болуп, жергиликтүү кеңештин иши, экономикалык жана социалдык өнүгүүнүн пландарынын жана программаларынын, жергиликтүү экологиялык программалардын, жергиликтүү кеңештин чечимдеринин жана шайлоочулардын суроо-талаптарынын аткарылышы жөнүндө аларга үзбөй маалымат берип турат, мыйзамдарды, жергиликтүү кеңештин жана анын органдарынын чечимдерин аткарууну уюштурууга, шайлоо округунун аймагында өткөрүлгөн массалык иш-чараларга катышат, коомдук ой-пикирди, калктын керектөөлөрүн иликтейт, алар тууралуу жергиликтүү кеңешке маалымдайт, жарандардын жамааттык муктаждыктарын жана мыйзамдуу талаптарын канааттандыруу боюнча башка чараларды көрөт.

Шайлоо округундагы өзүнүн ишинде депутат коомдук комитеттердин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, эмгек жамааттарынын, жарандардын бирикмелеринин органдарынын жардамына таянат.

**14-статья. Депутаттын жарандардын сунуштарын, арыздарын жана даттанууларын кароосу**

Жергиликтүү кеңештин депутаты өзүнө түшкөн сунуштарды, арыздарды жана даттанууларды карап чыгат, аларды туура жана өз убагында чечүүгө карата чара көрөт, жарандарды кабыл алат.

Депутат өзүнө түшкөн сунуштарды, арыздарды жана даттанууларды тийиштүү органдарга, ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга жөнөтө алат, алар бул сунуштарды, арыздарды жана даттанууларду колдонуудагы мыйзамга ылайык карап чыгууга жана натыйжалары жөнүндө арыз ээсине, ошондой эле депутатка маалымдайт.

Депутат даттануулардын чыгышынын себептерин иликтейт жана аларды жоюу боюнча өз сунуштарын өзү шайланган жергиликтүү кеңешке, мамлекеттик органдарга, жарандардын бирикмелеринин органдарына, ишканаларына, мекемелерге жана уюмдарга киргизет.

Соттук актыга же судьянын жүрүм-турумуна даттанылган депутатка кайрылуу, ушул соттук актыга же судьянын жүрүм-турумуна даттануу тартибин түшүндүрүү менен, кайрылууну жиберген жаранга кайтарылып берилет.

*(КР 2016-жылдын 27-июлундагы № 151 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**15-статья. Депутаттын шайлоочулардын жана алардын тизмеси боюнча алар шайланган саясий партиялардын алдындагы отчёту**

Жергиликтүү кеңештин депутаты шайлоочулардын алдында жана аны депутаттыкка талапкерликке көрсөткөн жарандардын жамааттарынын жана бирикмелеринин алдында, ошондой эле саясий партиянын алдында өзүнүн иши жана өзү шайланган жергиликтүү кеңештин иши жөнүндө мезгил-мезгили менен, бирок жылына бир жолудан кемитпей отчёт берип турууга тийиш.

Депутаттын отчёту, аны депутаттыкка талапкерликке көрсөткөн жарандардын жамаатынын же бирикмесинин жана саясий партиянын талабы боюнча, ошондой эле шайлоочулардын чогулушунун талабына ылайык каалаган убакта өткөрүлүшү мүмкүн.

Депутаттын отчёту тийиштүү шайлоо округунун шайлоочуларынын чогулуштарында, ошондой эле аны депутаттыкка талапкерликке көрсөткөн эмгек жамааттарынын, жарандардын бирикмелеринин жана саясий партиянын чогулуштарында (конференцияларда) өткөрүлөт. Чогулуштун жыйынтыгы боюнча жергиликтүү кеңештин ар бир депутатынын ишине баа берилет, ал тиешелүү кеңешке жиберилет. Отчёт берүүнү өткөрүү жөнүндө депутат жергиликтүү кеңешке же белгиленген тартипте анын органдарына маалымдайт.

*(КР 2013-жылдын 16-октябрындагы № 192 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**16-статья. Депутатка отчёт берүүлөрдү жана шайлоочулар менен жолугушууларды өткөрүүгө көмөк көрсөтүү**

Депутатка отчёттор берүү жана шайлоочулар менен жолугушуулар өткөрүү үчүн зарыл шарттар камсыз кылынат.

Жергиликтүү кеңеш депутаттардын шайлоочулар алдында отчёттор берүүсүнүн болжолдуу мөөнөтүн аныктайт, аларды отчёт үчүн зарыл болгон маалымат жана кабар материалдары менен өз убагында камсыз кылат.

Депутаттын отчёту өткөрүлгөн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын администрациясы чогулуштар өткөрүү үчүн имарат-жай бөлүп беришет, алар өткөрүлүүчү убакыт жана жер жөнүндө шайлоочуларга кабарлайт, ошондой эле депутатка анын шайлоо округундагы ишин илгерилетүүчү башка чараларды көрөт.

Депутаттардын отчёттору жана шайлоочулар менен жолугушуулары массалык маалымат каражаттарында чагылдырылат.

Депутаттардын шайлоочулар алдындагы отчётторун өткөрүүгө байланышкан чыгымдар тийиштүү жергиликтүү бюджеттердин эсебинен алынат.

*(КР 2016-жылдын 20-июлундагы № 124 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**17-статья. Депутаттын башка жергиликтүү кеңештердин сессияларына жана ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жамааттарынын жана жарандардын жашаган жериндеги чогулуштарына катышуусу**

Жергиликтүү кеңештин депутаты өзү шайланган жергиликтүү кеңештин аймагында, кеңеш берүүчү добуш укугу менен башка жергиликтүү кеңештердин жана алардын органдарынын ишине катыша алат. Депутат өзүнүн шайлоо округунда кеңеш берүүчү добуш укугу менен ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жамааттарынын чогулуштарына, ошондой эле коомдук комитеттердин, өз алдынча башкаруунун кеңештеринин заседаниелерине жана жарандардын жашаган жерлериндеги чогулуштарына катышышы мүмкүн.

**18-статья. Депутаттын кайрылуусу**

Жергиликтүү кеңештин депутаты сотторду жана судьяларды кошпогондо, бардык мамлекеттик органдарга, өз алдынча башкаруу органдарына, жарандардын бирикмелерине, менчигинин түрүнө карабастан, ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга, кызмат адамдарына депутаттык ишке байланышкан маселелер боюнча кайрылууга жана коюлган маселелерди кароого катышууга укуктуу. Көрсөтүлгөн органдар жана кызмат адамдары анын кайрылуусун карап чыгуута жана создуктурбай жооп берүүгө, ал эми кошумча иликтөө же текшерүү зарыл болгон учурда бир айлык мөөнөттөн кечиктирбестен жооп берүүгө милдеттүү.

*(КР 2016-жылдын 27-июлундагы № 151 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**19-статья. Депутаттын кызмат адамы тарабынан токтотпой кабыл алынуусу, зарыл болгон маалыматты алуу укугу**

Депутаттык иштин маселелери боюнча жергиликтүү кеңештин депутаты тийиштүү жергиликтүү кеңештин аймагындагы мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана жарандардын бирикмелерине, менчигинин түрүнө карабастан ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга токтоосуз кирүү укугунан, ошондой эле алардын жетекчилеринин жана башка кызмат адамдарынын токтотпой кабыл алуу укугунан пайдаланат.

Тийиштүү айыл аймагынын жана шаардын аймагында жайгашкан ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын жетекчилери депутаттын өтүнүчү боюнча ага депутаттык ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон маалыматтык материалдарды жана башка маалыматты беришет.

Депутаттын иши мамлекеттик сырга же мыйзам менен корголгон башка жашыруун сырга байланышкан ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга келип-кетүү тартиби тийиштүү Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары менен белгиленет.

*(КР 2016-жылдын 20-июлундагы № 124 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**20-статья. Депутаттын мыйзамдуулуктун бузулушун жоюуну талап кылуу укугу**

Жарандардын укуктарын бузулушу же башка мыйзам бузуулардын бети ачылганда депутат укук бузууну токтотууну талап кылууга, ал эми зарыл болгон учурларда укуктун бузулушуна бөгөт коюу талабы менен сотторду жана судьяларды кошпогондо, тийиштүү органдарга жана кызмат адамдарына кайрылууга милдеттүү.

Мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жарандардын бирикмелеринин кызмат адамдары, менчигинин түрүнө карабастан, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын администрациясы, ошондой эле депутаттын талабы багытталган милиция кызматкерлери укук бузууларды жоюуга карата токтоосуз чаралар көрүүгө, ал эми зарыл болсо – бул жөнүндө кийин депутатка маалымдоо менен күнөөлүүлөрдү жоопко тартууга чаралар көрүүгө милдеттүү. Чаралар көрүлбөгөн учурда депутат, депутаттык фракция жана жергиликтүү кеңештердин тобу кайрылган кызмат адамдары мыйзамда белгиленген тартипте тартиптик, административдик же жазыктык жоопкерчилик тартышат.

*(КР 2013-жылдын 16-октябрындагы № 192, 2016-жылдын 27-июлундагы № 151 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**21-статья. Депутаттык топтор**

Шайлоо округдарында жана эмгек жамааттарында депутаттык ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу боюнча, биргелешип иштөө үчүн, депутаттар өз ара макулдашуу менен депутаттык топторго бириге алышат. Депутаттык топ үчтөн кем эмес депутаттардан турат.

Депутаттык топ, ошол шайланган жергиликтүү кеңештин ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнүн ичинде, бардык мезгилде анын курамына кирүүнү каалагандарын билдирген депутаттардын чогулушунун чечими боюнча уюштурулушу мүмкүн. Депутаттык топтун курамына кирген депутаттар депутаттык топтун жетекчисин шайлашат. Топтун жетекчисинин сунушу боюнча депутаттык топ айылдык жана шаардык жергиликтүү кеңеште катталат.

Депутаттык топтун иши, эгерде айрым депутаттар чыккан учурда, анын курамында үчтөн аз депутат калса, анын курамына кирген депутаттар тийиштүү чечим кабыл алганда, ошондой эле ошол шайлануудагы жергиликтүү кеңештин ыйгарым укуктары бүткөндө токтотулат.

Жергиликтүү кеңеш катталган депутаттык топтордун ишине көмөк көрсөтөт, алардын ишин жөнгө салат жана алардын иши жөнүндө билдирүүлөрдү угушу мүмкүн.

*(КР 2013-жылдын 25-апрелиндеги № 59, 2013-жылдын 16-октябрындагы № 192 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**4-бөлүм**

**Шайлоочулардын сунуш-талаптары менен иштөөнү уюштуруу**

**22-статья. Шайлоочулардын сунуш-талаптары**

Шайлоочулардын сунуш-талаптары – бул, коомдук мааниге ээ болгон жана депутатка талапкерге шайлоо өнөктүгүнүн жүрүшүндө шайлоочулар менен жолугушуулар убагында тийиштүү шайлоо округунун шайлоочуларынын чогулушунда берилген тапшырма.

Аткарылышы тийиштүү жергиликтүү кеңештин жана анын органдарынын тескөөсүнө кирген тапшырмалар сунуш-талаптар деп эсептелет.

Депутаттыкка талапкер, эгерде сунуш анын шайлоо алдындагы программасына каршы келсе, шайлоочулар чогулушу киргизген сунушту сунуш-талап катары кабыл албоого укуктуу.

Шайлоонун натыйжасында депутаттыкка шайланбай калган депутаттыкка талапкерлерге берилген сунуш-талаптар шайлоочулардын сунуштары катары эске алынат, жергиликтүү кеңештин тийиштуу органдары тарабынан топтоштурулат жана жергиликтүү кеңештин төрагасы тарабынан чара көрүү үчүн тийиштүү органдарга жана кызмат адамдарына жөнөтүлөт.

**23-статья. Шайлоочулардын сунуш-талаптарын аткарууну уюштуруу**

Шайлочулардын депутаттарга берген сунуш-талаптарын топтоштуруу жана алдын ала кароо тийиштүү жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары, аткаруучу комитеттери же секретариаты тарабынан тийиштүү жергиликтүү мамлекеттик администрация менен бирге жүзөгө ашырылат. Шайлоочулардын сунуш-талаптарын ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планынын алар даярдаган долбоору жергиликтүү кеңештин кароосуна коюлат.

Жергиликтүү кеңеш шайлоочулардын сунуш-талаптарынын алынгандыгы жөнүндө чечим кабыл алат жана аларды ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планын бекитет. Жергиликтүү кеңеш айрым сунуш-талаптардын аткарылышынын максатка ылайык эместиги жөнүндө жүйөлөштүрүлгөн чечим кабыл алууга укуктуу. Шайлоочулардын сунуш-талаптарына карата жергиликтүү кеңештин чечими жергиликтүү кеңеш жана депутаттар тарабынан тийиштүү аймактын калкына маалымдалат.

Шайлоочулардын сунуш-талаптары тийиштүү аймактын экономикалык жана социалдык өнүгүшүнүн пландарын жана программаларын, жергиликтүү экономикалык программаларды иштеп чыгууда, бюджетти түзүүдө, ошондой эле башка маселелер боюнча чечимдерди даярдоодо эске алынат.

Жергиликтүү кеңеш аткарууга алган шайлоочулардын сунуш-талаптарын ишке ашырууну жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү мыйзамдарда аныкталган өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде жана жергиликтүү кеңеш тарабынан түзүлгөн органдар жергиликтүү кеңеш тарабынан берилген

ыйгарым укуктардын чегинде камсыз кылышат. Сунуш-талаптарды ишке ашырууга тийиштүү айыл аймагынын жана шаардын чегинде жайгашкан ишканалар, мекемелер жана уюмдар, жергиликтүү кеңеш өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде аларга берген тапшырмаларга ылайык катышышат.

Сунуш-талаптардын аткарылышына контролдук жүргүзүү тийиштүү жергиликтүү кеңештер, алардын органдары жана депутаттар тарабынан жүзөгө ашырылат. Шайлоочулардын сунуш-талаптарын ишке ашырууну камсыз кылуучу органдар жергиликтүү кеңештер аныктаган мөөнөттө, бирок жылына бир жолудан кем эмес, алардын аткарылышынын жүрүшү тууралуу жергиликтүү кеңештерге баяндап турушат. Депутаттар өздөрүнүн шайлоо округдарынын шайлоочуларына алар берген сунуш-талаптардын акарылышынын жүрүшү жөнүндө такай маалымдап турушат. Шайлоочулардын сунуш-талаптарын депутаттын аткарышынын жүрүшү массалык маалымат каражаттарында чагылдырылат.

*(КР 2016-жылдын 20-июлундагы № 124 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## 5-бөлүм
## Депутаттык иштин негизги кепилдиктери

**24-статья. Депутаттын ыйгарым укуктарынын бузулгустугу. Аларды жүзөгө ашыруу үчүн шарттарды камсыздоо**

Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана колдонуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү мыйзамдарында каралган учурлардан тышкары, жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын эч ким чектөөгө укуксуз.

Тийиштүү жергиликтүү кеңештер жана алардын органдары депутаттар өз ыйгарым укуктарын натыйжалуу жүзөгө ашыруусу үчүн зарыл шарттарды камсыз кылышат. Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жана жарандардын бирикмелеринин органдары, ишканалар, мекемелер, уюмдар, алардын кызмат адамдары депутаттардын ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруусуна көмөк көрсөтүүгө милдеттүү.

*(КР 2016-жылдын 20-июлундагы № 124 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**25-статья. Депутаттын эмгектик жана башка укуктарын коргоо**

Жергиликтүү кеңештин депутаты, менчигинин түрүнө карабастан ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын администрациясынын демилгеси боюнча жумуштан бошотулууга (ишкана, мекеме, уюм толук жоюлган учурларды кошпогондо), ошондой эле тийиштүү жергиликтүү кеңеш менен, ал эми жергиликтүү кеңештин сессияларынын аралыгында – жергиликтүү кеңештин төрагасы менен алдын ала макулдашуусуз жана мандат комиссиясынын, депутаттык ишмердик жана этика боюнча комиссиясынын корутундусуз тартиптик жаза иретинде төмөн акы төлөнүүчү ишке (кызматка) которулууга тийиш эмес.

Жергиликтүү кеңеште шайлануучу кызматка шайланган депутаттын ыйгарым укуктары бүткөндөн кийин аны ишке орноштурууну тийиштүү жергиликтүү кеңеш камсыз кылат.

Депутаттын жергиликтүү кеңештеги иштеген убактысы муниципалдык кызмат стажына, ошондой эле жергиликтүү кеңештин депутаты болуп шайланганга чейин иштеген адистиги боюнча иш (кызмат) стажына кошулуп эсептелет. Тийиштүү ишкананын, мекеменин, уюмдун кызматкерлери пайдаланган бардык укуктар жана жеңилдиктер депутат үчүн сакталып калат.

*(КР 2008-жылдын 5-августундагы № 195, 2014-жылдын 17-июлундагы № 138 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**26-статья. Ушул Мыйзамдын күчүнө кириши**

Ушул Мыйзам жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

*«Эркин Тоо» газетасынын 2000-жылдын 21-январында № 7–8 жарыяланды*

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **А. Акаев**

**1999-жылдын 21-декабрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан кабыл алынган**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН

# «МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР ЖӨНҮНДӨ» МЫЙЗАМЫ

2014-жылдын 17-июлу № 139

## 1-глава. Жалпы жоболор

### 1-берене. Ушул Мыйзамдын колдонуу чөйрөсү

1. Ушул Мыйзам мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн негизги принциптерин белгилейт, бул чөйрөдөгү мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдө аткаруучулар менен керектөөчүлөрдүн ортосундагы укуктук мамилелерди жөнгө салат, ошондой эле мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрин, аларды көрсөтүүнүн стандарттарын түзүүнүн тартибин аныктайт.

Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү электрондук формада көрсөтүү үчүн электрондук башкаруунун архитектурасын пайдалануу тартиби «Электрондук башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык аныкталат.

2. Ушул Мыйзамдын колдонулушу мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар тарабынан кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүнө жана мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер тарабынан бири-бирине кызмат көрсөтүүсүнө жайылтылбайт.

Аталган кызмат көрсөтүүлөр жарандык мыйзамдарга ылайык келишимдин негизинде көрсөтүлөт.

3. Мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, башка мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин мамлекеттик көзөмөлдөө, контролдоо жана лицензиялык талаптар боюнча функцияларды ишке ашыруу иштери мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр боюнча ишке кирбейт жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген башкача тартипте жөнгө салынат.

*(КР 2017-жылдын 20-июлундагы « 130 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 2-берене. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө мыйзамдар

1. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө мыйзамдар Кыргыз Республикасынын Конституциясына, административдик иштi жөнгө салган мыйзамга негизделет жана ушул Мыйзамдан жана ушул Мыйзамга ылайык кабыл алынган Кыргыз Республикасынын башка ченемдик-укуктук актыларынан турат.

Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр бөлүгүндө мындан жогору юридикалык күчкө ээ болгон ченемдик-укуктук актылар менен карама-каршылыктар жок болгондо, ушул Мыйзамга тең юридикалык күчкө ээ болгон башка ченемдик-укуктук актылар менен коллизия пайда болгон учурда, ушул Мыйзамдын жоболору колдонулат.

2. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин ченемдери колдонулат.

### 3-берене. Ушул Мыйзамда пайдаланылуучу негизги түшүнүктөр

Ушул Мыйзамда төмөнкү түшүнүктөр пайдаланылат:

**мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн административдик регламенти** – көрсөтүүлөр ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүлөрдүн болгондугун кошуп алганда, мамлекеттик же муниципалдык кызматтарды үчүн керектүү болгон мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү аткаруучунун административдик жол-жоболорунун (аракеттеринин) мөөнөттөрүн жана ырааттуулугун регламенттөөчү документ;

**муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн базалык реестри** – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген ыйгарым укуктарга ылайык, муниципалдык мекемелер тарабынан акысыз жана акы төлөө негизинде жеке жана юридикалык жактарга көрсөтүлүүчү муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн бекитилген минималдуу тизмеги;

**мамлекеттик кызмат көрсөтүү** – жеке жана юридикалык жактардын суроо-талаптарын аткаруу боюнча алардын компетенциясынын чегинде жүзөгө ашырылуучу жана кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн укуктарын ишке ашырууга, мыйзамдуу кызыкчылыктарын канааттандырууга, же болбосо жарандык-укуктук мамилелердин натыйжасында пайда болуучу милдеттерди аткарууга багытталган мамлекеттик мекемелердин ишинин натыйжасы;

**мамлекеттик же муниципалдык мекеме** – мамлекеттик орган же өз алдынча башкаруу органдары тарабынан башкаруучулук, социалдык-маданий же башка коммерциялык эмес мүнөздөгү функцияларды аткаруу үчүн түзүлгөн жана алар тарабынан толук же жарым-жартылай каржыланган уюм;

**муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн кошумча тизмеги** – муниципалдык мекемелер тарабынан жеке жана юридикалык жактарга акысыз жана акы төлөө негизинде көрсөтүлүүчү муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн бекитилген тизмеги, ал жергиликтүү бюджеттин мүмкүнчүлүктөрүнөн улам ар бир административдик-аймактык бирдиктин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен муниципалдык кызматтарды көрсөтүүнүн базалык реестринен ашык түзүлөт;

**бирдиктүү терезе** – арыз берүүдөн баштап натыйжалары алынганга чейин бир жерде, бир мекемеде мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруунун жана көрсөтүүнүн ыкмасы;

**мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестри** – ушул Мыйзамда аныкталган, керектөөчүлөргө мамлекеттик мекемелер тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен тартипте акысыз жана акы төлөөнүн негизинде көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн тутумдаштырылган тизмеги;

**мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүгө суроо-талап** – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген формада болгон мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдө алууга анын эркин билдирүүсүн аныктоого мүмкүндүк берүүчү өзү же болбосо ыйгарым укуктуу өкүлү аркылуу жасалган жеке же юридикалык жактын ар кандай аракети;

**мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүнү аткаруучу** – жеке жана юридикалык жактардын суроо-талаптары боюнча өз компетенциясынын чегинде мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөткөн мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер;

**ведомстволор аралык комиссия** – мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрин тутумдаштыруу жана түзүү (аларга өзгөртүүлөрдү киргизүү) максатында ушул Мыйзамдын талаптарына ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан түзүлүүчү, туруктуу негизде аракеттенүүчү консультациялык-кеңеш берүүчү орган;

**муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жергиликтүү реестри** – конкреттүү административдик-аймактык бирдиктин аймагында муниципалдык мекемелер тарабынан жеке жана юридикалык жактарга акысыз жана акы төлөө негизинде көрсөтүлүүчү муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн бекитилген тизмеги;

**муниципалдык кызмат көрсөтүү** – кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн укуктарын ишке ашырууга, мыйзамдуу кызыкчылыктарын канааттандырууга, же болбосо жарандык-укуктук мамилелердин натыйжасында пайда болуучу милдеттерди аткарууга багытталган жеке жана юридикалык жактардын суроо-талаптарын аткаруу боюнча алардын компетенциясынын алкактарында жүзөгө ашырылуучу муниципалдык мекемелердин ишинин натыйжасы;

**мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүнү стандартташтырууга жоопту мекеме** – Кыргыз Республикасынын Өкмөтү же муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн кошумча тизмегине кирген муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын иштеп чыгуу боюнча тиешелүү жергиликтүү кеңеш тарабынан аныкталуучу мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүү стандартын иштеп чыгуучу мекеме;

**мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн сапатын баалоо** – ушул Мыйзамда белгиленген мамлекеттик же муниципалдык кызматтарды көрсөтүүчү субъекттер тарабынан түпкү натыйжаларды ишке ашырууга жетишүүнү же тийиштүү стандарттардын сакталышын изилдөө;

**мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүнү керектөөчү** – мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү аткаруучуга түздөн-түз же өзүнүн өкүлү аркылуу мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүгө суроо-талапты жүзөгө ашырган жеке же юридикалык жак;

**мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн стандарты** – Кыргыз Республикасынын Өкмөтү же тиешелүү жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилген, мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө карата коюлуучу жана кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөр менен мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү аткаруучунун өз ара аракеттенүү жол-жобосун аныктоочу талаптардын тутумдашкан топтому камтылган документ;

**ыйгарым укуктуу орган** – мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрин, муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн базалык реестрин жүргүзүү укугуна ээ болгон мамлекеттик орган, муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жергиликтүү реестрин жүргүзүү укугуна ээ болгон жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы. Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрин жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн базалык реестрин жүргүзүү боюнча ыйгарым укуктуу орган Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат;

**мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүнү электрондук формада көрсөтүү** – мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүнү Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы аркылуу аралыктан көрсөтүү.

*(КР 2017-жылдын 20-июлундагы № 130 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 4-берене. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн негизги принциптери

1. Кыргыз Республикасында мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр: кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгү, кызмат көрсөтүүлөрдүн коопсуздугун жана сапатын камсыз кылуу, керектөөчүгө багыт алуу, ак ниеттүүлүк, отчёттуулук, ачык-айкындык, жынысына, расасына, тилине, майыптыгына, этностук таандуулугуна, дин тутуусуна, жашына, саясий же башка ынанымдарына, билимине, ата тегине, мүлктүк же башка абалына, ошондой эле башка жагдайларга, кызмат көрсөтүүлөрдү пландаштыруунун, көрсөтүүнүн, сапатын жана натыйжалуулугун баалоонун бардык стадияларында алардын укуктарына жана кызыкчылыктарына тиешелүү бардык маселелер боюнча чечимдерди кабыл алууга кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн катышуусу принциптерине негизделет жана жүзөгө ашырылат.

2. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнү аткаруучу тарабынан керектөөчүгө кийинки кызмат көрсөтүүнү алуу максатында бир мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүнү алуу талабын коюуга жол берилбейт.

3. Республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин эсебинен административдик органдар тарабынан мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр административдик ишти жөнгө салган мыйзамдарда каралган тартипте жүзөгө ашырылат.

## 2-глава. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн реестри

### 5-берене. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрлерин түзүү

1. Мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрине жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жергиликтүү реестрине киргизилген кызмат көрсөтүүлөрдү гана көрсөтүшөт.

2. Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестринин жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн базалык реестринин долбоорлору тиешелүү ыйгарым укуктуу органдар

тарабынан түзүлөт жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан түзүлгөн ведомстволор аралык комиссиянын кароосуна киргизилет.

Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестринин жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн базалык реестринин долбоорун түзүү мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн жооптуу мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын сунуштарынын негизинде жүзөгө ашырылат.

3. Ведомстволор аралык комиссия түзүүнүн жана иштөөсүнүн тартиби төмөнкү милдеттүү шарттарды сактоо менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет:

1) ведомстволор аралык комиссия жарандык коомдоштуктун жана бизнес коомдоштугунун өкүлдөрүнүн жарымынан кем эмесинен турууга тийиш;

2) ведомстволор аралык комиссияны түзүүдө гендердик баланс камсыз кылынат: комиссиянын курамына 70 пайыздан ашпаган бир жыныстагы адамдар кирүүгө тийиш;

3) ведомстволор аралык комиссиянын бардык мүчөлөрү өздөрүнүн ишин коомдук башталыштарда жүзөгө ашырышат.

4. Ведомстволор аралык комиссия:

1) ыйгарым укуктуу органдардын сунуштоосу боюнча мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестринин жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн базалык реестринин долбоорун карайт жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө корутунду берет;

2) ыйгарым укуктуу органдардын сунуштоосу боюнча мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрлерине өзгөртүүлөрдү киргизүү маселелерин карайт жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө корутундуларды берет;

3) мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрине өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү аткаруучулардын жана ыйгарым укуктуу органдардын баш тартышына керектөөчүлөрдүн даттанууларын карайт жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө тиешелүү сунуштарды киргизет;

4) ведомстволор аралык комиссияга келип түшкөн сунуштардын негизинде мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жакшыртуу, аларды жеке жана юридикалык жактарга көрсөтүүнү жөнөкөйлөтүү, ошондой эле мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүн жөнгө салуучу мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча сунуштамаларды иштеп чыгат;

5) акы төлөнүүчү муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн кошумча реестрине киргизүү боюнча корутунду берет.

5. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрлерин макулдашууда, ошондой эле аларга өзгөртүүлөрдү киргизүүдө кызмат көрсөтүүлөрдүн ушул Мыйзамдын 6- жана 7-беренелеринде белгиленген критерийлерге ылайык келиши, кызмат көрсөтүүлөрдү коомчулукка таңуулабоо ведомстволор аралык комиссиянын оң корутундусу үчүн негизги шарт болуп саналат.

6. Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестри жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн базалык реестри ведомстволор аралык комиссиянын сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.

7. Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жергиликтүү реестри муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн базалык реестринен жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн кошумча тизмегинен турат. Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн кошумча тизмеги жергиликтүү бюджеттин мүмкүнчүлүктөрүнөн келип чыккан ар бир административдик-аймактык бирдиктин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен түзүлөт.

8. Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн кошумча тизмеги жана ага өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштар жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары тарабынан түзүлөт жана жергиликтүү кеңештер тарабынан бекитилет. Акы төлөнүүчү негизде көрсөтүлүүчү муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн кошумча тизмегине киргизүүгө ведомстволор аралык комиссиянын оң корутундусунан кийин гана жол берилет.

**6-берене. Кызмат көрсөтүүнү мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрине киргизүү үчүн критерийлер**

1. Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрине киргизилүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр төмөнкү критерийлерге ылайык келүүгө тийиш:

1) жеке жана юридикалык жактардан тиешелүү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү алууга суроо-талаптын болушу;

2) мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү аткаруучунун кызмат көрсөтүүнүн ушул түрүнө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген ыйгарым укуктарынын болушу;

3) ушул мамлекеттик мекеме тарабынан кызмат көрсөтүү процессине түздөн-түз байланышкан жана жеке жана юридикалык жактардын башка мамлекеттик/муниципалдык жана мамлекеттик эмес мекемелерге жана ишканаларга акыркы натыйжа алуу үчүн кайрылуусуна зарылдыкты жокко чыгаруучу мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн бүтүндүгү;

4) мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү стандартташтыруу мүмкүндүгү.

2. Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрине киргизүү үчүн сунушталган муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр төмөнкү критерийлерге ылайык келүүгө тийиш:

1) жеке жана юридикалык жактардан тиешелүү муниципалдык кызмат көрсөтүүнү алууга суроо-талаптын болушу;

2) муниципалдык кызмат көрсөтүүнү аткаруучунун кызмат көрсөтүүнүн ушул түрүнө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген ыйгарым укуктарынын болушу;

3) ал муниципалдык мекеме тарабынан кызмат көрсөтүү процессине түздөн-түз байланышкан жана жеке жана юридикалык жактардын башка мамлекеттик/муниципалдык жана мамлекеттик эмес мекемелерге жана ишканаларга акыркы натыйжа алуу үчүн кайрылуусуна зарылдыкты жокко чыгаруучу муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн бүтүндүгү;

4) муниципалдык кызмат көрсөтүүнү стандартташтыруу мүмкүндүгү.

3. Кызмат көрсөтүүлөрдүн бардык саналган критерийлерге ылайык келүүсү мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү реестрге киргизүүнүн шарты болуп саналат.

**7-берене. Акы төлөнүүчү негизде мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн негиздер**

1. Ушул берененин 2-бөлүгүндө белгиленген учурларды кошпогондо, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр акысыз негизде көрсөтүлөт.

2. Акы төлөнүүчү негизде мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө төмөнкү критерийлердин бирине ылайык келген учурда жол берилет:

1) мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү алуу аны керектөөчүгө жогорку коркунучтун булагы болгон же ишкердик ишке байланышкан объекттерге жана предметтерге ээ болуу жана пайдалануу укугун берет;

2) кайрылуунун көп жолкулугун же болбосо үзгүлтүксүздүгүн караган мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү кошпогондо, акысыз негизде алгачкы кызмат көрсөтүүнүн шартында, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнү кайталап жана кийин ар бир жолу көрсөтүү;

3) мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү ушул кызмат көрсөтүүнүн стандартында бекитилгенден ашкан сапаттык параметрлер боюнча көрсөтүү (тездетилген кызмат көрсөтүү, жогорку ыңгайлуулуктун шарттарында кызмат көрсөтүү, керектөөчүнүн турган жери же керектөөчү аныктаган башка жер боюнча кызмат көрсөтүү);

4) мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү башкалар менен бирдей алуу үчүн ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарга зарыл шарттарды түзүү кызмат көрсөтүүгө акы белгилөө үчүн негиз болуп саналбайт.

3. Акы төлөнбөй тургандыгы Конституцияда жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында бекитилген, ошондой эле эл аралык келишимдер боюнча Кыргыз Республикасынын милдеттенмелеринен келип чыгуучу мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр акы төлөнүүчү негизде көрсөтүлбөйт.

4. Мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүү үчүн акы төлөө өлчөмүн аныктоо тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

5. Акы төлөө өлчөмү мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн өздүк наркынан ашпоого тийиш.

6. Кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн белгилүү бир категориялары үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тиешелүү жеңилдиктер бекемделген шартта акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдү өз наркынан төмөн өлчөмдө акы төлөө менен көрсөтүүгө жол берилет.

**8-берене. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрине өзгөртүүлөрдү киргизүү**

1. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрине өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча демилгеге ыйгарым укуктуу органдар, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү аткаруучулар, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн бирикмелери (ассоциациялар жана бирликтер) ээ.

2. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү аткаруучулар, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн бирикмелери (ассоциациялар жана бирликтер) мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө суроо-талап менен тиешелүү ыйгарым укуктуу органга же болбосо муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн кошумча реестрине өзгөртүүлөрдү киргизүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органына кайрылышат.

3. Ыйгарым укуктуу орган, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрине өзгөрүүлөрдү суроо-талаптын негизинде 30 күндүк мөөнөттө киргизүүнү демилгелейт же болбосо жүйөөлөштүрүп баш тартат.

Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрлерине өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча коомдук бирикмелердин (ассоциациялардын жана бирликтердин) дарегине болгон баш тартуу ведомстволор аралык комиссияда, коллегиялык орган катары Өкмөттө же сотто Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте даттанылышы мүмкүн.

4. Ыйгарым укуктуу орган мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрине жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн базалык реестрине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө чечимдин долбоорун ведомстволор аралык комиссиянын кароосуна киргизет.

5. Ведомстволор аралык комиссия киргизилүүчү кызмат көрсөтүүлөргө, алардын ушул Мыйзамдын 6- жана 7-беренелеринде белгиленген мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн критерийлерине ылайык келүү предметине текшерүүнү жүзөгө ашырат.

Ведомстволор аралык комиссия оң корутунду чыгарган учурда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрине жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн базалык реестрине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө чечим кабыл алынат.

6. Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн кошумча тизмегине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө чечим жергиликтүү кеңештин тиешелүү чечими менен кабыл алынат. Акы төлөө негизинде муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн кошумча тизмегине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө чечим ведомстволор аралык комиссиянын оң корутундусу алынгандан кийин кабыл алынат.

7. Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрине өзгөртүүлөрдү киргизгенден кийин мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн аткаруучусу 10 күндүк мөөнөттө тиешелүү өзгөртүүлөр жөнүндө коомчулукка маалымдоого, анын ичинде веб-сайтка жайгаштыруу жолу менен маалымдоого милдеттүү.

**9-берене. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрлерине киргизилүүчү маалыматтар**

Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрлери төмөнкү маалыматтарды камтыйт:

1) мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн аталышын;

2) мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү стандартташтырууга жооптуу мекеменин аталышын;

3) мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүчү мекеменин аталышын;

4) мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн акы төлөнө тургандыгын же акысыздыгын.

## 3-глава. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн стандарты

### 10-берене. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн стандартын иштеп чыгуу жана бекитүү

1. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн стандарты мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрине, муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн базалык реестрине жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн кошумча тизмегине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилүүчү мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн типтүү стандартынын негизинде кызмат көрсөтүүнү стандартташтырууга жооптуу мекеме тарабынан иштелип чыгат.

2. Стандартташтырууга жооптуу мекеме мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн стандартын иштеп чыгууда жана бекитүүдө ушул Мыйзамдын 4-беренесинде аныкталган принциптерди сактоого милдеттүү.

3. Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн жана базалык реестрге кирген муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттары Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.

4. Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн кошумча тизмегинин стандарттары тиешелүү жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилет.

5. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнү стандартташтырууга жооптуу мекеме стандарттын (стандартты кайра карап чыгуунун) долбоорун иштеп чыгуу үчүн жумушчу топ түзөт, анын жарымынан кем эмеси милдеттүү тартипте жарандык жана бизнес коомдоштуктун өкүлдөрүнөн турууга тийиш.

Жумушчу топ түзүүдө гендердик баланс сакталат: комиссиянын курамына 70 пайыздан ашпаган бир жыныстагы адамдар кирүүгө тийиш.

6. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн стандартынын долбоору Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте коомдук талкуулоого жатат.

*(КР 2016-жылдын 21-октябрындагы № 170 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 11-берене. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн типтүү стандарты

Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн стандарты төмөнкү бөлүмдөрдөн турат:

1) мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн аталышы, ошондой эле аны көрсөтүү процессинде мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүнү аткаруучунун аракеттерин кыскача баяндоо;

2) мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүчү мекеменин толук аталышы;

3) мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүнү керектөөчүлөр;

4) мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүнү алуунун укуктук негиздери;

5) мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн түпкү натыйжасы;

6) эркектердин жана аялдардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн шарттары (башпааналарга, күтүү шарттарына карата талаптар, мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар үчүн акылга сыярлык ыңгайлуулуктар, кезектүүлүктү түзүү ыкмалары ж.б.);

7) мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн узактыгы (документтерди кабыл алууга, кызмат көрсөтүүгө жана кызмат көрсөтүүнүн натыйжасын берүүгө карата чектик убактысы);

8) керектөөчүгө көрсөтүлүүчү кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө маалымдоо (керектүү маалыматтын тизмеги) жана аларды стандартташтырууга жооптуу мекемелер;

9) мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүү жөнүндө маалыматты жайылтуу ыкмалары (бардык мүмкүн болуучу ыкмаларды мүнөздөө же саноо);

10) келүүчүлөр менен маектешүү эрежелери (кесиптик-этикалык ченемдерди сактоо, керектөөчүлөрдүн ар түрдүү категориялары – ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар, жашы жете электер, улгайгандар ж.б.у.с. кайрылуунун ыкмалары боюнча өзгөчөлүктөр);

11) мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүдө жашыруундуулукту камсыз кылуу ыкмалары;

12) керектүү документтердин жана/же мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнү керектөөчү тарабынан болгон аракеттердин тизмеги;

13) акы төлөнүүчү мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн наркын түзүүнүн тартиби жөнүндө, ошондой эле кызмат көрсөтүүнүн наркын бекитүүчү орган тууралуу маалыматтар;

14) мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн сапатынын параметрлери;

15) мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн ыкмалары, аны электрондук форматта көрсөтүүнүн өзгөчөлүктөрү;

16) мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүдөн баш тартуунун негиздер жана тартиби;

17) мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүдөн баш тартууга даттануунун тартиби;

18) мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүү стандарттарын кайра карап чыгуунун мезгилдүүлүгү.

**12-берене. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн стандартын өзгөртүү**

1. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн стандарты 3 жылда бир жолудан кем эмес мезгилдүүлүгү менен үзгүлтүксүз кайра каралууга тийиш.

Стандарт менен аны кайра карап чыгуунун кыйла кыска мөөнөтү каралышы мүмкүн.

2. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнү керектөөчү, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн бирикмелери (ассоциациялары жана бирликтери) стандартты мөөнөтүнөн мурда кайра карап чыгуу жөнүндө мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү стандартташтырууга жооптуу мекемеге кайрылууга укуктуу.

3. Керектөөчүнүн, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн бирикмесинин (ассоциацияларынын жана бирликтеринин) кайрылуусу боюнча мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү стандартташтырууга жооптуу мекеме 30 күндүк мөөнөттө стандартты өзгөртүүнү демилгелейт же болбосо жүйөөлөштүрүп баш тартат.

4. Стандартты мөөнөтүнөн мурда кайра карап чыгуудан баш тартуу ведомстволор аралык комиссияда, коллегиялуу орган катары Өкмөттө же болбосо сотто Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте даттанылышы мүмкүн.

**13-берене. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн административдик регламенти**

1. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн административдик регламентти мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрине жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жергиликтүү реестрине ылайык, мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүгө жооптуу мекеме тарабынан иштелип чыгылат жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.

*Караңыз:*

*КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 30-июнундагы № 302-б (Аткаруу бийлигинин органдары, алардын түзүмдүк бөлүнүштөрү жана ведомстволук мекемелери жеке жана юридикалык жактарга көрсөтүүчү мамлекеттик кызматтардын административдик регламенттерин бекитүү тууралуу) буйругу*

2. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн административдик регламенти милдеттүү тартипте төмөнкүлөрдү камтууга тийиш:

1) мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүү процессинде мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнү аткаруучу тарабынан жасалуучу жана конкреттүү натыйжага ээ болгон ар бир административдик жол-жобону (аракетти) баяндоону;

2) ар бир административдик жол-жобого жооптуу кызмат адамы, анын милдеттери жөнүндө маалыматты;

3) ар бир административдик жолжобону аткаруунун узактыгы же максималдуу мөөнөтүн;

4) эгерде мындай бар болсо, мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүү процессинде башка мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер менен өз ара аракеттенүүнүн тартибин;

5) кызмат адамы тарабынан кабыл алынышы мүмкүн же тийиш болгон чечимдер, ал эми чечимдин ар түрдүү варианттары мүмкүн болгондо – чечимдин варианттарын тандоонун критерийлери же жолжоболорун;

6) административдик жол-жобонун натыйжасын жана кийинки административдик жол-жобону баштоо үчүн аны өткөрүп берүүнүн тартибин;

7) мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүдөн баш тартууну кошуп алганда, мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн түпкү натыйжасын мүнөздөөчү маалыматтардын курамын;

8) мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүнү керектөөчүгө мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн түпкү натыйжасын, анын ичинде электрондук форматта берүүнүн (жиберүүнүн) тартибин жана ыкмасын;

9) эгерде кызмат көрсөтүү электрондук форматта көрсөтүлгөн учурда, мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүнү электрондук форматта көрсөтүүнүн өзгөчөлүктөрүн, ошондой эле мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнү керектөөчүлөрдүн айрым категорияларына (ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар, жашы жете электер, пенсионерлер жана башкалар) мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн өзгөчөлүктөрүн (эгерде мындайлар бар болсо);

10) керектөөчүлөрдү ушул процесске тартууну эске алуу менен административдик регламенттин талаптарынын аткарылышын контролдоонун тартибин жана формаларын;

11) мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн административдик регламентинин талаптарын бузгандыгы үчүн кызмат адамдарынын жоопкерчилигин.

3. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн административдик регламенти мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн тиешелүү стандартынын аткарылышын камсыз кылууга тийиш жана анын талаптарына ылайык иштелип чыгат.

**14-берене. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн сапатын баалоо**

1. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына баалоо жүргүзүү төмөнкүлөр тарабынан жүзөгө ашырылат:

1) керектөөчүлөрдүн коомдук бирикмелери (ассоциациялары жана бирликтери);

2) мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүчү мекеме;

3) ыйгарым укуктуу орган.

2. Керектөөчүгө көрсөтүлүүчү мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын баалоо мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн стандартында көрсөтүлгөн сапаттын белгиленген критерийлерине ылайык жүргүзүлөт.

Ушул берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн субъекттер тарабынан баалоо жүргүзүүнүн усулу өз алдынча аныкталат.

3. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн сапатын ички баалоо мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүчү мекеме, ыйгарым укуктуу орган тарабынан

жүргүзүлөт, анын натыйжалары боюнча тиешелүү мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн стандартына жана/же административдик регламентине өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн максатка ылайыктуулугу жөнүндө чечим кабыл алынат.

Керектүү өзгөртүүлөр ушул Мыйзамда белгиленген тартипте демилгеленет.

4. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн сапатын ички баалоо керектөөчүлөрдүн коомдук бирикмелери (ассоциациялары жана бирликтери) тарабынан жүргүзүлөт, алар анын натыйжалары боюнча ушул Мыйзамда белгиленген тартипте мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн стандартын жана административдик регламентин кайра карап чыгууну талап кылууга укуктуу.

## 4-глава. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө жетүү

### 15-берене. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө жетүү пункттарын уюштуруу

1. Мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүк пункттары же болбосо электрондук формада Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы аркылуу көрсөтүлөт.

2. Администрациялык аймактык бирдиктерде, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер иштеген чек араларда мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө жетүү пункттары түзүлөт.

3. Уюштуруу жана башпаана бөлүп берүү тиешелүү мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерге жүктөлөт. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө жетүү пункттарынын башпааналары стандарттын талаптарына жооп берүүгө тийиш.

4. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө жетүү пункттары стационардык жана/же көчмө (мобилдүү) болушу мүмкүн.

Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө жетүүнүн стационардык пункттары жайгашкан жерден алыс турган калктуу конуштарда кыйла талап кылынган мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр ыйгарым укуктуу мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин адистеринин катышуусу менен көчмө (мобилдүү) жетүү пункттары тарабынан көрсөтүлөт.

5. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө жетүүнүн стационардык же көчмө (мобилдүү) пункттарынын ишин уюштуруу кызмат көрсөтүүлөрдүн тиешелүү стандарттарына жооп берүүгө тийиш.

6. Мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө жетүү пункттарын бирдиктүү терезе ыкмасы боюнча түзүшөт.

7. Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн мамлекеттик жана/же муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү аткаруучу тарабынан мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү башкалар менен тең шарттарда алуу үчүн зарыл шарттар түзүлөт. Бул категориядагы керектөөчүлөргө мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн тартибине жана шарттарына карата талаптар тиешелүү стандартта камтылууга тийиш.

8. Мамлекеттик жана/же муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын, жеткиликтүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатуу максатында мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү каржылоонун каражаттарын жана булактарын өткөрүп берүү менен жеке юридикалык жана жеке жактарга аткарууга өткөрүп бере алышат.

Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү жеке юридикалык жана жеке жактарга аткарууга өткөрүп берүү ведомстволор аралык комиссиянын оң корутундусу алынгандан кийин мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамдардын талаптарына ылайык жүзөгө ашырылат.

Мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер жеке юридикалык жана жеке жактардын аткаруусуна өткөрүп берген мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдө ушул Мыйзамдын ченемдерин аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы, анын ичинде белгиленген стандарттарды, ошондой эле кызматтарды акы төлөө негизинде көрсөтүү үчүн ушул

Мыйзамдын 7-беренесинде баяндалган негиздерди сактоо үчүн толук жоопкерчилик тартышат.

*(КР 2017-жылдын 20-июлундагы № 130 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

*Караңыз:*

*КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 15-ноябрындагы № 485-б (Мамлекеттик кызматтарды "бирдиктүү терезе" принциби боюнча көрсөтүүнүн пилоттук долбоорун жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу) буйругу*

**16-берене. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө маалыматтарга жетүү**

1. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрлери, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн типтүү стандарты жана стандарттары, ведомстволор аралык комиссия жөнүндө жобо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жарыяланууга жатат.

Мындан тышкары, жогоруда аталган ченемдик-укуктук актылар мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү аткаруучулардын веб-сайттарында жарыяланат, ошондой эле кызмат көрсөтүлгөн жерлерде жайгаштырылууга тийиш.

Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр тутумун электрондук форматка которуу үчүн жооптуу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

2. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө маалыматтар мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн бардык керектөөчүлөрүнө мамлекеттик жана расмий тилде берилиши керек.

3. Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү аткаруучу тарабынан мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жана алардын стандарттары тууралуу маалыматтарды башкалар менен тең шарттарда алуу үчүн зарыл шарттар түзүлөт.

4. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү аткаруучу мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр боюнча жүргүзүлүп жаткан иштер жөнүндө коомчулукту үзгүлтүксүз негизде маалымдап турууга тийиш.

## 5-глава. Ушул Мыйзамдын ченемдерин аткарбагандыгы үчүн жоопкерчилик

**17-берене. Ушул Мыйзамдын ченемдерин аткарбагандыгы үчүн жоопкерчилик**

1. Ушул Мыйзамдын ченемдерин аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер, алардын кызмат адамдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тартиптик, административдик, материалдык жана жазыктык жоопкерчилик тартышат.

2. Мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер тарабынан мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн тиешелүү реестрине киргизилбеген акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн алынган киреше Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетине толук көлөмдө алынат.

## 6-глава. Өтмө жана корутунду жоболор

**18-берене. Ушул Мыйзамдын күчүнө кирүү тартиби**

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып алты ай өткөндөн кийин күчүнө кирет.

*«Эркин Тоо» газетасынын 2014-жылдын 25-июлунда № 58 жарыяланды*

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү алты айлык мөөнөттө ушул Мыйзамды ишке ашыруу боюнча тиешелүү чараларды көрсүн.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **А. Атамбаев**

**2014-жылдын 25-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН

## «МҮЛККӨ МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИК ЖӨНҮНДӨ» МЫЙЗАМЫ

2002-жылдын 15-марты № 37

Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасындагы мүлккө муниципалдык менчик укугунун келип чыгышына, ишке ашырылышына жана токтотулушуна байланыштуу мамилелерди жөнгө салат жана Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдары менен жөнгө салынуучу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы-экономикалык негиздери менен байланышкан мамилелерине жайылтылбайт.

### 1-глава
### Жалпы жоболор

**1-статья. Ушул Мыйзамда пайдаланылуучу негизги түшүнүктөр**

Ушул Мыйзамда төмөнкүдөй түшүнүктөр пайдаланылат:

**турак жайга кирбеген фонд** – калкты социалдык жактан тейлөөгө, администрациялык мекемелер менен коомдук уюмдарды жайгаштырууга арналган жалпы турак жай мүлкүнөн башка имараттар, курулуш жайлар, объекттер менен жайлар;

**муниципалдык менчик** – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында, пайдалануусунда, тескөөсүндө турган, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кирешелерин алуучу булак катары кызмат кылуучу жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруунун иш-милдеттерин жүзөгө ашырууга зарыл жергиликтүү жамааттардын менчиги;

**муниципалдык менчикти менчиктештирүү** – муниципалдык менчикти (менчиктештирүү объекттерин) жеке жана юридикалык жактарга ажыратып берүү;

**муниципалдык менчикти менчиктештирүү жөнүндө мыйзамдар** – муниципалдык менчикти менчиктештирүү тартибин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары.

*(КР 2005-жылдын 19-августундагы № 152, 2009-жылдын 15-июнундагы № 182 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**2-статья. Мүлккө муниципалдык менчик укугу**

1. Мүлккө муниципалдык менчик укугунун пайда болушуна, жүзөгө ашырылышына жана токтолушуна байланыштуу келип чыккан мамилелер Кыргыз Республикасынын Конституциясы, ушул Мыйзам, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик-укуктук актылары, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдер менен жөнгө салынат.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн зарыл болгон муниципалдык менчикти Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, өз каалоосу боюнча сатып алат, ээлик кылат, пайдаланат жана тескей алышат.

*(КР 2005-жылдын 19-августундагы № 152, 2008-жылдын 29-декабрындагы № 279, 2011-жылдын 21-декабрындагы № 243 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**3-статья. Ушул Мыйзамдын колдонуу чөйрөсү**

1. Ушул Мыйзамдын колдонулушу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ээлигинде, пайдалануусунда жана тескөөсүндө болгон муниципалдык менчикке, алардын өздөрүнө тиешелүү аймакта жайгашканына же жайгашпаганына карабастан, жайылтылат.

2. Муниципалдык менчикте төмөндөгү мүлктөр болушу мүмкүн:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, аларга караштуу ишканалардын имараттары, жабдуулары жана башка кыймылсыз мүлкү;
- билим берүү, саламаттык сактоо, маданият, спорт жана туризм объекттери;
- турак жай-коммуналдык, ремонттоо-курулуш жана транспорт чарбаларынын объекттери, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин камсыз кылууга зарыл болгон жабдуулар менен материалдар;
- тийиштүү аймакты тейлеген жана мамлекеттик, жеке менчикке таандык ишканаларга караштуу болбогон транспорт, энергетика, суу менен жабдуу, канализация курулуштары менен коммуникацияларынын тармактары жана инфраструктура объекттери;
- соода, коомдук тамактануу жана турмуш-тиричилик ишканаларынын мүлк комплекстери, ошондой эле аларды пайдаланууга, күтүүгө жана тейлөөгө арналган курулуштар менен жабдуулар;
- жергиликтүү өз алдынча башкарууга караштуу болгон менчиктештирилбеген турак жай жана турак жайга кирбеген фонддор;
- калктуу конуштардагы көчөлөр, көпүрөлөр менен жолдор;
- коомдук сейил бактар жана сейил бактар үчүн бөлүнгөн жерлер, көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарбасынын башка объекттери;
- токойлор жана айыл чарба жерлери, көлдөр, суу булактары жана жергиликтүү маанидеги пайдалуу кендер чыккан жерлер, эгерде алар мамлекеттик табигый ресурстардын тизмесине киргизилбеген болсо;
- жергиликтүү маанидеги тарых жана маданият эстеликтери;
- жер участкалары, анын ичинде чек аралардын тиешелүү долбоорлорунда каралган муниципалдык мүлктүн объектинде жайгашкан, ошондой эле өздөштүрүлө элек жерлер;
- бүткөрүлө элек курулуш объекттери;
- тиешелүү аймактагы калктын турмуш тиричилигин камсыз кылуу маселелерин чечүү үчүн зарыл болгон башка объектилер.

*(КР 2008-жылдын 14-февралындагы № 12, 2008-жылдын 29-декабрындагы № 279 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## 2-глава
## Муниципалдык менчик укугунун пайда болушу жана мамлекеттик каттоо. Муниципалдык менчик объекттерин эсепке алуу

*(Главанын аталышы КР 2005-жылдын 19-августундагы № 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**4-статья. Жергиликтүү жамааттардын муниципалдык менчикти башкарууга жана тескөөгө катышуусу**

Жергиликтүү жамаат жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кайрылуу жолу менен муниципалдык менчикти башкарууга жана тескөөгө түздөн-түз катышат, бул кайрылуулар тийиштүү чараларды кабыл алуу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан милдеттүү түрдө каралышы керек.

*(Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 19-августундагы № 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**5-статья. Мүлккө муниципалдык менчик укугунун келип чыгышы**

Мүлккө муниципалдык менчик төмөнкүдөй жол менен:

- мамлекеттик менчик объекттерин мыйзамдарга ылайык жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган тартипте жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүп берүү аркылуу;

- жергиликтүү бюджетке жергиликтүү салык, жыйым жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жана башка милдеттүү түрдөгү төлөмдөр түрүндө түшкөн каражаттардан; жарандар жана юридикалык жактар, мамлекеттик органдар жана ишканалар тарабынан мүлккө муниципалдык менчикти ижарага алгандыгы жана пайдалангандыгы үчүн төлөнгөн суммалардан; дивиденддерден жана пайыздардан, мыйзамда белгиленген тартипте конфискацияланган мүлктү сатуудан, кайрымдуулук иретинде жана мыйзамда тыюу салынбаган башкача түрдө түшкөн каражаттардан;

- объекттерди менчикке жарандардан жана юридикалык жактардан жарандык-укуктук бүтүмдүн негизинде сатып алуу (сатып алуу-сатуу, алмашуу, тартуу кылуу, экинчи жактын өзүнүн келишимдик милдеттенмелерин аткарбай коюшу) аркылуу;

- менчик укугунан ажыратуу же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын алдындагы милдеттенмелери боюнча менчигин башкача түрдө мажбурлап же соттун чечими менен башкача ыкмада алып коюу аркылуу;

- муниципалдык менчикке түшкөн ээсиз буюмду соттун чечими менен таануунун натыйжасында;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын каражаттарынын эсебинен жаңы объекттерди куруунун, өндүрүүнүн же түзүүнүн натыйжасында;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамында белгиленген башка учурларда түзүлөт.

*(Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 19-августундагы № 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**6-статья. Мамлекеттик менчикти муниципалдык менчикке өткөрүп берүү**

Мамлекеттик менчик жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына төмөндөгүдөй шарттарда өткөрүп берилет:

- менчик качан жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн зарыл болгондо;

- менчик маданий же тарыхый мааниге ээ болгондо же башка коомдук пайдалуу максаттарда пайдаланылган учурда;

- мамлекет жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын менчикти өз алдынча башкаруу жана тескөө үчүн зарыл болгон, ошондой эле үчүнчү жак менен макулдашуу аркылуу финансы каражаттары менен камсыз кылганда.

Республика үчүн мамлекеттик мааниге ээ болгон жана республикалык маанидеги мамлекеттик менчиктин (ишкана) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүп берилиши мүмкүн эмес.

Муниципалдык менчикке өткөрүп берилүүчү мамлекеттик менчик объекттерин кабыл алуу жергиликтүү кеңештин макулдугу менен жүргүзүлөт.

*(КР 2005-жылдын 19-августундагы № 152, 2008-жылдын 29-декабрындагы № 279 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**7-статья. Муниципалдык менчиктеги кыймылсыз мүлккө укуктарды мамлекеттик каттоо жана алар менен жасалган бүтүм**

1. Муниципалдык менчиктеги кыймылсыз мүлккө карата укук, ошондой эле бул укуктар боюнча чектөөлөр, алардын келип чыгышы, өзгөрүшү, өткөрүп берилиши же токтотулушу

тийиштүү аймактардын мамлекеттик каттоо органдарында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте каттоодон өткөрүлөт.

2. Объекттер мамлекеттик менчиктен муниципалдык менчикке өткөрүп берилген учурда мамлекеттик каттоого байланыштуу болгон бардык чыгымдар жергиликтүү бюджеттин эсебинен жумшалат.

*(Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 19-августундагы № 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**8-статья. Муниципалдык менчик объекттерине укук белгилөөчү документтер**

Муниципалдык менчик объекттерине укук белгилөөчү документтер болуп мыйзамдар, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдору, соттун чечимдери, келишимдер жана башка бүтүмдөр, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган мүлккө муниципалдык менчик укугун белгилөөчү башка актылар саналат.

*(Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 19-августундагы № 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**9-статья. Мүлккө муниципалдык менчик объекттеринин реестри**

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мүлккө муниципалдык менчик объекттеринин реестрине ээ болууга жана аны жүргүзүүгө милдеттүү.

Реестрде төмөнкүдөй негизги маалыматтар:

- объектти сыпаттап жазуу;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары же башка юридикалык же жеке жактар ээлик кылган мүлккө муниципалдык менчик объекттерине карата укуктарды ырастаган документтер;
- объекттерди пайдаланууга карата чектөөлөрдүн тизмеси;
- объекттердин бааланган наркы;
- мүлккө муниципалдык менчик объекттеринин өзгөчөлүктөрүнө жана аларды пайдаланууга байланышкан башка маалымат камтылууга тийиш.

2. Мүлккө муниципалдык менчик объекттеринин реестринин мазмуну жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кадимки иш учурунда аларды жарандар иликтөө үчүн пайдалана алгыдай болууга тийиш.

3. Мүлккө муниципалдык менчик объекттеринин реестрин түзүү жана жүргүзүү тартиби жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аткаруучу органдары тарабынан белгиленет жана жергиликтүү кеңештер тарабынан бекитилет.

## 3-глава
## Мүлккө муниципалдык менчик укугунун токтотулушу

**10-статья. Мүлккө муниципалдык менчик укугунун токтотулушу**

Мүлккө муниципалдык менчик укугу төмөнкү учурларда:

- мүлктү мамлекеттин менчигине, юридикалык жактардын жана жарандардын менчигине ажыратканда;
- мүлк кыйраганда же жок кылынганда, болбосо мүлккө карата менчик укугу жоюлганда;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдеттенмелери боюнча мүлк укугунан ажыратылганда;
- мүлккө муниципалдык менчикке карата укугу бар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жоюлганда;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген башка учурларда токтотулушу мүмкүн.

*(КР 2005-жылдын 19-августундагы № 152 Мыйзамынын, 2008-жылдын 14-февралындагы № 12 Мыйзамынын редакцияларына ылайык)*

**11-статья. Муниципалдык менчиктеги мүлктү ажыратуу жана алып коюу**

1. Муниципалдык менчиктеги мүлк сатып алуу-сатуу, менчиктештирүү же алмаштыруу жолу менен ажыратылышы мүмкүн.

2. Муниципалдык менчиктеги мүлктү ажыратуу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын чечиминин негизинде жүргүзүлөт. Муниципалдык менчиктеги мүлктү ажыратуу тартиби жергиликтүү кеңеш тарабынан белгиленет.

3. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды копшогондо, муниципалдык менчиктеги мүлктү алып коюуга жол берилбейт.

*(КР 2005-жылдын 19-августундагы № 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**12-статья. Муниципалдык менчик объекттерин менчиктештирүү**

1. Муниципалдык менчик объекттерин менчиктештирүү, ушул статьянын 2- жана 3-бөлүктөрүндө каралган учурларды кошпогондо, менчиктештирүү усулдарынын бири менен жүргүзүлөт.

2. Өзгөчө учурларда жергиликтүү кеңештин чечиминин негизинде муниципалдык менчиктеги турак жай фондунун объекттерин менчиктештирүү жеке адамдардын менчигине акысыз негизде аларды өткөрүп берүү жолу менен жүргүзүлүшү мүмкүн.

3. Эгерде муниципалдык менчик объекти белгиленген тартипте ачык тоорукка эки жолу коюлса жана сатылбаса, мындай муниципалдык менчик объектисин менчиктештирүү жергиликтүү кеңештин чечими боюнча тике сатуу жолу менен жүргүзүлүшү мүмкүн.

*(КР 2005-жылдын 19-августундагы № 152, 2006-жылдын 22-ноябрындагы № 184, 2011-жылдын 21-декабрындагы № 243 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**12-1-статья. Муниципиалдык мүлктү менчиктештирүү усулдары**

1. Муниципиалдык мүлктү менчиктештирүү төмөнкү усулдар менен жүзөгө ашырылат:

- электрондук форматта «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталуучу тартипте өткөрүлүшү мүмкүн болгон аукциондо сатуу;
- конкурста сатуу;
- кийин сатып алуучу башкарууга берүү;
- кийин сатып алуучу ижарага өткөрүп берүү;
- чарбалык шериктердин жана коомдордун уставдык капиталдарына салым катары кошуу.

2. Муниципиалдык мүлктү менчиктештирүү усулдарын колдонуу Кыргыз Республикасынын мамлекеттик мүлктү менчиктештирүү жөнүндө мыйзамдарында каралган тартипте жүргүзүлөт.

*(КР 2006-жылдын 22-ноябрындагы № 184, 2016-жылдын 22-июнундагы № 84 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**13-статья. Муниципалдык менчик объекттерин менчиктештирүү программасы**

1. Муниципалдык менчик объекттерин менчиктештирүү Муниципалдык менчик объекттерин менчиктештирүү программасынын (мындан ары – Менчиктештирүү программасы) негизинде жүргүзүлөт.

2. Менчиктештирүү программасы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы тарабынан иштелип чыгат жана жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилет.

3. Менчиктештирүү программасы өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

- менчиктештирүү жаатындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын саясатынын максаттарын жана милдеттерин;

- муниципалдык менчикти менчиктештирүүнү жүзөгө ашыруу жана тоорук өткөрүү тартибин;

- муниципалдык менчик объекттерин төмөнкүлөргө классификациялоону;

- менчиктештирилүүгө тийиш болгон муниципалдык менчик объекттерин;

- аларды менчиктештирүү жөнүндө чечим кабыл алынганга чейинки муниципалдык менчикке бекитилүүчү муниципалдык менчиктин объекттерин;

- менчиктештирүүгө тыюу салынган муниципалдык менчиктин объекттерин;

- муниципалдык менчикти менчиктештирүүдөн каражаттардын түшүү божомолун;

- муниципалдык менчикти менчиктештирүүнүн натыйжасында инвестициялардын түшүү божомолун.

4. Муниципалдык менчик объекттерин менчиктештирүүдөн түшкөн каражаттар жергиликтүү бюджетке келип түшөт.

5. Муниципалдык менчиктеги жер участкаларын, жеке жана юридикалык жактардын менчигине берүү Кыргыз Республикасынын жер боюнча мыйзамдарында каралган тартипте жүргүзүлөт.

*(КР 2005-жылдын 19-августундагы № 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**14-статья. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өзгөртүп түзүлгөн, бириккен же жоюлган учурда мүлккө муниципалдык менчикти өткөрүп берүү**

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өзгөртүп түзүлгөн же бириккен учурда аларга таандык болгон мүлккө муниципалдык менчик тийиштүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын укук мурастоочусуна компенсациясыз өткөрүп берилет.

2. Укук мурастоочусу болбогон жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жоюлган учурда мүлккө муниципалдык менчик мамлекетке компенсациясыз эле өткөрүп берилет.

3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укук мурастоочусуна же мамлекетке мүлккө муниципалдык менчик мамлекеттик комиссия тарабынан өткөрүп берилет. Мындай комиссияны түзүү жана анын өзүнө жүктөлгөн ыйгарым укуктарын ишке ашыруу тартибин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктайт.

## 4-глава
## Муниципалдык менчикке чектелген укукту өткөрүп берүү

**15-статья. Муниципалдык менчик объекттерин пайдаланууга жана ижарага берүү**

1. Муниципалдык менчик объекттери жеке жана юридикалык жактарга пайдаланууга жана ижарага берилиши мүмкүн.

Менчик ээлеринин көп квартиралуу үйлөрүнүн алдындагы жер участокторун кошуп, көп квартиралуу үйдүн имарат жайларындагы жалпы мүлктү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары пайдаланууга жана ижарага берүүгө укуксуз.

Муниципалдык менчик объекттерин пайдаланууга жана ижарага берүү, ушул Мыйзамдын 16-статьясында, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, жергиликтүү кеңештердин чечимдеринде каралгандан башка учурларда, электрондук форматта «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталуучу тартипте өткөрүлүшү мүмкүн болгон тоорукторды өткөрүү жолу менен жүргүзүлөт.

2. Тоорук өткөргөндө жана кыймылсыз муниципалдык мүлктү бир жылдык жана андан көбүрөөк мөөнөткө ижарага же пайдаланууга берүү жөнүндө келишим түзгөн учурда төмөнкүдөй жол-жоболор колдонулат:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кыймылсыз муниципалдык менчикти ижарага же пайдаланууга берүү ниети жөнүндө табыштаманы кабыл ала тургандыгы тууралуу кулактандыруу жарыялайт. Жазуу жүзүндөгү билдирүү коомдук жайларда илинүүгө жана массалык маалымат каражаттарында жарыяланууга тийиш;

- кулактандырууда менчик, анын жайгашкан жери жана сыпатталышы, ижаралоо же пайдалануу укугун сатып алуунун эң төмөнкү баасы, ижаралоо же пайдалануу укугуна карата белгиленген шарттар же чектөөлөр, тендерди өткөрүү убактысы жана өтө турган жери көрсөтүлөт. Кулактандыруу сатыла турган күнгө кеминде 30 күн калганда жарыяланат;

- ичине табыштама салынып, чапталган конверттер баарына көрүнөө болгон коомдук жайда элдин көзүнчө ачылат. Ижаралоо же пайдалануу укугу эң жогорку бааны жана бул бүтүм үчүн белгиленген шарттарды канааттандырган шарттарды сунуш кылган адамга берилет. Коомчулукка конкурстун жыйынтыгы, анын ичинде конкурсту жеңип алуучунун аты-жөнү, баасы жана бул бүтүм боюнча ар кандай чектөөлөр жөнүндө коомдук жайда илинген жазуу жүзүндөгү билдирүү аркылуу жана бул маалыматты мүлккө муниципалдык менчиктин жергиликтүү реестрине киргизүү аркылуу билдирет.

3. Муниципалдык мүлктү ижарага же пайдаланууга берүүдөн түшкөн бардык кирешелер, комиссиялык, юридикалык жана башка чыгымдарды кармап калгандан кийин жергиликтүү бюджетке келип түшөт. Муниципалдык мүлк пайдаланууга же ижарага берилген адам, мамлекеттик каттоо органдарында каттоодон өтүү, ошондой эле ар кандай каттоо чыгымдары үчүн жоопкерчилик тартат.

*(КР 2005-жылдын 19-августундагы № 152, 2016-жылдын 22-июнундагы № 84 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**16-статья. Чарба жүргүзүү жана оперативдүү башкаруу укугу**

Муниципалдык менчикте болгон мүлк муниципалдык ишканаларга чарба жүргүзүү укугу менен, ал эми мекемелерге – оперативдүү башкаруу укугу менен берилиши мүмкүн. Чарба жүргүзүү жана оперативдүү башкаруу үчүн мүлк берилген муниципалдык мекемелер менен ишканалар бул мүлккө Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен аныкталган чектерде ээлик кылышат, пайдаланышат жана тескөөгө алышат.

*(КР 2005-жылдын 19-августундагы № 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**17-статья. Муниципалдык менчикти ипотекага берүү же күрөөгө коюу**

Муниципалдык менчик объекттери жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдеттерин аткарышын камсыз кылуу үчүн ипотекага берилиши же күрөөгө коюлушу мүмкүн.

Муниципалдык менчик объекттерин ипотекага берүү же күрөөгө коюу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жергиликтүү кеңештин макулдугу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы тарабынан жүргүзүлөт.

*(КР 2005-жылдын 19-августундагы № 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## 5-глава
## Мүлккө муниципалдык менчикти башкаруу

**18-статья. Мүлккө муниципалдык менчикти башкаруунун жалпы принциптери**

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өзүнүн мүлккө муниципалдык менчигине карата Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Жергиликтүү коомчулуктун уставына же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын дагы башка укуктук актыларына карама-каршы келбеген ар кандай аракеттерди жасай алат.

2. Мүлккө болгон муниципалдык менчиктин укуктары айлана-чөйрөгө, жеке же юридикалык жактардын укуктарына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен корголуучу мамлекеттин таламдарына зыян келтирбегендей болуп пайдаланылууга тийиш.

**19-статья. Муниципалдык менчикти башкаруу жана тескөө чөйрөсүндөгү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясы**

Жергиликтүү кеңеш:

муниципалдык менчикти пайдалануу жана тескөө тартибин белгилейт, ошондой эле анын пайдаланылышына контроль жүргүзөт;

муниципалдык менчик объекттерин ипотекага берүүгө же күрөөгө коюуга макулдук берет;

Менчиктештирүү программасын бекитет;

муниципалдык менчикти камсыздандыруу тартибин аныктайт;

муниципалдык ишканалар жана мекемелер, ошондой эле муниципалдык менчикти пайдалануучу дагы башка юридикалык жана жеке жактар тарабынан көрсөтүлүүчү коммуналдык кызматтарга бааларды жана тарифтерди бекитет;

муниципалдык менчикти эсептен чыгаруу тартибин аныктайт;

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана жергиликтүү жамааттардын уставында каралган башка ыйгарым укуктарды ишке ашырат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы:

муниципалдык менчикти башкарат жана тескейт;

муниципалдык менчик объекттерине укук берүү тартибин кароочу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ченемдик-укуктук актыларынын, Менчиктештирүү программаларынын жана муниципалдык менчикти башкаруу жана тескөө тартибин аныктоочу дагы башка ченемдик-укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгат жана жергиликтүү кеңештин кароосуна берет;

муниципалдык ишканаларды жана мекемелерди түзүүгө, иштешине, кайра уюштурууга жана жоюуга, ошондой эле муниципалдык менчиктеги акционердик коомдордун акцияларын башкарууга жетекчиликти, координацияны жана контролду жүзөгө ашырат;

муниципалдык менчикти башкаруу жана тескөө менен байланышкан келишимдерди түзөт;

муниципалдык менчик объекттеринин реестрин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте муниципалдык менчик объекттеринин башка эсебин жүргүзөт;

муниципалдык менчикти камсыздандырууну жүзөгө ашырат, муниципалдык менчиктин сакталышын камсыз кылуу боюнча дагы башка чараларды көрөт;

мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн долбоорлорун издөөнү, демилгелөөнү жүзөгө ашырат жана мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө макулдашууларды "Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык түзөт;

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана жергиликтүү жамааттардын уставында каралган дагы башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

*(КР 2005-жылдын 19-августундагы № 152, 2013-жылдын 15-ноябрындагы № 201 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**20-статья. Башкаруучу орган же аткаруучу**

Мүлккө муниципалдык менчикти башкарууну жана тескөөнү аткаруучу орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын аткаруучу тутумунда болгон жана компетенциясы жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилүүчү адам ишке ашырат.

*(КР 2008-жылдын 14-февралындагы № 12 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

*Караңыз:*

*«Бишкек шаардык кеңешинин 2011-жылдын 17-майындагы № 226 «Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы жөнүндө» жобону бекитүү жөнүндө» токтому*

**21-статья. Мүлккө муниципалдык менчикти күтүүгө контракт түзүү**

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жеке жана юридикалык жактар менен мүлккө муниципалдык менчикти күтүү жагынан кызмат көрсөтүү боюнча контракттарды түзө алышат. Муниципалдык менчикти күтүү боюнча контракттардын тендерлери Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен өткөрүлөт.

2. Коомчулук тендердин жыйынтыктары, анын ичинде тендерди утуп алган адамдын аты (аталышы) жөнүндө, контракттын баасы жана бул келишим боюнча ар кандай шарттар жана чектөөлөр тууралуу коомдук жайларда илинүүчү жазуу жүзүндөгү билдирүү жана бул маалыматты мүлккө муниципалдык менчик объекттеринин жергиликтүү реестрине киргизүү аркылуу кабардар болууга тийиш.

*(КР 2005-жылдын 19-августундагы № 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## 6-глава
## Мүлккө муниципалдык менчик укугун коргоо

**22-статья. Муниципалдык менчик укугуна ээ болгон жактардын укуктары**

1. Муниципалдык менчик укугуна ээ болгон жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын же ар кандай башка адамдардын же юридикалык жактардын укуктары Кыргыз Республикасынын менчик укугун жөнгө салуучу мыйзамдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен башка жактардын мүлккө муниципалдык менчикке карата контракттарынын же макулдашууларынын жоболоруна ылайык мыйзамсыз эмес аракеттерге каршы корголот.

2. Муниципалдык менчикке бузулган укуктарды калыбына келтирүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ишке ашырылат.

**23-статья. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын муниципалдык менчик укугунун бузулушу үчүн жоопкерчилиги**

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызматкерлери мүлккө муниципалдык менчикке ээлик кылуу, пайдалануу жана тескөө тартибин бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылышат.

## 7-глава
## Корутунду жоболор

**24-статья. Ушул Мыйзамдын күчүнө кириши**

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:

- ушул Мыйзамдан келип чыгуучу өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду мыйзам актыларына киргизүү жөнүндө сунуш киргизсин:

- мурда кабыл алынган бардык ченемдик-укуктук актыларды ушул Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып үч айдын ичинде ага ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **А. Акаев**

**2002-жылдын 8-февралында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан кабыл алынган**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**

# «ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНА АЙРЫМ МАМЛЕКЕТТИК ЫЙГАРЫМ УКУКТАРДЫ БЕРҮҮНҮН ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ» МЫЙЗАМЫ

2013-жылдын 9-июлу № 127

Ушул Мыйзам жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн укуктук, уюштуруучулук жана каржылык негиздерин, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруунун, токтото туруунун жана токтотуунун тартибин аныктайт.

**1-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө мыйзамдар**

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө мыйзамдар Кыргыз Республикасынын Конституциясынан, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынан, ушул Мыйзамдан жана башка ченемдик-укуктук актылардан турат.

**2-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн принциптери**

1. Мамлекеттик органдар тарабынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өз ыйгарым укуктарын берүү төмөнкүдөй принциптердин негизинде жүзөгө ашырылат:

1) мыйзамдуулуктун;

2) социалдык-экономикалык негиздүүлүктүн;

3) берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруунун аныктыгынын жана ачык-айкындуулугунун;

4) тараптардын теңчилигинин (келишимдин негизинде мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүдө);

5) берилүүчү функциялардын жана ыйгарым укуктардын материалдык жана каржылык жактан камсыз болушунун;

6) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аймактык, экономикалык жана башка өзгөчөлүктөрүнө жараша ыйгарым укуктарды дифференциялоонун;

7) ачыктыктын, коллегиялуулуктун;

8) ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын алдында отчёт берүүчүлүктүн;

9) жалпы мамлекеттик жана жергиликтүү кызыкчылыктардын шайкештүүлүгүнүн.

2. Мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укуктарын жана кепилдиктерин бузууга же чектөөгө тийиш эмес.

3. Мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан аларды жүзөгө ашыруунун мүмкүнчүлүктөрүн жана аныктыгын эске алуу менен аларды натыйжалуу жүзөгө ашыруу жана жергиликтүү коомдоштуктарга сапаттуу кызмат көрсөтүү максатында жүргүзүлөт.

4. Берилүүчү мамлекеттик ыйгарым укуктар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн тоскоолдук түзүүгө жана тиешелүү аймактын жергиликтүү коомдоштуктарынын социалдык-экономикалык абалын начарлатууга тийиш эмес.

**3-берене. Мыйзамдын же келишимдин негизинде мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү**

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү мамлекеттик бийлик органдары тарабынан мыйзамдын же келишимдин негизинде өздөрүнө таандык болгон ыйгарым укуктардын бир бөлүгүн өткөрүп берүү дегендикти билдирет.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына коомдук тартипти коргоону камсыз кылуу боюнча укук коргоо органдарынын ыйгарым укуктарын кошпогондо, сот бийлиги, прокуратура органдарынын жана башка укук коргоо органдарынын ыйгарым укуктарын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бүтүндүгүн жана коопсуздугун камсыз кылууга байланышкан башка мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүгө тыюу салынат.

3. «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесинин 5-бөлүгүндө көрсөтүлгөн жоболордон тышкары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө мыйзамдар жана келишимдер төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнү жүзөгө ашыруучу мамлекеттик органдын жана мамлекеттик ыйгарым укуктар берилген жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын аталышы (келишимдин негизинде мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүдө);

2) мамлекеттик ыйгарым укуктар берилген жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын аталышы (жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына мамлекеттик ыйгарым укуктарды мыйзам аркылуу бир шаарга же айыл аймагына же болбосо шаарлардын тобуна же айыл аймактарына берүүдө);

3) мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн мөөнөттөрү;

4) берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон максаттуу каржылык жана материалдык каражаттардын суммасы;

5) берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын укуктары жана милдеттери;

6) айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүдө мамлекеттик органдын укуктары жана милдеттери;

7) берилген айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашыруу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын зарыл болгон штаттык санынын ченемдери;

8) берилген айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджетке берилүүчү трансферттердин (субвенциялардын) көлөмүн эсептөө усулу;

9) берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткарбаганы же тиешелүү деңгээлде жүзөгө ашырбоо үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги;

10) берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткарууну токтотуунун жана токтото туруунун негиздери жана тартиби;

11) пайдаланылбаган материалдык, каржылык жана башка каражаттарды кайтарып берүүнүн тартиби жана мөөнөттөрү;

12) берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткарган адистердин укуктары жана милдеттери;

13) ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жоопкерчилиги;

14) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон башка жагдайлар жана шарттар.

4. «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесинин 6-бөлүгүндө каралган мамлекеттик ыйгарым укуктар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берилиши мүмкүн болгон негизги мамлекеттик ыйгарым укуктарга кирет:

5. Мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө мыйзам Конституцияга карама-каршы келген учурда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы же болбосо жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бирлиги (ассоциациясы) аны Конституцияга ылайык эмес деп таануу жөнүндө талап менен Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына кайрылууга укуктуу.

6. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы тарабынан мыйзам конституциялык эмес деп таанылган учурда, мыйзамдын колдонулушу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык токтотулат.

**4-берене. Мыйзамдын негизинде мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү**

1. Мамлекеттик ыйгарым укуктар бардык шаарлардын жана айылдык аймактардын, шаарлардын жана айылдык аймактардын тобунун же айрым шаардын жана айылдык аймактын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мыйзамдын негизинде берилиши мүмкүн.

2. Бардык шаарлардын жана айылдык аймактардын, шаарлардын жана айылдык аймактардын топторунун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө мыйзам долбоорлору жергиликтүү өз алдынча башкаруу бирлиги (ассоциациясы) менен макулдашууга жатат.

Айрым шаарлардын жана айылдык аймактардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө мыйзам долбоорлору жергиликтүү өз алдынча башкаруу бирлиги (ассоциациясы) жана тиешелүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашууга жатат.

3. Мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн мүнөзүнө, көлөмүнө жана тартибине жана аларды материалдык, каржылык жана башка каражаттар менен камсыз кылууга байланышкан мыйзам долбooруна карата жаралган кайчы пикирлер мамлекеттик органдардын өкүлдөрүнөн жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, өз алдынча башкаруу органдарынын бирлигинин (ассоциациясынын) өкүлдөрүнөн паритеттик башталышта түзүлгөн макулдашуу комиссияларында ушул Мыйзамдын 15-беренесинде белгиленген тартипте каралууга жатат.

**5-берене. Мамлекеттик ыйгарым укуктарды келишимдин негизинде берүү**

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосунда түзүлгөн келишимдин негизинде жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө типтүү келишим жергиликтүү өз алдынча башкаруу бирлиги (ассоциациясы) менен кеңешкенден жана талкуулагандан кийин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилет.

3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктар келишимдин негизинде берилген учурда келишимдин шарты жана берилүүчү ыйгарым укуктардын тизмеги тиешелүү жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилүүгө жатат.

**6-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүдө материалдык, каржылык жана башка ресурстар менен камсыз кылуу**

1. Мамлекеттик бийлик органдары мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү менен бир убакта аларды аткаруу үчүн зарыл болгон материалдык, каржылык же башка ресурстарды, анын ичинде республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджетке максаттуу трансферттерди (субвенцияларды) караган учурларда гана мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүгө жол берилет.

2. Максаттуу трансферттер (субвенциялар) адистин эмгегине төлөөнү, иш сапар чыгымдарын, квалификация жогорулатууга байланышкан чыгымдарды жана берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу үчүн зарыл болгон каржылык чыгымдарды камтыйт.

3. Берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жүзөгө ашыруусуна каржы каражаттарынын көлөмү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан трансферттердин (субвенциялардын) көлөмүн эсептөө усулунун негизинде аныкталат.

4. Берилген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон каржы каражаттары республикалык бюджетте өзүнчө берене менен каралат.

5. Ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына республикалык бюджеттен берилүүчү каржы каражаттары жергиликтүү бюджеттин кирешелеринин жана чыгашаларынын түзүмүндө өзүнчө берене менен чегерилет жана эсепке алынат.

6. Өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн алынган материалдык жана каржы каражаттарын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан максатсыз чыгымдоого тыюу салынат.

**7-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруудагы укуктары жана милдеттери**

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууда төмөнкүлөргө укуктуу:

1) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн каралган материалдык, каржылык жана башка каражаттарды өз убагында жана толук көлөмдө өткөрүп берүүнү талап кылууга;

2) мамлекеттик бийлик органдарынан усулдук, уюштуруучулук, консультациялык жана башка жардамдарды алууга.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууда төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) аларга берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырууга;

2) берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу үчүн өткөрүп берилген материалдык, каржылык жана башка каражаттарды үнөмдүү тескөөгө, алардын максаттуу пайдаланылышын камсыз кылууга;

3) берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу жана берилген материалдык, каржылык жана башка каражаттарды пайдалануу бөлүгүндө тиешелүү мамлекеттик органдар тарабынан текшерүүлөрдү тоскоолдуксуз жүргүзүү үчүн шарттарды камсыз кылууга;

4) мамлекеттик органдарга берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын жүзөгө ашырылуунун жүрүшү жөнүндө документтерди жана башка маалыматтарды берүүгө;

5) тиешелүү мамлекеттик органга берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын аткарылышынын натыйжалары жөнүндө отчётту өз убагында берүүгө.

**8-берене. Мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүдө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын укуктары жана милдеттери**

1. Мамлекеттик орган өзүнүн ыйгарым укуктарын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берүүдө төмөнкүлөргө укуктуу:

1) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу маселелери боюнча өз компетенциясы жаатында аткаруу үчүн милдеттүү болгон актыларды кабыл алууга;

2) берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүлүп берилген максаттуу багыты боюнча пайдаланылбаган каражаттарды белгиленген тартипте өндүрүп алууга.

2. Мамлекеттик орган өз компетенциясынын чектеринде төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашырууну камсыз кылуу үчүн багытталган материалдык, каржылык жана башка каражаттарды өз убагында жана толук көлөмдө өткөрүп берүүгө;

2) берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына усулдук, уюштуруучулук, консультациялык жана башка жардамдарды көрсөтүүгө;

3) берилген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын зарыл укуктук, техникалык жана башка документтер менен камсыз кылууга;

4) берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын ишке ашырылышын жана өткөрүп берилген материалдык, каржылык жана башка каражаттардын максаттуу пайдаланылышын контролдоону жүзөгө ашырууга.

**9-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча милдеттерди аткаруучу адиси**

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча милдеттерди аткаруучу адиси муниципалдык кызматчы болуп саналат.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча милдеттерди аткаруучу адиси муниципалдык кызмат жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык дайындалат жана кызматтан бошотулат.

**10-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын мамлекеттик ыйгарым укуктарга ээ кылуу мөөнөттөрү**

1. Эгерде мыйзамдын өзүндө же келишимде башкача каралбаса, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө тиешелүү мыйзам же келишим күчүнө кирген күндөн тартып мамлекеттик ыйгарым укуктарга ээ кылынат.

2. Мамлекеттик ыйгарым укуктар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына белгилүү жана белгисиз мөөнөткө берилиши мүмкүн.

Мамлекеттик ыйгарым укуктар белгилүү мөөнөткө берилген учурда, аларды аткаруунун мөөнөтү мыйзамда же келишимде каралууга тийиш.

Эгерде берүү жөнүндө мыйзамда же келишимде берүүнүн мөөнөтү каралбаган учурда, мамлекеттик ыйгарым укуктар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына белгисиз мөөнөткө берилди деп таанылат.

**11-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруунун тартиби**

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аларга берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды бөлүнгөн материалдык, каржылык жана башка каражаттардын чектеринде өз алдынча жүзөгө ашырат.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууда Конституцияны, ушул Мыйзамды жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик-укуктук актыларын жетекчиликке алат.

**12-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын алдындагы отчёттуулугу**

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө мыйзамда же келишимде белгиленген мөөнөттөрдө тиешелүү мамлекеттик органга берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын аткарылышы жана аларды аткаруу үчүн бөлүнгөн материалдык жана каржылык каражаттардын пайдаланылышы тууралуу отчётторду берет.

2. Мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө мыйзамда же келишимде белгиленген мөөнөттөрдө берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын аткарылышы тууралуу отчётторду бербеген учурда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мыйзамда же келишимде каралган жоопкерчиликти тартат.

**13-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын аткарылышын жүзөгө ашырууну контролдоонун тартиби**

1. Мамлекеттик органдар берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын аткарылышын контролдоо максатында төмөнкүлөргө укуктуу:

1) берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын аткарылышы жана мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашыруу үчүн өткөрүп берилген каражаттарды максаттуу пайдалануу бөлүгүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүнү жүргүзүүгө;

2) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан жана алардын кызмат адамдарынан аларга берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын аткарылышы жана өткөрүп берилген каражаттардын максаттуу пайдаланылышы тууралуу зарыл маалыматтарды суратып алууга;

3) берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу жана мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууга өткөрүп берилген каражаттарды пайдалануу маселелери боюнча усулдук иштерди жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин координациялоону жүргүзүүгө.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын жүзөгө ашырылышын контролдоону тиешелүү мамлекеттик орган төмөнкүдөй түрдө жүзөгө ашырат:

1) берилген ыйгарым укуктарды алар тарабынан жүзөгө ашыруу бөлүгүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин координациялоо;

2) берүү жөнүндө мыйзамда же келишимде белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын аткарылышынын натыйжалары жөнүндө отчётторду кабыл алуу;

3) берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу жана мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашырууга өткөрүп берилген каражаттарды пайдалануу бөлүгүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүнү жүргүзүү;

4) берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашыруу маселелери боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына сунуштамалар;

5) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан кабыл алынган чечимдерди мыйзамдуулук жана максатка ылайыктуулук көз карашынан баалоо.

**14-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын жүзөгө ашырууну токтотуунун жана токтото туруунун негиздери жана тартиби**

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу төмөнкү учурларда токтотулушу мүмкүн:

1) мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө мыйзамдын же келишимдин колдонулуу мөөнөтү бүткөндө;

2) мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө мыйзамды күчүн жоготту деп таануу тууралуу мыйзам күчүнө киргенде;

3) мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө келишимди мөөнөтүнөн мурда токтотуу же болбосо мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө мыйзамды конституциялык эмес деп таануу жөнүндө соттун чечими мыйзамдуу күчүнө киргенде;

4) мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө келишим мөөнөтүнөн мурда бузулганда.

2. Мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын демилгеси боюнча мөөнөтүнөн мурда токтотулушу мүмкүн.

3. Мыйзамдын негизинде берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууну берген мамлекеттик органдардын демилгеси боюнча токтотуу төмөнкү учурларда болушу мүмкүн:

1) эгерде түзүлгөн шарттарда бул ыйгарым укуктар мамлекеттик бийлик органдары тарабынан кыйла натыйжалуу аткарылышы мүмкүн болгондо;

2) мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө мыйзамдын талаптары дайыма бузулган жана берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан аткарылбаган учурларда;

3) эгерде мындай бузуулар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткарууну татаалданткан шарттарды түзсө, берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн алынган материалдык, каржылык жана башка каражаттар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан максатсыз пайдаланылган учурда.

4. Ушул берененин 3-бөлүгүндө каралган негиздер келип чыккан учурларда, мамлекеттик орган бул тууралуу мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнү жүзөгө ашыруучу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жазуу жүзүндө кабарлайт жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуштама киргизет. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бир айлык мөөнөттө мамлекеттик органдын сунуштамасын карайт, көрсөтүлгөн себептердин аныктыгы белгиленгенде, мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө тиешелүү мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө же аны күчүн жоготту деп таануу жөнүндө мыйзам долбоорун демилгелейт.

5. Мыйзам негизинде берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууну берген мамлекеттик органдардын демилгеси боюнча токтотуу төмөнкү учурларда болушу мүмкүн:

1) эгерде өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды аткаруу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына байланышпаган жок себептер боюнча мүмкүн болбой калганда;

2) үч же андан көп айдын ичинде берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу үчүн зарыл болгон материалдык, каржылык жана башка каражаттарды берүү токтотулганда жана ушул берененин 14-бөлүгүнө ылайык, аларды андан ары аткаруудан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары баш тартканда;

3) эки же андан ашык айдын ичинде берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашыруу үчүн зарыл болгон материалдык, каржылык жана башка каражаттар берилбегенде.

6. Ушул берененин 5-бөлүгүндө каралган негиздер келип чыккан учурда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуштама киргизет. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бир айлык мөөнөттө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын сунуштамасын карайт, көрсөтүлгөн себептердин аныктыгы белгиленгенде, мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө тиешелүү мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө же аны күчүн жоготту деп таануу жөнүндө мыйзам долбоорун демилгелейт.

7. Тараптардын бири келишимдин шарттарын бузган учурда жана эгерде мындай бузуулар талаптагыдай эмес аткарууга алып келсе, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткарууну татаалданткан шарттарды түзсө, келишимдин негизинде берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткарууну токтотуу тараптардын биринин демилгеси боюнча жүзөгө ашырылат.

8. Мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткарууну токтотууну демилгелеген тарап келишимдин негизинде башка тарапка берилген ыйгарым укуктарды аткарууну токтотулушу мүмкүн болгон датага чейин жыйырма жумушчу күндүн ичинде, же келишимде каралган башка мөөнөттө жазуу жүзүндө кабарлоо жөнөтүүгө милдеттүү.

9. Берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткарууну токтотуу жөнүндө кабарлоо алган тарап келишимдин негизинде аны беш жумушчу күндүн ичинде же мыйзамда каралган башка мөөнөттө кароого жана кароонун натыйжалары жөнүндө башка тарапка билдирүүгө милдеттүү. Башка тарап кабарлоо менен макул болгон учурда берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу токтотулат.

10. Кабарлоону кароонун натыйжалары жөнүндө жазуу жүзүндө жооп келишимдин негизинде көрсөтүлгөн убакыттын ичинде келип түшпөгөн же башка тарап берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткарууну токтотуу менен макул болбогон учурда, берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө маселе соттук тартипте чечилет.

11. Берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу токтотулган учурда аларды ишке ашырууга жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүлүп берилген, мыйзамдын же келишимдин негизинде пайдаланылбаган материалдык, каржылык жана башка каражаттар мамлекеттик ыйгарым укуктарды берген мамлекеттик органга же болбосо республикалык бюджетке же көрсөтүлгөн каражаттар алынган каржылоонун башка булагына кайтарылууга жатат.

12. Мыйзамда же келишимде каралган көлөмдө, тартипте жана мөөнөттөрдө берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткарууну каржылоо токтотулган учурда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткарууну токтото турууга укуктуу, ал жөнүндө беш жумушчу күндүн ичинде жазуу жүзүндө тиешелүү мамлекеттик органга кабарлайт.

13. Берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткарууну каржылоо кайра жаңыртылган учурдан тартып, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу кайра жаңыртылат.

14. Берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу үчүн материалдык, каржылык жана башка каражаттарды берүү үч же андан ашык ай бою токтотулган учурда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары көрсөтүлгөн ыйгарым укуктарды андан ары аткаруудан баш тартууга укуктуу.

15. Ушул беренеге ылайык берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу токтотулган же болбосо токтотуп турган учурда, мамлекеттик ыйгарым укуктар алар токтотулган же токтотуп турган күндөн тартып аларды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берген мамлекеттик органдар тарабынан аткарылууга жатат.

**15-берене. Чыр-чатактарды жана талаш-тартыштарды чечүү**

1. Келип чыккан талаш-тартыштарды жана пикир келишпестиктерди чечүү үчүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган:

1) берилген ыйгарым укуктардын мүнөзүнө, көлөмүнө жана тартибине жана материалдык, каржылык жана башка ресурстар менен камсыз кылууга байланыштуу мыйзамдын долбооруна карата;

2) мыйзамдын негизинде берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашырууда макулдашуу комиссиясын түзөт.

2. Макулдашуу комиссиясы мамлекеттик органдардын өкүлдөрүнөн жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бирлигинин (ассоциациясынын) өкүлдөрүнөн түзүлөт. Макулдашуу комиссиясынын иши паритеттик башталышта курулат.

3. Талаш-тартыштар жана пикир келишпестиктер макулдашуу комиссиясы тарабынан сүйлөшүүлөрдү жана талкуулоолорду жүргүзүү аркылуу чечилет.

4. Мыйзам долбоору боюнча талаш-тартыштар жана пикир келишпестиктер макулдашуу комиссиясы тарабынан чечилбеген учурда, мыйзам долбоору алты айдан эрте эмес кайра макулдашууга жатат.

5. Эгерде берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашыруу боюнча талаш-тартыштар жана пикир келишпестиктер макулдашуу комиссиясы тарабынан мыйзам чегинде чечилбеген учурда, бардык пикир келишпестиктер ушул Мыйзамдын 14-беренесинде белгиленген тартипте чечилет.

**16-берене. Берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу үчүн жоопкерчилик**

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ошол ыйгарым укуктар материалдык, каржылык жана башка каражаттар менен кандай камсыз болсо, берилген ыйгарым укуктарды ошол өлчөмдө жүзөгө ашыруу үчүн жоопкерчилик тартат.

2. Эгерде күчүнө кирген сот актысында көрсөтүлгөн ыйгарым укуктарды аткаруу зарыл материалдык жана каржылык каражаттар менен камсыз кылынбаганы же болбосо мамлекеттик бийлик органдарынын чечимдеринин жана аракеттеринин натыйжасында аларды аткаруу мүмкүн болбогону белгиленсе, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мыйзамга же келишимге ылайык ээ кылынган мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткарбаганы үчүн жоопкерчиликтен бошотулат.

3. Берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткарбаганы же талаптагыдай аткарбаганы үчүн кызмат адамдары, мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

4. Мамлекеттик ыйгарым укуктарды берген мамлекеттик орган тарабынан берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткарбаганы же талаптагыдай аткарбаганы үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдарын жоопкерчиликке тартууга жол берилбейт.

5. Жергиликтүү коомдоштук жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдары тарабынан мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткарбаганы же талаптагыдай аткарбаганы үчүн жоопкерчилик тартпайт.

**17-берене. Ушул Мыйзамдын күчүнө кирүү тартиби**

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

*«Эркин Тоо» газетасынын 2013-жылдын 12-июлунда № 58 жарыяланды*

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:

1) өзүнүн ченемдик-укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин;

2) 2013-жылдын 1-сентябрына чейин:

- ушул Мыйзамга ылайык, айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берүү жөнүндө мыйзам долбоорлорун, ошондой эле колдонуудагы мыйзамдарды ушул Мыйзамга ылайык келтирүүгө багытталган мыйзам долбоорлорун даярдасын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине киргизсин;

- айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берүү жөнүндө типтүү келишимди бекитсин;

3) берилген айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджеттерге берилүүчү трансферттердин (субвенциялардын) көлөмдөрүн эсептөө усулун аныктасын;

4) 2015-жылга жана кийинки жылдарга республикалык бюджеттин долбоорун иштеп чыгууда аларда ушул Мыйзамдын талаптарын эске алуу менен берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу үчүн зарыл болгон чыгымдарды карасын.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **А. Атамбаев**

**2013-жылдын 6-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган**

## БАСЫЛМАГА ТИРКЕЛГЕН КОМПАКТ-ДИСКТЕГИ (CD) ЧЕНЕМДИК-УКУКТУК АКТЫЛАРДЫН ТЕКСТТЕРИНИН ЭЛЕКТРОНДУК ТҮРҮ

**I. Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана кодекстер**

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы 2010-жылдын 27-июну.
2. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодекси 2016-жылдын 16-майы № 59.
3. Кыргыз Республикасынын Жер Кодекси 1999-жылдын 2-июну № 45.
4. Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө Кодекси 2012-жылдын 10-июлу № 100.
5. Салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кыргыз Республикасынын Кодекси 2018-жылдын 10-августу № 90.
6. Кыргыз Республикасынын Турак жай Кодекси 2013-жылдын 9-июлу № 117.
7. Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодекси 2017-жылдын 13-апрели № 58.

**II. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары**

1. Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Мыйзамы 2000-жылдын 13-январы № 3.
2. Кыргыз Республикасынын «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» Мыйзамы 2002-жылдын 13-январы № 3.
3. Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамы 2016-жылдын 30-майы № 75.
4. Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүү жөнүндө» Мыйзамы 2006-жылдын 28-декабры № 213.
5. Кыргыз Республикасынын «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» Мыйзамы 2007-жылдын 4-майы № 67.
6. Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшү тууралуу» Мыйзамы 2008-жылдын 25-апрели № 65.
7. Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Мыйзамы 2011-жылдын 14-июлу № 98.
8. Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамы 2011-жылдын 15-июлу № 101.
9. Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн тартиби жөнүндө» Мыйзамы 2013-жылдын 9-июлу № 127.
10. Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө» Мыйзамы 2014-жылдын 17-июлу № 139.
11. Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамы 2015-жылдын 3-апрели № 72.
12. Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Мыйзамы 2016-жылдын 31-марты № 32.
13. Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы географиялык аталыштар жөнүндө» Мыйзамы 1997-жылдын 25-сентябры № 67.
14. Кыргыз Республикасынын «Сууну пайдалануучулардын бирикмелери (ассоциациялары) жана сууну пайдалануучулардын бирликтери жөнүндө» Мыйзамы 2002-жылдын 15-марты № 38.
15. Кыргыз Республикасынын «Аксакалдар соттору жөнүндө» Мыйзамы 2002-жылдын 5-июлу № 113.

16. Кыргыз Республикасынын «Жамааттар жана алардын бирикмелери жөнүндө» Мыйзамы 2005-жылдын 21-февралы № 36.
17. Кыргыз Республикасынын «Жайыттар жөнүндө» Мыйзамы 2009-жылдын 26-январы № 30.
18. Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамы 2009-жылдын 20-июлу № 241.
19. Кыргыз Республикасынын «Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө» Мыйзамы 2013-жылдын 15-июлу № 145.
20. Кыргыз Республикасынын «Борбордун статусу жөнүндө» Мыйзамы 2013-жылдын 12-декабры № 218.
21. Кыргыз Республикасынын «Ош шаарынын статусу жөнүндө» Мыйзамы 2013-жылдын 12-декабры № 219.
22. Кыргыз Республикасынын «Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө» Мыйзамы 2015-жылдын 31-июлу № 210.

**III. Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин «2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы жөнүндө» Жарлыгы 2018-жылдын 31-октябры ПЖ № 221.

**IV. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин токтому менен бекитилген типтүү жобо**

1. Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу типтүү жобо (КР Жогорку Кеңешинин 2007-жылдын 29-июнундагы № 1997-III токтому менен бекитилген).

**V. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдору**

1. «Кыргыз Республикасында өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн 2018-2023-жылдарга карата программасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому 2018-жылдын 31-октябры № 513.
2. Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн 2018-2023-жылдарга карата программасы (КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 31-октябрындагы № 513 токтому менен бекитилген).
3. 2016-2019-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасында бюджеттер аралык мамилелерди өнүктүрүү Концепциясы (КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 10- мартындагы № 116 токтому менен бекитилген).
4. Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын расмий жарыялоо булактары жөнүндө» Өкмөтүнүн токтому 2010-жылдын 26-февралы № 117.
5. Теңөө трансферттеринин көлөмдөрүн аныктоо тартиби (КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 16-июнундагы № 321 токтому менен бекитилген).
6. Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө» Өкмөтүнүн токтому 2011-жылдын 4-августу № 451.
7. Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын республикалык, облустук, райондук маанидеги шаарларынын шаардык кеңештеринин аппараттарынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө» Өкмөтүнүн токтому 2011-жылдын 5-августу № 452.

8. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо тартиби жөнүндө жобо (КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы № 131 токтому менен бекитилген).
9. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо тартиби жөнүндө жобо (КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы № 131 токтому менен бекитилген).
10. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматында жана муниципалдык кызматында конкурс өткөрүүнүн жана кызматка көтөрүлүүнүн тартиби жөнүндө жобо (КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 29-декабрындагы № 706 токтому менен бекитилген).
11. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматынын жана муниципалдык кызматынын Улуттук кадрлар резервин түзүүнүн жана иштешинин тартиби жөнүндө жобо (КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 29-декабрындагы № 706 токтому менен бекитилген).
12. Мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын ички кадрлар резервин түзүүнүн жана иштешинин тартиби жөнүндө жобо (КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 29-декабрындагы № 706 токтому менен бекитилген).
13. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларын жана муниципалдык кызматчыларын ротациялоо тартиби жөнүндө жобо (КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 29-декабрындагы № 706 токтому менен бекитилген).
14. Административдик мамлекеттик бош кызмат орундарын жана административдик муниципалдык бош кызмат орундарын ээлөөгө талапкерлерди тестирлөө тартиби жөнүндө жобо (КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 29-декабрындагы № 706 токтому менен бекитилген).
15. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчысынын жана муниципалдык кызматчысынын өздүк ишин жүргүзүүнүн тартиби (КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 29-декабрындагы № 706 токтому менен бекитилген).
16. Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө» Өкмөтүнүн токтому 2014-жылдын 17-марты № 145.
17. Кыргыз Республикасынын «Берилген айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашыруу үчүн республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджеттерге берилүүчү трансферттердин көлөмүн эсептөөнүн убактылуу методикасын бекитүү жөнүндө» Өкмөтүнүн токтому 2014-жылдын 19-декабры № 715.
18. Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан көрсөтүлүүчү муниципалдык кызматтардын базалык реестрин бекитүү жөнүндө» Өкмөтүнүн токтому 2015-жылдын 14-январы № 6.
19. Дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен долбоорлорду тандоо жана каржылоо жөнүндө жобо (КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 21-апрелиндеги № 230 токтому менен бекитилген).
20. Долбоорлорду даярдоо жана ишке ашыруу боюнча нускама (КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 21-апрелиндеги № 230 токтому менен бекитилген).
21. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органдарынын кызмат адамда- рынын нотариалдык иштерди жүргүзүүсүнүн тартиби жөнүндө инструкция (КР Өкмөтүнүн 1999-жылдын 29-ноябрында № 650 токтому менен бекитилген).
22. Айыл чарба багытындагы жер участокторун сатып алуу-сатуу тартиби жөнүндө жобо (КР Өкмөтүнүн 2001-жылдын 13-августундагы № 427 токтому менен бекитилген).

23. Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө типтүү жобо тууралуу КР Өкмөтүнүн токтому 2007-жылдын 22-июну № 243.
24. Асылдуулугу төмөн айыл чарба жерлерин өздөштүрүүгө жана айыл чарба өндүрүшүн жүргүзүүгө берүүнүн тартиби жөнүндө жобо (КР Өкмөтүнүн 2008-жылдын 17-июнундагы № 306 токтому менен бекитилген).
25. Муниципалдык менчик объекттерине инвентаризациялоо жүргүзүү тартиби (КР Өкмөтүнүн 2008-жылдын 16-октябрындагы № 580 токтому менен бекитилген).
26. Республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджеттерге бюджеттик ссудаларды берүүнүн тартиби жөнүндө жобо (КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 20- июнундагы № 331 токтому менен бекитилген).
27. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасын кайтаруу жана коргоо чөйрөсүндө ми- нистрликтердин, мамлекеттик комитеттин, административдик ведомстволордун, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракеттенүүсүнүн тартиби жөнүндө нускама (КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 11-ноябрындагы № 601 токтому менен бекитилген).
28. Кыргыз Республикасынын «Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр тутумун оптималдаштыруу боюнча чаралар жөнүндө» Өкмөтүнүн токтому 2014-жылдын 3-июну № 302.
29. Муниципалдык кызматтардын реестрин түзүүнүн тартиби жөнүндө жобо (КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 3-июнундагы № 302 токтому менен бекитилген).
30. Салыктык укук мамилелери чөйрөсүндө өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан ишке ашырылышынын тартиби жөнүндө (КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 202 токтому менен бекитилген).
31. Электрондук кайрылуулар интернет-порталы аркылуу келип түшкөн электрондук кайры- лууларды кароо тартиби жөнүндө жобо (КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 11-августундагы № 463 токтому менен бекитилген).
32. Кыргыз Республикасынын «Электрондук Айыл» бирдиктүү автоматташтырылган маалымат тутуму жөнүндө Өкмөтүнүн токтому 2014-жылдын 8-сентябры № 526.
33. Кыргыз Республикасынын «Жаныбарларды идентификациялоо эрежесин бекитүү жөнүндө» Өкмөтүнүн токтому 2014-жылдын 5-декабры № 694.
34. Жаныбарларды идентификациялоонун эрежеси (КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 5-декабрындагы № 694 токтому менен бекитилген).
35. Жеке менчик турак үй куруу үчүн жер участокторун берүүнүн тартиби жөнүндө жобо (КР Өкмөтүнүн 2005-жылдын 6-майындагы N 177 токтому менен бекитилген).
36. Менчиктештирилүүчү турак жайдын наркын аныктоо тартиби (КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 30-сентябрындагы № 557 токтому менен бекитилген).

## VI. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ченемдик-укуктук актылары менен бекитилген типтүү жоболор (нускамалар)

1. Кыргыз Республикасынын айылдарынын жана поселкаларынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлеринин типтүү кызматтык нускамалары (КР Өкмөтүнүн 2004-жылдын 23-февралындагы № 91 токтому менен бекитилген).
2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынын ченемдик укуктук актыларын каттоонун тартиби жөнүндө типтүү жобо (КР Өкмөтүнүн 2010-жылдын 25-мартындагы № 184 токтому менен бекитилген).

3. Жайыттарды пайдалануу үчүн акы белгилөө тартиби жөнүндө типтүү жобо (КР Өкмөтүнүн 2009-жылдын 19-июнундагы № 386 токтому менен бекитилген).
4. Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускама (КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-июлундагы № 517 токтому менен бекитилген).
5. Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө типтүү жобо (КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы № 571 токтому менен бекитилген).
6. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу уку- гун берүүнүн тартиби жөнүндө типтүү жобо (КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 13-сентябрындагы № 515 токтому менен бекитилген).
7. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө типтүү келишим (КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 17-мартындагы № 145 токтому менен бекитилген).
8. Мамлекеттик жана муниципалдык турак жай фондунун үйлөрүндөгү турак жайды мүлктүк жалдоонун типтүү келишими (КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 25-июлундагы № 423 токтому менен бекитилген).
9. Жарандык коргонуу боюнча комиссия жөнүндө типтүү жобо (КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 3-мартындагы № 113 токтому менен бекитилген).
10. Мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жана башка юридикалык жактардын архиви жөнүндө болжолдуу жобо (КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 18-мартындагы № 160 токтому менен бекитилген).
11. Мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жана башка юридикалык жактардын Борбордук эксперттик комиссиясы жөнүндө болжолдуу жобо (КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 18-мартындагы № 160 токтому менен бекитилген).
12. Мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жана башка юридикалык жактардын эксперттик комиссиясы жөнүндө болжолдуу жобо (КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 18-мартындагы № 160 токтому менен бекитилген).
13. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын алдындагы Социалдык маселелер боюнча комиссия жөнүндө типтүү жобо (КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-майындагы № 264 токтому менен бекитилген).
14. Региондорду өнүктүрүү фонддорун түзүүнүн тартиби жөнүндө типтүү жобо (КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 10-ноябрындагы № 633 токтому менен бекитилген).
15. Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарында куруунун, жерди пайдалануунун жана абаттоонун типтүү эрежелери (КР Өкмөтүнүн 2009-жылдын 19-сентябрындагы N 597 токтому менен бекитилген).
16. Коомдук алдын алуу борборунун типтүү уставы (КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-октябрындагы № 747 токтому менен бекитилген).
17. Балдар иштери боюнча комиссия жөнүндө типтүү жобо (КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 24-июлундагы № 449 токтому менен бекитилген).

## VII. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу КР ЖӨБ иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиги тарабынан бекитилген типтүү документтер

1. Айыл өкмөтүнүн Типтүү регламенти (КР ЖӨБ иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин 2017-жылдын 21-ноябрындагы № 01-18/156 буйругу менен бекитилген).

2. Айылдык кеңештин Типтүү регламенти (КР ЖӨБ иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин 2014-жылдын 4-марттагы № 01-24/19 буйругу менен бекитилген).
3. Жергиликтүү жамаатынын Типтүү уставы (КР ЖӨБ иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин 2014-жылдын 4-марттагы № 01-24/19 буйругу менен бекитилген).
4. Жергиликтүү жамааттын Уставын талкуулоо жана кабыл алуу боюнча колдонмо (КР ЖӨБ иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин 2014-жылдын 4-марттагы № 01-24/19 буйругу менен бекитилген).
5. Шаарларды жана айыл аймактарын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларын иштеп чыгуу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн методикалык колдонмо (КР Экономика министрлигинин 2018-жылдын 15-майдагы № 63 жана КР ЖӨБ иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин 2018- жылдын 16-майындагы № 01-18/56 буйруктары менен бекитилген).
6. Муниципалдык менчикте турган негизги каражаттарды эсептен чыгаруу тартиби жөнүндө типтүү жобо (КР ЖӨБ иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин 2018-жылдын 6-июнундагы № 01-18/41 буйругу менен бекитилген).
7. Муниципалдык менчикте турган транспорт каражаттарын сатуунун тартиби жөнүндө типтүү жобо (КР ЖӨБ иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин 2018-жылдын 6-июнундагы № 01-18/41 буйругу менен бекитилген).
8. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарынын Типтүү этикалык кодекси (КР ЖӨБ иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин 2018-жылдын 27-июлундагы № 01-18/89 буйругу менен бекитилген).
9. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча комиссиялары тууралуу типтүү жобо (КР ЖӨБ иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин 2018-жылдын 17-октябрындагы № 01-18/126 буйругу менен бекитилген).
10. Кыргыз Республикасынын аксакалдар сотторунун ишинин типтүү регламенти (КР ЖӨБ иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин 2018-жылдын 24-июлундагы № 01-18/88 буйругу менен бекитилген).

## VIII. Кыргыз Республикасынын Каржы министрлиги тарабынан бекитилген методикалык документтер

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жарандык бюджетти түзүү боюнча методикасы (КР Каржы министрлигинин 2017-жылдын 26-декабрындагы № 166-II буйругу менен бекитилген).
2. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү бюджет боюнча коомдук угууларды өткөрүү боюнча Методикалык колдонмо (КР Каржы министрлигинин 2018-жылдын 17-апрелиндеги № 44-Б буйругу менен бекитилген).

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тармагындагы**
**Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук**
**актыларынын жыйнагы**

Формат 60 × 84 1/8. Көлөмү 23,0 б. т.
Офсет кагазы. Офсеттик басуу.
Нускасы 700 даана.

«V.R.S. Company» ЖЧК басмаканасында басылды
Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Кулатов көчөсү, 8/1
E–mail: vrs-co@mail.ru